**2017-жылдын 1-январынан тартып 2017-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметаларынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2018-жылга аудитордук иш планы.

**Аудит объектилери:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Мамагенттик) жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү.

**Аудиттин максаты:** Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметаларынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына аудит жүргүзүү.

**Аудиттин мезгили:** 2017-жылдын 1-январынан тартып 2017-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата.

**Аудиттелген мезгилге карата каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- биринчи кол коюу укугу менен – Мамагенттиктин директору Рустамов А.А. бүтүндөй аудиттелген мезгилге карата;
- биринчи кол коюу укугу менен – Мамагенттиктин статс-катчысы Эркебаев А.Т. бүтүндөй аудиттелген мезгилге карата;
- экинчи кол коюу укугу менен – Мамагенттиктин финансы-экономикалык башкармалыгынын башчысы Чомоев Ж.Б. бүтүндөй аудиттелген мезгилге карата.

## Аудит объектиси жөнүндө кыскача мүнөздөмө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттик аткаруу бийлигинин курчап турган чөйрөнү коргоо, экологиялык коопсуздукту камсыздоо жана жаратылышты пайдалануу жагында саясатты жүргүзүүчү жана ишке ашыруучу мамлекеттик орган болуп саналат.

Мамагенттиктин максаты - Кыргыз Республикасынын уникалдуу экосистемасын сактап калууну камсыздоо, азыркы жана келечектеги муундар үчүн айлана-чөйрөнү коргоо.

Мамагенттиктин милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- айлана-чөйрөнү коргоо жана табигый ресурстарды пайдалануу, ошондой эле табигый компоненттерди жана ресурстарды, анын ичинде токой-аңчылык жайгаштырууну эсепке алуу, абалын баалоо чөйрөсүндө саясатты ишке ашыруу жана жөнгө салуу;

- пландалып жаткан башкаруучулук, чарбалык жана башка иштердин айлана-чөйрөгө мүмкүн болгон терс таасиринин кесепеттерин мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүү менен болтурбоо;

- айлана-чөйрөнү коргоо, экологиялык коопсуздук жана жаратылышты пайдалануу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын эл аралык кызматташуусун түзүү жана өнүктүрүү.

Мамагенттиктин тутумуна Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаменти, Токой экосистемаларын өнүктүрүү департаменти, Курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу борбору, 7 аймактык башкармалыктары (Чүй-Бишкек, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл, Нарын), Республикалык жана 4 жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонддору, “Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу” Мамлекеттик мекемеси, “Ысык-Көл” Биосфералык территориясы, Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругу, 21 мамлекеттик жаратылыш парктары жана коруктары, 42 токой чарбалары, 8 токойчулуктары, Токой коргоо станциясы кирет.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун аткарылышы боюнча**

2016-жылдын 1-январынан тартып 2016-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметаларынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2018-жылдын 4-декабрындагы № 01-23/200 жазма буйругундагы 25 пунктунун ичинен 19 пункт аткарылган, 6 пункт жарым-жартылай аткарылган.

**Жазма буйруктун төмөндөгү пункттары жарым-жартылай аткарылган:**

**2-пункт.** *Камсыздалсын:*

- *мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн жазма буйруктардын толук аткарылышы, алардын ичинен*:

***2014-жыл боюнча:***

- ***Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаментинде*** *2014-жылдын май айынан башкалар пайдаланган бөлмө үчүн төлөнгөн 27,4 миң сом ижара акысын күнөөлүүнүн эсебинен өндүрүү.*

**Аткарылган эмес.** Материалдар укук коргоо органдарына өткөрүлгөндүгү боюнча маалымат берилген.

- ***Балыкчы токой чарбасында*** *ижара акысын убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген* ***5347,8 миң сом*** *айып пул санкциясын өндүрүү.*

**Толук аткарылган эмес.** Ысык-Көл райондук сотунун чечимдеринин жана токой чарбанын жетекчисинин буйруктарынын негизинде 5009,0 миң сомдук келишимдер жокко чыгарылгандыгы боюнча маалымат берилген.

- ***Ысык-Көл токой чарбасында 467,2 миң сом** кем чыгуулар жана мамлекеттик токой фондусунун жерлеринин **2899,9 миң сомдук** өндүрүлбөгөн ижара акыларын өндүрүү.*

**Толук аткарылган эмес**. 467,2 миң сомдук кем чыгуулар өндүрүү үчүн жергиликтүү райондук жана областтык сотторго берилген, анын ичинен 357,5 миң сом өндүрүлүп, калган 109,7 миң сом соттун чечими менен жокко чыгарылган.

Мамлекеттик токой фондусунун (МТФ) жерлеринин өндүрүлбөгөн ижара акыларынан 1095,8 миң сом райондук сотко доо менен кайрылгандыгы, анын ичинен 576,0 миң сомду өндүрүүгө соттун чечими чыгып, калган 519,8 миң сом жокко чыгарылгандыгы, калган 1804,1 миң сомдук ижара акысын өндүрүү үчүн материалдар райондук сотко өткөрүлүп берилгендиги боюнча маалымат берилген.

***2015-жыл боюнча:***

- ***Фрунзе токой чарбасында 5689,6 миң сомдук** жер салыгы республикалык бюджетке чегерилиши:*

**Аткарылган эмес.** Токой чарба тарабынан жергиликтүү райондук Салык инспекциясына карызы бар ижарачылардын тизмеси жөнөтүлгөн. Фрунзе токой чарбасы тарабынан ижарачыларга чара көрүлүп, бир тараптуу буйрук аркылуу 96 ижарачынын 332,3 га жеринин 3987,7 миң сом жер салыгынан карызы бар келишимдери бузулуп иш жүрүүдө, деп маалымат берилген.

- ***Ысык-Көл токой чарбасында 2743,0 миң сомдук** өнбдүрүлбөгөн ижара акысын өндүрүү.*

**Толук аткарылган эмес.** 1269,6 миң сом ижара акысы (3 жыл мурунку) убакыт мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу сот караган эмес, сот аткаруучуларга 549,0 миң сом дебитордук карыз өндүрүүгө берилген, 546,8 миң сом соттун чечими менен келишим жокко чыгарылып, сот аткаруучуга өндүрүүгө берилген, 377,6 миң сом бүгүнкү күндө өндүрүүлүдө, деп маалымат берилген.

- ***Кара-Алма токой чарбасында** атайын каражат эсебинен максатсыз пайдаланылган **130,8 миң сом,** казыналык системадан сырткары чыгымдалган **94,5 миң сом** республикалык бюджетке которулушун, ошондой эле, ижарачылардан **512,2 миң сом** өндүрүлүүсү; ижара келишимдеринин соттун чечимдери жана токой чарбаларынын жетекчилеринин буйруктары менен жокко чыгарылышынын жана ижара акыларынын өнбөө себептерин талдап, тиешелүү чараларды көрүү.*

**Толук аткарылган эмес.** Атайын каражат эсебинен максатсыз пайдаланылган **130,8 миң сом** ордуна коюлгандыгы, казыналык системадан сырткары колдонулган **94,0 миң сом** 29.12.2017-жылы №34 төлөө тапшырмасы менен бюджетке которулгандыгы, ижарачылардан өндүрүлүүгө тийиш болгон **512,2 миң сом** ижара аксынан 500,0 миң сом өндүрүлүп, 12,2 миң сом өндүрүлбөй калгандыгы боюнча маалымат берилген.

**4-пункт.** *Республикалык жана жергиликтүү фонддорго келип түшүүчү киреше булактарынын, анын ичинен көчмө булактардан (автотранспорт жана башка күйүүчү май менен иштөөчү каражаттар) булгоочу заттарды абага*

*чыгаргандыгы үчүн төлөмдөрдүн, Кыргыз Республикасынын чек арасына чет өлкөлүк автотранспорттордун кирүүсүнөн айлана-чөйрөнүн булгануусу үчүн төлөнүүчү төлөмдөрдүн толук келип түшүүсүн камсыздоо үчүн администирлөөнүн натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна сунуштalсын.*

**Толук аткарылган эмес.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-январындагы № 19 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-октябрындагы № 702 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин экологиялык посттору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 3-пункту, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-декабрындагы № 675 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу тартиби жөнүндө убактылуу жобо” күчүн жоготкон, башкача айтканда чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөр алынбай калган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-октябрындагы № 702 токтому менен бекитилген **“**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин экологиялык посттору жөнүндө жобого” ылайык, Экологиялык посттор Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде ыйгарым укуктуу финансы-кредиттик мекеменин акы төлөө терминалдары аркылуу курчап турган чөйрөнү булгагандыгы үчүн акынын төлөнүшүнө контролду жүргүзүү боюнча негизги милдеттери күчүндө калтырылган.

**12-пункт.** *Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мамлекеттик мекемелерге жана башка уюмдарга жашылдандырууга токой чарбалары тарабынан берилген көчөттөр боюнча үч тараптуу түзүлгөн келишимдин шарттарын толук аткаруу, анын ичинен: көчөттөрдү макулдашылып бекитилген карта-схемалар боюнча отургузуу, Мамлекеттик монополияга каршы жөнгө салуу агенттигинин жергиликтүү органдары бекитип берген баадан ашырбоо, көчөт алуучулар тарабынан ченемдик өнүмдүүлүгүн камсыздоо, андан төмөн болгон учурда ордун толтуруу жана аларды бухгалтердик эсепке алуу камсыздалсын. Аудит учурунда аныкталган.*

**12.1-пунктчасы.** *Ченемдик өнүмдүүлүктү камсыздабагандыктан жоготууга учураган 2442,6 миң сомдук көчөттөрдүн ордун толтуруу боюнча натыйжалуу иш-чаралар жүргүзүлсүн.*

**Толук аткарылган эмес.** Өнбөй калган көчөттөр боюнча республиканын айыл аймактарына 101 кат жөнөтүлгөндүгү, бүгүнкү күндө 78 кепилдик кат келип түшкөндүгү, өнбөй калган көчөттөрдү 2018-жылдын күз айларында жана 2019-жылдын жаз айларында толуктоо боюнча маалымат берилген.

**15-пункт.** *Республикалык фонддун балансында 2016-жылдын 31-декабрындагы абалына карата түзүлгөн **39 962,8** миң сом дебитордук карыздарды, алардын ичинен 2000-2002-жылдары түзүлгөн 4922,8 миң сомду*

*өндүрүү же эсептен мыйзамда белгиленген тартипте чыгаруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.*

**Толук аткарылган эмес.** Республикалык фонддун Башкармалыгынын 2018-жылдын 16-мартындагы №2 чечиминин 57, 58, 59, 60, 61-пункттарынын негизинде 24762,6 миң сомдук дебитордук карыздар жоюлгандыгы, 8757,1 миң сомдун отчеттору кабыл алынып, дебитордук карыздан алынгандыгы, 4922,8 миң сомду эсептен чыгаруу боюнча мыйзамда белгиленген тартипте иш-чаралар көрүлүп, иш кагаздары чогултулуп жаткандыгы боюнча маалымат берилген.

**22-пункт.** *Агенттиктин Борбордук аппаратында сый акы жана материалдык жардам жана башка социалдык колдоо иштерине төлөмдөр бекитилген ченемдик актылардын негизинде жүргүзүлсүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы актыларында көрсөтүлгөн Агенттиктин балансында турган Фучик көчөсү, 72 дарегинде жайгашкан 296,3 миң сом суммадагы үйдүн укук белгилөөчү документтери такталсын жана ал боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.*

**Аткарылган эмес.**

**23-пункт.** *Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган жалпы каржы бузуулардан ордуна коюла элек 11822,35 миң сомду, бюджеттин жоготууларынан 54691,0 миң сомду, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардан 1976,8 миң сомду ордуна коюу үчүн тиешелүү чаралар тиркеме боюнча көрүлсүн.*

**Толук аткарылган эмес.** Аныкталган каржы бузуулардан 7838,9 миң сом, бюджеттин жоготууларынан 75,0 миң сом жана рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардан 623,1 миң сом, баардыгы болуп 8537,0 миң сом өндүрүлгөндүгү боюнча маалымат берилген.

## Ишмердүүлүгүндөгү негизги багыттардын аткарылышын талдоо

Кыргыз Республикасынын Токой кодексинин 29-беренесине ылайык, “Кыргыз Республикасында токойлор жаратылышты коргоочулар болуп саналып, кыртышты, сууну сактоочу, климатты жөнгө салуучу, санитардык гигиеналык, ден соолукту чыңдоочу, көмүртектин диоксидин сиңирип алуунун эсебинен климаттын глобалдык өзгөрүшүнүн жагымсыз кесепеттерин эскертүүчү жана башка милдеттерди аткарат жана мамлекет тарабынан корголот”.

Кыргызстандын токойлору жаратылышты коргоочу катары, Кыргыз Республикасынын аймагынын 5,61 % ээлейт (1116,56 миң га).

Токой экосистемаларын өнүктүрүү департаментинин карамагына тиешелүү мамлекеттик токой фондусунун жалпы аянты 2 млн. 620 миң га аянтты түзөт, же республиканын 13 %ын ээлейт, анын ичинен токой баскан аянты 768 миң га.

Токойду ыкчам башкаруу жагы 41 – токой чарбага, 8 – өз алдынча балanstагы токойчулуктарга жана 1 – токой мергенчилик чарбага жүктөлгөн. Токой чарбалардын милдети токойлорду сактоо жана калыбына келтирүү, алардын түшүмдүүлүгүн жана экологиялык ролун жогорулатуу жана токой ресурстарын рационалдуу жана туруктуу пайдалануу.

Токой фондунун эсебин алуу-токой фондун коргоону, сактоону, жаңыртып өстүрүү жана сарамжалдуу пайдаланууну уюштуруу, анын сандык жана сапаттык өзгөрүшүн такай көзөмөлдөө үчүн жана кызыкдар уюмдарды жана жарандарды токой фонду жөнүндө так маалыматтар менен камсыз кылуу үчүн ар беш жыл сайын жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Токой кодексинин 83-беренесине ылайык, Токой фондунун эсебин алуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартип жок болгондугуна байланыштуу 2013-жылга карата Токой фондунун эсебин алуу Мамагенттиктин 2013-жылдын 25-апрелиндеги № 01-9/101 буйругу менен бекитилген убактылуу нускаманын негизинде жүргүзүлгөн. “Токой фондун эсепке алуунун бирдиктүү тартиби” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 11-мартындагы № 111 токтому менен бекитилген.

2013-жылга карата Токой фондунун эсебин алууда 53 токой чарба жана өз алдынча токойчулуктар, 9 мамлекеттик корук, 10 мамлекеттик жаратылыш парктары, бардыгы болуп республиканын токой тармагынын 72 объектинин көрсөткүчтөрү камтылган.

2013-жылга карата Токой фондунун эсебин алуу “Мамлекеттик токой фондунун жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлеринин бөлүнүшү” Форма №1 жана “Токойдун аянттарынын жана жыгачтын запасынын басымдуулук кылган породалары жана жаш группалары боюнча бөлүнүшү” Форма №2 негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинде белгилегендей, “Токой аңчылык жайгаштыруу” Мамлекеттик мекемесинин 2013-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик токой фондунун, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жана алардан сырткары жайгашкан токойлордун жалпы аянты 3766058,8 га түзөт. Агенттиктин ыкчам башкаруусунда 2619675,5 га жерлер бар.

2013-жылдын 1-январына карата Токой фондунун эсебин алуунун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын токойлуулугу 5,7 %ды түзөт: Баткен областы – 9,8 %, Жалал-Абад областы - 12,0 %, Ысык-Көл областы – 3,3 %, Нарын областы – 3,0 %, Ош областы – 6,6 %, Талас областы – 4,6 %, Чүй областы – 2,3 %.

2013-жылдын 1-январына карата Токой фондунун эсебин алуунун жыйынтыгы боюнча мамлекеттик токой фондунун эсебине 105737 га жер кошулган.

## Жогору турган башкаруу органдары тарабынан жеткирилген токой экосистемаларын өнүктүрүү жана био артүрдүүлүктү сактоо боюнча бюджеттик программанын бюджеттик иш-чараларынын пландык тапшырмаларынын аткарылышы боюнча

Бюджеттик программанын алкагында Токой экосистемаларын өнүктүрүү программасы каралган. Программанын максаты токой экосистемаларын сактоо, токойду көбөйтүү жана рационалдуу пайдалануу болуп эсептелет.

2017-жылы бюджеттик программаны ишке ашыруунун натыйжалары төмөндөгүдөй:

- Мамлекеттик токой фондунун токойлорунун жалпы аянты - 2619675,5 га;
- Мамлекеттик токой фондунун токой баскан аянты - 767548,3 га;
- Токой бузуулардан жана өрттөн коргоого тийиш болгон мамлекеттик токой фондунун аянты - 2619675,5 га;
- Токой мыйзам бузуулардын саны – 798;
- Өрт кырсыгы каптаган токой аянттары - 91,3 га;
- Токой зыянкечтерине каршы аэрозолдук ыкма менен дарылануучу токой аянты – 6091 га;
- Токой ооруларына каршы күрөшүү боюнча пайдалуу энтомофаг өндүрүү - 800 га;
- Түзүлгөн токой өсүмдүктөрүнүн аянты – 1641 га;
- Токой өсүмдүктөрүнүн өнүмдүүлүгү (приживаемость) - 65,2 %;
- Мамлекеттик токой фондунун жерлеринде токой өсүмдүктөрүн жыл сайын отургузуу аянты – 1641 га;
- Өстүрүлгөн көчөт материалдарынын саны - 17,1 млн. даана;
- Тазалоо үчүн кыйылган токой аянты – 675 га;
- Тазалоо үчүн кыюу процессинде алынган жыгач – 2670 куб. м;
- Улуттук дүң продуктыда токой тармагынын үлүшү - 0,05 %;
- Токойдон киреше алган калктын саны – 1250 миң адам.

**Токой чарба, токой сактоо, токой өстүрүү жана гидромелиорациялык токой жерлерин кургатуу жумуштарын, өрткө каршы иш-чараларды аткаруу боюча талдоо жүргүзүү**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 18-январындагы № 01-9/15 буйругунун негизинде, токой чарбаларында өндүрүштүк милдеттенмелер берилген.

Өндүрүштүк милдеттенмелер "Токой аңчылык жайгаштыруу" Мамлекеттик мекемесинин 10 жылдык бекитип берген тапшырмасынын негизинде жүргүзүлүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Токой кодексинин 86-беренесинде Кыргыз Республикасынын токой күтүү жөнүндө жобосунда каралгандан башка учурларда, токой күтүүнү жүргүзбөй туруп, токой чарбачылыгын жана токойду пайдаланууну жүргүзүүгө тыюу салынат.

Департамент тарабынан берилген маалыматка ылайык, аудит мезгилинде, кээ бир токой чарбалар боюнча берилген план аткарылбай калган: Араван токойчулугу боюнча көчөт материалдарын өстүрүү план боюнча 200 миң даана болсо, аткарылганы 75,6 миң даана же 37,8 %; Жай-Терек токойчулугунда план 80 миң даана болсо, аткарылганы 69,72 миң даана же 87 %, Кара-Көл

токойчулугунда план 60 миң даана, аткарылганы 54,1 миң даана же 90 %; Тогуз-Торо токой чарбасында план 220 миң даана болсо, аткарылганы 53 миң даана же 24 %.

Үрөн даярдоо боюнча Жай-Терек токойчулугунда план боюнча 1000 кг, аткарылганы 312 кг же 31 %; Көк-Алма токойчулугунда план боюнча 1000 кг, аткарылганы 585 кг же 58,5 %.

2017-жылы токой чарбаларга жана жаратылыш парктарына 1100 га аянтка экме токойлорду отургузуу тапшырмасы берилген болсо 1668 га аянтка отургузулган (аткарылышы 151,7 %), анын ичинен: Талас аймактык башкармалыгында план боюнча 25 га, факты жүзүндө 51,7 га же пландын аткарылышы 206,7 %, Чүй аймактык башкармалыгында – 55 га, 55,1 га же 100,2 %, Нарын аймактык башкармалыгында - 90 га, 88,3 га же 98,1 %, Ысык-Көл аймактык башкармалыгында – 130 га, 282,7 га же 217,5 %, Ош аймактык башкармалыгында – 160 га, 230 га же 143,8 %, Баткен аймактык башкармалыгында – 110 га, 173 га же 157,3 %, Жалал-Абад аймактык башкармалыгында – 530 га, 787,5 га же 148,6 %.

Токой чарбалардын жана мамлекеттик жаратылыш парктардын көчөтканаларында бак-дарактардын жана бадалдардын көчөттөрүнүн 43 түрүнүн үрөнү 14,15 га жер аянтка себилген.

2017-жылы жалпысынан 17,61 млн. даана көчөттөр өстүрүлгөн, аткарылышы 117,4 %ды түзөт (берилген тапшырма 15 млн. даана), анын 12 млн. 131,1 миң даанасы 2-3 жылдык көчөттөр (себилме) жана 5 млн. 478 миң даанасы 4-5 жылдык көчөттөр (эгилме).

## “2025-жылга чейин Кыргыз Республикасында жаңгак-мөмө өсүмдүктөрүн өнүктүрүү боюнча программада” каралган 2017-жылга бекитилген иш-чаралардын аткарылышы

Жаңгак-мөмө токойлорун жакшыртуу, мол түшүм алууга багытталган жаңгак плантацияларын түзүү, жергиликтүү базардын керектөөсүн камсыз кылуу, жаңгактарды кайра иштетүү жана атаандаштыкка кудуреттүү, экологиялык таза продукцияны экспорттоо, азык-түлүк коопсуздугун чыңдоого көмөк берүү жана өлкөнүн калкынын турмуш деңгээлин жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 2-июнундагы № 293 токтому менен бекитилген, “2025-жылга чейин Кыргыз Республикасында жаңгак-мөмө өсүмдүктөрүн өнүктүрүү боюнча программада” 2017-жылга бекитилген иш-чаралардын планы Жалал-Абад, Ош жана Баткен аймактык башкармалыктарында аткарылууда.

Токой фондусунун жерлеринде токой чарбасын натыйжалуу жүргүзүү, токойлуу аймактарда жана токой четинде же ага жакын жерлерде жашаган калктын социалдык турмуш деңгээлин жогорулатуу жана калкты токойду пайдалануу, өстүрүү, сактоо, коргоо жана башкаруу иштерине тартуу максатында 2017-жылы 36,9 миң гектар жер аянты ижарага пайдаланууга берилген, ижара акысынан түшкөн каражаттын өлчөмү бардыгы 37700,0 миң сомду түздү, анын ичинен: Чүй областы боюнча 1,9 миң га жер аянты ижарага

берилген, ижара акысынан түшкөн каражат 2,5 миң сомду түздү, ошол сыяктуу эле Талас областы боюнча – 0,1 миң га, 414,2 миң сомду, Нарын областы боюнча – 0,2 миң га, 567,6 миң сомду, Ысык-Көл областы боюнча – 3,7 миң га, 5686,4 миң сомду, Ош областы боюнча – 4,6 миң га, 5865,7 миң сомду, Баткен областы боюнча – 0,6 миң га, 972,8 миң сомду, Жалал-Абад областы боюнча – 25,7 миң га, 21660,8 миң сомду түздү.

Токой фондусунун жайыт жерлери бардыгы 927,6 миң гектар аянтты түзөт, 2017-жылы 350 миң га жайыт пайдаланууга берилип, түшкөн каражаттын өлчөмү 16460,0 миң сомду түздү, анын ичинен: Чүй областы боюнча 2,5 миң га жайыт аянты пайдаланууга берилген, пайдалануудан түшкөн каражат 153,7 миң сомду түздү, ошол сыяктуу эле Талас областы боюнча – 13,8 миң га, 342,5 миң сомду, Нарын областы боюнча – 45,7 миң га, 1407,0 миң сомду, Ысык-Көл областы боюнча – 55,0 миң га, 3013,0 миң сомду, Ош областы боюнча – 88,5 миң га, 3214,0 миң сомду, Баткен областы боюнча – 46,7 миң га, 3018,0 миң сомду, Жалал-Абад областы боюнча – 98,6 миң га, 5315,0 миң сомду түздү.

## 2017-жылга токой мыйзамдарынын сакталышы

2017-жыл ичинде, Мамлекеттик токой коргоо кызматкерлери тарабынан түзүлгөн протоколдордун негизинде, **798 токой мыйзам бузуу** фактылары катталып, жалпы мамлекетке келтирилген зыяндын өлчөмү **5468,6 миң сомду** түздү, анын ичинен:

- мыйзамсыз кыюулар боюнча 596 фактысы катталып, келтирилген зыяндын өлчөмү 1929,5 миң сом, мыйзамсыз кыйылган бак-дарактардын саны 2209 даана жалпы көлөмү 579,7 $м^3$;
- өз алдынча мал жайуу боюнча 98 фактысы катталып, 1394 баш малга келтирилген зыян 583,5 миң сом;
- мыйзамсыз жер кыртышын бузуу боюнча 85 фактысы катталып, 780,8 чарчы метрге келтирилген зыян 2419,5 миң сомду түздү. Анын ичинен басымдуусу: Кочкор-Ата токой чарбасынан "Энергоресурс" ЖЧКсына, Ала-Бука токой чарбасынан "Алянс" ЖЧКсына ишканалары тарабынан жер кыртышы бузулган;
- мыйзамсыз өз алдынча курулуштарды салуу боюнча 2 фактысы катталып, келтирилген зыян 270,5 миң сом;
- токой фондусунун жеринен мыйзамсыз аңчылыктан 17 фактысы катталып, келтирилген зыян 265,6 миң сом.

Булардын ичинен укук коргоо органдарына 1367,5 миң сомдук зыян келтирилген 28 материал боюнча иш кагаздары жөнөтүлгөн.

Жалпы мамлекетке келтирилген зыяндын ичинен 2011,4 миң сом өндүрүлгөн. Республика боюнча өндүрүмдүүлүктүн көрсөткүчү 36,8 % түзөт.

Өткөн жылдардан бери каралбай жана өндүрүлбөй келе жаткан калдыктын жалпысы 66 материал, суммасы 7578,5 миң сом, анын ичинен: укук коргоо жана сот органдарында 44 иш, суммасы 7126,6 миң сом, Токой чарбаларында 22 иш, суммасы 451,9 миң сом.

## Токой зыянкечтерине каршы жүргүзүлгөн иш-чаралар

Жаңгак-мөмөлүү токойлордун абалын жакшыртуу, зыянкечтерге болгон туруктуулугун арттыруу жана түшүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында токой зыянкечтерине каршы биологиялык ыкманын негизинде, Вирин-ЭНШ препараты менен 4000 га токой аянты түгөйсүз жибек көпөлөгүнө (непарный шелкопряд) каршы дарыланган жана токой чарбалардын аймагынан түгөйсүз жибек көпөлөгүнүн жумурткасын терүүгө 3990 кг план тапшырма берилген, жалпысынан азыркы күнгө 3900 кг жумуртка терилип 98 %ды түздү, аэрозолдук ыкма менен дарылоого 5250 га токой аянтындагы жер берилген болсо азыркы күндө ашыгы менен 6091 га жердеги токой аянты Жылмакай таарыгыч куртуна, түгөйсүз жибек куртуна, тляга ж.б. зыянкечтерге каршы аэрозолдук ыкмада дарылоо жана биологиялык лепидоцид препараты менен жылмакай таарыгычка (слизистый пилильщик) каршы дарыланды.

Пайдалуу энтомофаг анастатус диспарис лабораториялык шартта көбөйтүлүп чыгарылып 800 га токой аянтындагы түгөйсүз жибек көпөлөгүнүн жумурткасына каршы берилген план боюнча Каба, Кара-Алма, Үрүмбаш жана Тоскоол-Ата токой чарбаларына таратылып чачылды.

## Мамлекеттик токой фондусунун жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жаратылыш ресурстарын сактоо жана рационалдуу пайдалануу жана ал жерлерде мыйзамсыз курулуштарды жана чарбалык иш-чараларды болтурбоо жана алдын алуу

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинде белгилүү болгондой, 2016-жылга чейин токой чарбалардын жана өз алдынча токойчулуктардын берген маалыматы боюнча мамлекеттик токой фондусунун аймагында мыйзамсыз салынган курулуштардын саны 690 деп белгиленген. Ошол эле учурда “Токой аңчылык жайгаштыруу” Мамлекеттик мекемесинин маалыматы боюнча мыйзамсыз салынган курулуштардын саны 3038ди түзөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратына 2018-жылдын 22-майындагы чыг. № 15-01-28/734 жана 27-сентябрындагы чыг. № 15-01-28/1389 каттарында, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинде жактырылган, Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 7-сентябрындагы № 01-9/201 буйругундагы системалык коррупцияны жоюу иш-чара планындагы 14-коррупциялык тобокелдикти аткарууда төмөнкүлөр аткарылган.

Жогорудагы буйрук боюнча Мамагенттиктин жетекчилигинин алдында аппараттык кенешмелерде берилген тапшырмаларды аткаруу максатында, курулуштарды изилдөө баракчаларын, бөлүндүлөрдөгү жер түрлөрүнүн салыштыруу тизмегин жана курулуштардын тизмегинин баракчаларын Мамагенттиктин 2017-жылдын 8-февралындагы № 01-9/24 буйругу бекитилген.

Курулуштарды изилдөө баракчаларын талаа жумушунда толтурууга токой чарба, өз алдынча токойчулук, мамлекеттик корук жана мамлекеттик парктарга жөнөтүлүп, кайрадан чогулутулуп алынган. Чогултулган изилдөө баракчалардын негизинде маалыматтык база иштелип чыгып, кайрадан маалыматтык базага ылайык курулуштарды изилдөө баракчасын жана баракчаны толтуруу үчүн нускама иштелип чыгарылган.

Иштелип чыккан маалыматтык базанын талабына ылайык аймактык башкармалыктардын токой чарбалардын, өз алдынча токойчулуктардын, мамлекеттик коруктардын жана парктардын адистерин окутуу үчүн Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шаарларында 2017-жылдын август, сентябрь айларында изилдөө баракчаларды толтуруу боюнча окутуу иш-чаралары өткөрүлгөн.

Толтуруп келинген изилдөө баракчалар "Токой аңчылык жайгаштыруу" Мамлекеттик мекемеси тарабынан текшерилип туура эмес толтурулган баракчалар кайрадан жөнөтүлүп, туура толтурулгандан кийин маалыматтык базага киргизилген.

Агенттиктин 2017-жылдын 19-декабрындагы № 01-9/279 буйругу менен ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлүп, Жобосу иштелип чыгып бекитилген.

2017-2018-жылдары 3 жолу ведомстволор аралык жумушчу тобу жыйналып мамлекеттик токой фондундагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын аймагындагы курулуштардын маалыматы чогултулгандыгы тууралуу жана мындан ары кандай жумуштар аткарыла тургандыгы боюнча жыйналыш өткөрүлгөн. Жыйналыштын жыйынтыгында Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментине Ош, Баткен областтарындагы Мамлекеттик токой фондундагы жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарына жеке менчикке ээ болгон мамлекеттик актылары алынгандыгы боюнча маалымат алууга кат жөнөтүлгөн.

Бүгүнкү күндө, 4 областта (Чүй, Нарын, Ош, Баткен) мамлекеттик токой фондунун жерлеринде мыйзамсыз курулуш иштери боюнча иш чаралары «Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу» Мамлекеттик мекемеси тарабынан жүргүзүлүп, жалпысынан 1581 даана курулуштардын саны аныкталып, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешине маалыматы жөнөтүлгөн.

Тактап айтканда, 2017-2018-жылдар аралыгында мамлекеттик токой фондусундагы жерлерге салынган мыйзамсыз курулуштарды кайрадан тактоо иштери жүргүзүлгөн жана бул маселенин келип чыгышын анализдеп, жооптуу жактардын жоопкерчилигин кароо боюнча алгылыктуу иш-чаралар жүргүзүлө электиги аныкталды.

## Мамагенттиктин Мамлекеттик экологиялык экспертиза жана жаратылышты пайдалануу башкармалыгы

Башкармалык тарабынан 2017-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 16-июнундагы № 54 "Экологиялык экспертиза жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы № 248 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында

мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун негизинде иш аткарылган.

Башкармалык жана аймактык башкармалыктар тарабынан 2017-жыл ичинде 1717 долбоордук жана ченемдик-техникалык документацияларына мамлекеттик экологиялык экспертиза уюштурулуп, белгиленген тартипте тиешелүү корутундулар берилди, алардын ичинен:

- Башкармалык тарабынан 400 экспертиза уюштурулуп, анын ичинен 30 долбоор Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо мыйзамдарына дал келбестигине байланыштуу кайра толуктоого жиберилген;

- Аймактык башкармалыктар тарабынан 1317 экспертиза уюштурулуп, анын ичинен 34 долбоор Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо мыйзамдарына дал келбестигине байланыштуу кайра толуктоого жиберилген.

**Жаратылышты рационалдуу пайдаланууну жана айлана-чөйрөнүн** сапатын жөнгө салуу максатында, Башкармалык жана аймактык башкармалыктар тарабынан баардыгы болуп 3637 төмөндөгүдөй уруксат кагаздары, лицензия, чечим жана эксперттик корутундулар берилген:

- атмосферага булгоочу заттарды чыгарууга - 792;
- саркынды суулар менен булгоочу заттарды төгүүгө - 254;
- таштандыларды жайгаштырууга - 546;
- өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объектилерин пайдаланууга - 29;
- СИТЕС конвенциясына кирген өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн объектилерин сыртка чыгарууга жана киргизүүгө – 457;
- өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объектилерин Ысык-Көл областынан сыртка чыгарууга – 105;
- товарларды импортко жана экспортко берүү эксперттик корутундулар – 51;
- озон катмарын бузуучу заттарды ташып келүүгө чечимдер – 1309;
- уулуу материалдардын жана заттардын, анын ичинде радиоактивдүү заттардын калдыктарын утилизациялоо, сактоо, көмүү, жок кылуу - 8;
- калдыктарды, дары-дармектердин жана медициналык жабдыктардын жарактуу мөөнөтү өтүп кеткен жана ГОСТко туура келбегендерди жок кылуу, көмүү, чогултуу жана кайра иштетүүгө корутундулар – 86.

Мындан тышкары, Мамлекеттик токой фондусунун жеринен сырткары жайгашкан бак-дарактарды кыюуга 1149 актылары макулдашылган.

Аймактык башкармалыктардын кызматкерлери тарабынан төмөнкү комиссияларынын иштерине катышып келген:

- 5879 жер тилкелерин берүү боюнча жеринде аныктоо жүргүзүүгө;
- 89 мөөнөтү өтүп кеткен азык-түлүк, дары-дармек жана башкаларды жок кылууга.

Мамагенттиктин Башкармалыгы тарабынан экологиялык экспертиза өткөрүүгө Мамагенттиктин 2016-жылдын 19-августундагы № 01-9/229 жана 2017-жылдын 26-октябрындагы № 01-9/242 буйруктары менен комиссиянын курамы 7 адамдан түзүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө “Экологиялык экспертиза жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренисине ылайык, ошондой эле Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы № 248 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 12-13-пункттары аткарылган эмес. Тагыраак айтканда, комиссиянын курамына штаттан тышкаркы эксперттер, коомчулуктун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү киргизилүүсү көрсөтүлгөнү менен комиссиянын курамына киргизилген эмес, ошондой эле анын аймактык органдары мамлекеттик экологиялык экспертизанын ар бир конкреттүү объектиси боюнча мамлекеттик экологиялык экспертизанын эксперттик комиссияларын түзүлүүсү көрсөтүлгөнү менен аткарылган эмес.

Ошондой эле, жогорудагы түзүлгөн комиссиянын курамындагы 7 мүчөнүн ордуна, негизинен комиссиянын 3 мүчөсүнүн катышуусунда Мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусу боюнча 97 % чечим кабыл алынган.

Башкармалык тарабынан уулуу материалдардын жана заттардын, анын ичинде радиоактивдүү заттардын калдыктарын утилизациялоо, сактоо, көмүү, жок кылуу боюнча 8 даана лицензиялык-уруксатты Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 19-октябрындагы № 195 "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесинин негизинде берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 9-мартындагы №101 токтому менен, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиктин жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн CITES конвенциясы колдонулбоочу объекттерин Кыргыз Республикасынын чегинен сыртка алып чыгууга, CITES конвенциясына кирген жаныбарлар жана өсүмдүктөр түрлөрүн, алардын бөлүктөрүн же дериваттарын Кыргыз Республикасына алып келүүгө, андан алып чыгууга уруксат берүү боюнча" Регламент бекитилген. Аудит мезгилине СИТЕС конвенциясына кирген өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн объектилерин сыртка чыгарууга жана киргизүүгө 457 уруксат берилген.

**Радиациялык жана химиялык коопсуздук боюнча иштерди** жүргүзүү боюнча, Кыргыз Республикасына ташып киргизилген радиоактивдүү автомобилдер жана жүктөр боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишине катышышкан. «Япониядан сатылып келген радиациялык фону жогору автотранспорт каражаттарын дезактивациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 21-ноябрындагы № 605 токтомуна ылайык, дезактивациялоого каражаттар бөлүнүп 178 автомашина дезактивацияланган, ал эми 22 автомашина аталган токтомдун 4-пунктуна ылайык Радиациялык калдык сактоочу жайдын аймагында турат.

Атомдук энергия боюнча эл аралык агенттик (МАГАТЭ) менен **техникалык кызматташуу** боюнча иштер жүргүзүлүүдө. 2017-жылдын январында министрликтер, ведомстволордун өкүлдөрү жана МАГАТЭ эксперттери менен Бишкек шаарында семинар өткөрүлгөн. Жолугушуунун жыйынтыгы боюнча Стратегиялык Мастер планга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-сентябрындагы № 406-б буйругу менен “Борбордук Азияда уран калдыктарынын аймактарында айлана-чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча стратегиялык мастер-план” бекитилди. 2017-жылдын сентябрында документке МАГАТЭнин 61-Генералдык конференциясында Борбордук Азия жана МАГАТЭ өкүлдөрү тарабынан кол коюлду.

**Эл аралык уюмдар тарабынан каржыланган министрликтин алдындагы өнүктүрүү долбоорлорунун ишмердүүлүгүнө, алынган кредиттик жана гранттык каражаттардын натыйжалуу, максаттуу пайдаланылышы боюнча**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги эл аралык уюмдар жана чет өлкөлөр менен кызматташуу жүргүзөт.

Негизги иш-аракеттер чет өлкөлөр жана эл аралык уюмдар менен кызматташууну түзүүгө, эл аралык жаратылышты коргоо конвенцияларынын милдеттенмелерин аткаруу жана республикадагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүү үчүн багытталган гранттык жана техникалык жардамдарды тартууга багытталган.

Дүйнөлүк Банк менен бирге жүргүзүлгөн ишмердүүлүктүн алкагында Глобалдык экологиялык фондунун токой экотутумдарын интеграциялуу башкаруу боюнча долбоору ишке ашырылып башталды (16,11 млн. АКШ доллары).

ПРООН менен биргеликте «Батыш Тянь-Шандын тоолуу экотутумунун, жер жана токой ресурстарын, глобалдык маанидеги биотүрдүүлүгүн сактоо жана жашоо тиричилик каражаттарын туруктуу колдоо» (4,2 млн. АКШ доллары) толук масштабдуу долбоорунун негизги иш чаралары боюнча сүйлөшүүлөр жана талкуулоолор өткөрүлгөн.

Финляндия айлана-чөйрө институту менен өткөрүлгөн сүйлөшүүлөр алкагында, Кыргыз Республикасынын потенциалын бекемдөө боюнча Соң-Көл көлүнүн экологиялык абалына баа берүү (400 миң. евро) боюнча биргелешкен долбоор ишке ашырылып башталды.

Долбоордун негизги максаты, суунун түпкү катмарларында, сууда, балыкта жана суу алдындагы фаунада, ошондой эле Соң-Көлдүн суусунун физикалык жана химиялык сыпаттарын изилдөөнү жүргүзүүдө СОЗ мониторинги боюнча Кыргыз Республикасынын потенциалын жогорулатуу болуп саналат. Ошондой эле Соң-Көл көлүнүн экологиялык абалы жөнүндө отчетту даярдоо пландалып жатат.

Жашыл климаттык фондунун (ЗКФ) каражаттарын тартуу боюнча ишмердүүлүгүнүн алкагында ПРООН, ФАО, ВВП менен иштелип чыккан жана Жашыл климаттык фондуна берилген долбоордук сунуштар боюнча, туруктуу негизде сүйлөшүүлөр жүргүзүлүүдө.

Анын алкагында ПРООНдун «Кыргыз Республикасындагы айыл жерлеринин кирешесинин аба ырайынын өзгөрүлүшүнө туруктуулугун ички

чарбадагы натыйжалуу суу колдонуусун масштабдаштыруу аркылуу жогорулатуу» (40 млн. АКШ доллардан ашык) долбоору, ВППнин «Кыргыз Республикасындагы азык-түлүк коопсуздугу төмөн аярлуу жамааттардын мүмкүнчүлүктөрүн климаттык тейлөө жана аба ырайына сезимтал жашоо каражаттарын диверсификация аркылуу кеңейтүү» (10 млн. АКШ доллары) долбоору жана ФАОнун «Климат жагынан оптимизацияланган жерди пайдалануу практикасына өтүү: жамааттардын жетекчилиги астында токойлорду жана жайыттарды ыңгайлуу башкаруу аркылуу кесепеттерди жумшартуу» долбоору (40 млн. АКШ доллары) ЗКФка каржылоо үчүн жиберилген.

Калдыктарды жөнгө салуу боюнча долбоордук сунуш даярдалып Азия өнүгүү банкына каралып чыгууга берилген.

ЮНЕП менен жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөр алкагында, калдыктарды жөнгө салуу боюнча Улуттук Стратегиясын биргеликте иштелип чыгуусу макулдашылды.

Эл аралык кызматташуу боюнча Япония Агенттиги менен жүргүзүлгөн кызматташуусу алкагында “Токой продукцияларынын негизинде айыл бизнесин өнүктүрүү” долбоору боюнча иш жүргүзүлүп жатат.

Корея тарабы менен кызматташууну улантуу максатында Мамагенттик тарабынан KOIKA кеңсесине корей технологиялары боюнча питомдук чарбачылыктарды кеңейтүү, жабык тамыр системасы менен көчөттөрдү өстүрүү жана күнөсканаларды орнотуу жөнүндөгү пост-долбоордук сунуш даярдалып жөнөтүлдү.

Ошондой эле KOIKA менен кызматташуу алкагында, тажрыйба алмашуу максатында, World Friends Korea-Advisor программасы аркылуу Мамагенттик тарабынан токой чарба тармагындагы корейлик эксперт эки жылдык мөөнөткө чакырылган.

Мамагенттик жана Россия Федерациясынын жаратылыш ресурстары министрлиги ортосундагы өз ара түшүнүшүү боюнча кол коюлган Меморандумуна ылайык, эки тараптуу кызматташуунун негизги багыттары боюнча талкуу жүргүзүү максатында эксперттердин жумушчу тобунун биринчи жолугушуусу өткөрүлдү.

Австриянын айлана чөйрө министрлиги менен жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөр алкагында эки тараптуу өз ара түшүнүшүү боюнча Меморандумуна кол коюлду. Анын алкагында айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы кызматташуусунун ишке ашырылышы пландаштырылып жатат.

Табиятты коргоо боюнча эл аралык союзунун Бүткүл дүйнө мурастары Программасы, ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар Комитети менен биргеликте Транс улуттук сериялуу «Батыш Тянь-Шань» номинациясын (Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан) ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастарынын тизмесине киргизүү боюнча регионалдык дэңгээлде иш улантылып жатат.

Ак илбирсти сактоо боюнча Глобалдык Катчылык менен биргеликте ак илбирсти жана анын экосистемасын сактоо боюнча Эл аралык форуму 2017-жылдын 25-26-август күндөрү Бишкек шаарында өткөрүлдү.

Эл аралык жаратылышты коргоо долбоорлорунун ишке ашырылуусунун мониторинги боюнча Координациялык-байкоочу кеңеш түзүлүп жана анын Жобосу бекитилип биринчи отуруму өткөрүлгөн.

Эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн кызматкерлери 13 эл аралык жаратылышты коргоо конвенцияларынын Секретариаты менен иш алып барышат жана аны координациялоону камсыз кылышат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги тарабынан 2017-жыл ичинде жогорудагы көрсөтүлгөн (ПРООН, ФАО, ВВП) Эл аралык уюмдар менен жүргүзүлгөн иштери жана финансылык каржылоолор боюнча маалыматтарды аудитке көрсөтө алган жок.

**Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы боюнча**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2017-жылга бюджеттик каражаттарды чыгымдоо үчүн каржылык иши жөнүндөгү (№2 форма) отчетуна негиз жыл башында 661498,7 миң сомго бекитилген жана 2017-жыл ичинде такталган бюджети 563835,6 миң сомду түзгөн, каржылоо 526376,9 миң сомду, кассалык чыгымдар 526376,9 миң сомду, фактылык чыгымдар 470973,5 миң сомду түзгөн.

2017-жылга экономикалык классификациянын беренелери боюнча төмөндөгүдөй аткарылган:

- “Эмгек акы” беренеси боюнча бекитилген план 305194,1 миң сомду, такталган план 311131,5 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 309070,6 миң сомду, ал эми фактылык чыгымдары 311235,0 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 2164,4 миң сомго көбөйгөн;

- “Социалдык фондго төгүмдөр” беренеси боюнча бекитилген план 52594,1 миң сомду, такталган план 53545,7 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 48729,8 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 48462,5 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 267,3 миң сомго аз;

- “Кызматтык иш-сапарларга чыгашалар” беренеси боюнча бекитилген план 18720,5 миң сомду, такталган план 23811,0 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 22178,0 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 22084,9 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 93,1 миң сомго аз;

- “Байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча бекитилген план 3050,0 миң сомду, такталган план 3563,7 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 2300,8 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 2104,9 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 195,9 миң сомго аз;

- “Ижара акы” беренеси боюнча бекитилген план 1900,0 миң сомду, такталган план 5300,5 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 4391,6 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 4416,5 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 24,9 миң сомго төлөө үчүн эсептер берилген убакта төлөбөгөндүгүнөн көбөйгөн;

- “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” беренеси боюнча бекитилген план 17650,0 миң сомду, такталган план 15027,8 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 12998,7 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 11267,5 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 1731,2 миң сомго аз;

- “Ар кандай товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” беренеси боюнча бекитилген план 185436,0 миң сомду, такталган план 95909,3 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 81196,3 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 59127,1 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 22069,2 миң сомго аз;

- “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренеси боюнча бекитилген план 3500,0 миң сомду, такталган план 2331,6 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 1200,4 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 1188,9 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 11,5 миң сомго аз;

- “Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу” беренеси боюнча бекитилген план 16000,0 миң сомду, такталган план 9550,6 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 8537,8 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 5939,4 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 2598,4 миң сомго аз;

- “Кийим мүлкүн жана башка формалык жана атайын формалык предметтерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо” беренеси боюнча такталган план, каржылоо жана кассалык чыгымдар 300,0 миң сомду түзгөн;

- “Көмүрдү сатып алуу жана отундун башка түрлөрүн алуу” беренеси боюнча такталган план 505,0 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 354,8 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 116,5 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 238,3 миң сомго аз;

- “Коммуналдык кызматтар” беренеси боюнча бекитилген план 2454,0 миң сомду, такталган план 4266,9 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 3085,9 миң сомду, ал эми факты чыгымдары 2864,1 миң сомду түзгөн же болбосо кассалык чыгымдардан 221,8 миң сомго аз;

- “Соттун чечимдерин аткаруу” беренеси боюнча такталган план 2151,0 миң сомду, каржылоо, кассалык жана факты чыгымдары 2127,2 миң сомду түзгөн;

- “Имараттар жана курулмалар” беренеси боюнча бекитилген план 16000,0 миң сомду, такталган план 3685,5 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 2088,2 миң сомду түзгөн;

- “Машиналар жана жабдуулар” беренеси боюнча бекитилген план 39000,0 миң сомду, такталган план 32755,5 миң сомду, каржылоо жана кассалык чыгымдар 27816,6 миң сомду түзгөн.

**Кирешелердин түзүлүшү жана атайын эсептеги каражаттардын пайдаланылышы боюнча**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин жана анын ведомстволук мекемелеринин 2017-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин кирешелеринин

түзүлүшүнө жана каражаттардын пайдаланышына атайын эсептин эсебинен каражаттарды чыгымдоо үчүн каржылык иши жөнүндөгү отчетуна негиз (№ 4 форма) жыл башына 52,8 млн сом калдык калган. 2017-жылга атайын каражаттардын сметасынын киреше жана чыгаша бөлүктөрү 100,0 млн. сомго бекитилген, толуктоолордон жана өзгөтүүлөрдөн кийин киреше бөлүгүнүн такталган планы 99,8 млн. сомду түздү. 2017-жыл ичинде атайын эеспке 472,3 млн. сом киреше түшкөн. Анын ичинен бюджетке чегерилген киреше 353,2 млн. сомду, башка которуулар 4,6 млн. сомду түздү.

2017-жылга атайын каражаттардын сметасынын чыгаша бөлүгүнүн такталган планы 152,7 млн. сомду түздү. Ал эми кассалык чыгымдар 125,9 млн. сомду түздү. 2017-жылдын аягына атайын каражаттардын калдыгы 41,4 млн. сом түздү.

## Жалпы Мамагенттик боюнча штаттык түзүмдөрдүн сакталышы жана соттун чечимдерин аткаруу боюнча төлөмдөр

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө жана 2017-жылдын 4-майындагы № 253 Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө токтомдоруна негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин жалпы чектелген саны 2493 бирдик санында, анын ичинен: мамлекеттик кызматчылар - 2065 бирдик, кенже тейлөөчү персонал - 428 бирдик. Аудит мезгилине 2346 бирдик санында бекитилип ишке ашырылган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын 2017-жылга республикалык бюджети жана 2018-2019-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесинин негизинде, Мамагенттиктин бекитилген бюджеттик сметасынын алкагында 28231100 “Соттун чечимдерин аткаруу” беренесине Борбордук аппараттын кайрылуу каттары боюнча 2151,7 миң сом бөлүнгөн:

- 06.03.2017 жыл №06-01-28/293 571,2 миң сом;
- 25.03.2017 жыл №06-01-28/396 148,0 миң сом;
- 04.04.2017 жыл №06-01-28/455 850,0 миң сом;
- 27.06.2017 жыл №06-01-28/936 31,2 миң сом;
- 29.08.2017 жыл №06-01-28/1385 22,2 миң сом;
- 20.09.2017 жыл №06-01-28/1520 500,0 миң сом;
- 18.10.2017 жыл №06-01-28/1664 29,1 миң сом.

Бул суммадан 2123,5 миң сом, “Жарандык жана муниципалдык кызматы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (36-беренесинин 2-3-пункттары) негизинде, Мамагенттиктин айрым ведомстволук

жетекчилигинин кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруудагы негизсиз аракеттеринин натыйжасында, үчүнчү жактарга келтирген зыяндын ордун толтурууга бюджеттен которулуп берилген.

Белгилей кетүүчү нерсе, ошол эле “Жарандык жана муниципалдык кызматы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (36-беренесинин 4-5-пункттары) негизинде, бюджетке келтирилген 2123,5 миң сом бюджеттик жоготуунун ордун толтуруу боюнча кемчилик кетирген жетекчилердин эсебинен өндүрүүгө кайтарма талаптары (регресс) коюлган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө, ченемдик-укуктук камсыздоо бөлүмү соттун чечимдери, кайсы ведомстволук мекемелердин эсебинен кимдерге (жеке атуулдар, чарбалык субъектилерге) төлөнгөн суммалар боюнча маалыматтарды аудитке көрсөтө алган жок. Жыйынтыгында, Мамагенттик тарабынан 2123,5 миң сом бюджеттик жоготууларга алып келген.

Башкы прокуратуранын 2017-жылдын 31-мартындагы № 11/2-10 жана 2017-жылдын 2-июнундагы № 11/2-10 каршы билдирүүлөрүн (протест Генпрокуратуры) аткаруу максатында, Мамагенттик 2017-жылдагы №№79-85, 58-162 жана 180 буйруктары менен 13 токой чарба, мамлекеттик корук жана мамлекеттик жаратылыш парктарынын жетекчилерин кызматтан бошоткон. Каршы пикирдин аткарылгандыгы жөнүндө Мамагенттик 2017-жылдын 31-мартында № 11/2-10 жана 2017-жылдын 8-июнунда № 02-01-28/1637 сандуу каттарын жөнөткөн.

Бирок, Башкы прокуратуранын Каршы пикири (протести) боюнча кызматтан алынганына карабастан, 1-2 ай өтпөй жатып кайра эле төмөнкү 5 жетекчи Мамагенттиктин директорунун буйруктары менен, мурда ээлеген кызматтарына дайындалышкан:

- 2017-жылдын 25-майындагы № 108-К буйругу менен У. Молдобеков Кан-Ачуу мамлекеттик жаратылыш паркынын директорлугуна 25-майдан баштап;
- 2017-жылдын 25-майындагы № 109-К буйругу менен М. Турдалиев Нарын мамлекеттик коругунун директорлугуна 25-майдан баштап;
- 2017-жылдын 27-июнундагы № 200-К буйругу менен Ж. Токтакунов Жети-Өгүз токой чарбасынын директорлугуна 27-июндан баштап;
- 2017-жылдын 29-июнундагы № 207-К буйругу менен К. Бекбоев Хан-Теңири мамлекеттик жаратылыш паркынын директорлугуна 29-июндан баштап;
- 2017-жылдын 14-июлундагы № 221-К буйругу менен М. Дүйшеев Кыргыз-Ата мамлекеттик жаратылыш паркынын директорлугуна 14-июлдан баштап.

**Токой фондусунун жер аянттарын ижарага пайдаланылышы**

“Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу” Мамлекеттик мекемесинин маалыматына ылайык, Агенттиктин ыкчам башкаруусундагы мамлекеттик токой фондусунун жалпы аянты 2619675 га түзөт.

Аудит мезгилинде республика боюнча кээ бир категориядагы токой фондусунун жерлеринин потенциалы (сугат жерлер, чөп чабык жерлер,

жайыттар, мөмө-жемиш бактары) толук пайдаланылбагандыгына байланыштуу 6147,1 га жерден шарттуу бюджеттик жоготуулар **5513,4 миң сомду** түзгөн.

Токой жерлери 979017,9 га:

- Токой баскан жерлер – 767548 га, анын ичинен ижарага пайдаланууга берилгени 28456,6 га (3,7 %);
- Токой баспаган жерлер – 211469,6 га, анын ичинен ижарага берилгени 2248,5 га (1,06 %);

Токой эмес жерлер 1640657,6 га:

- Сугат жерлер – 1898,1 га, анын ичинен ижарага берилгени 607,2 га (32,0 %). Ижарага берилбеген аянты 1290,9 га. 2017-жылы ижара акысына эсептелгени 1379,9 миң сом. 1 га аянтка ижара акысы орточо эсеп менен 2272 сомду түзүп, ижарага берилбеген аянт боюнча шарттуу бюджеттик жоготуулар орточо эсеп менен 2933,0 миң сомду түзгөн;
- Кайрак жерлер – 5922,3 га, анын ичинен ижарага берилгени 2138,5 га (36,1%);
- Чөп чабык жерлер – 7625,0 га, анын ичинен ижарага берилгени 3368,9 га (44,2%). Ижарага берилбеген аянты 4256,1 га. 2017-жылы ижара акысына эсептелгени 1134,7 миң сом. 1 га аянтка ижара акысы орточо эсеп менен 336 сомду түзүп, ижарага берилбеген аянт боюнча бюджеттик жоготуулар орточо эсеп менен 1430,0 миң сомду түзгөн;
- Мөмө жемиш бактары – 712,1 га, анын ичинен ижарага берилгени 112,0 га (15,7%). Ижарага берилбеген аянты 600,1 га. 2017-жылы ижара акысына эсептелгени 214,7 миң сом. 1 га аянтка ижара акысы орточо эсеп менен 1917 сомду түзүп, ижарага берилбеген аянт боюнча бюджеттик жоготуулар орточо эсеп менен 1150,4 миң сомду түзгөн;
- Курулуштар – 4991,2 га, анын ичинен ижарага берилгени 2,72 га (0,05 %);
- Саздак жерлер – 1266,3 га, анын ичинен ижарага берилгени жок;
- Жолдор – 1188,7 га;
- Суулар – 8364,7 га;
- Кумдак жерлер – 330,0 га;
- Мөңгүлөр жана кар баскан жерлер – 7340,0 га;
- Башка жерлер (таштак жана аска зоолор) – 673409,7 га.

### ***Токойлорду ижарага берүүнүн абалы боюнча***

Берилген маалыматтар боюнча Жалал-Абад аймактык башкармалыгында баардыгы болуп 430163,0 га жер аянты катталган. Башкача айтканда, Жалал-Абад аймактык башкармалыгы боюнча орточо эсеп менен алганда баары болуп ижарага берилбеген жерлерден (жайыт жерден сырткары) 16507,2 миң сом каражат токой чарбалардын атайын эсебине түшпөй, жоготууга учураган, анын ичинен: Кара-Алма токой чарбасында - 131,6 миң сом, Орток токой чарбасында - 3390,8 миң сом, Авлетим токой чарбасында - 948,6 миң сом, Аксы токой чарбасында - 522,5 миң сом, Аркыт токой чарбасында - 868,5 мин сом, Жалал-Абад аймактык башкармалыгы боюнча - 10476,5 миң сом жана Ачы токой чарбасында - 168,7 миң сом (2013-2016-жылдан калган ижара акысы өндүрүлүүгө жатат).

***Бал аарыларынын ижарага берилишинин абалын талдоо***

Департаменттин берген маалыматы боюнча республика боюнча 2017-жылдын 1-январына карата 7751,4 миң сомдук 8956 бал аарыларынын калдыгы катталган. Аудит мезгилинде чыгышталганы 40, кошулганы 4, 2017-жылдын 31-декабрына карата 7700,0 миң сомдук 8920 бал аарыларынын калдыгы калган.

Бал аарыларын ижарага берүүдө ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер талапка жооп бербегендиктен, жыл сайын ижара акылар төлөнбөй келет. 2017-жылдын жыйынтыгы менен токой чарбаларында ижарачылардын дебитордук карызы 4238,7 миң сомду, 47329 кг.ды түзөт: (Чүй токой чарбасында 390 кг – 58,5 миң сомду; Авлетим токой чарбасында 1622 кг – 162,1 миң сомду; Аркыт токой чарбасында 2242 кг – 224,2 миң сомду; Ала-Бука токой чарбасында – 567 кг – 48,1 миң сомду; Арсатнбап-Ата токой чарбасында 3706 кг – 370,4 миң сомду; Ачы токой чарбасында 154 кг – 17, миң сомду; Кызыл-Үңкүр токой чарбасында 11859 кг – 1304,5 миң сомду, Кара-Алма токой чарбасында 13596 кг – 826,5 миң сомду; Орток токой чарбасында 5110 кг – 378,4 миң сомду; Урумбаш токойчулугунда 2358 кг – 235,8 миң сомду; Чаткал токой чарбасында 100 кг – 10,0 миң сомду; Кара-Көл токойчулугунда 601 кг – 66,1 миң сомду; Токтогул токой чарбасында 1044 кг – 88,8 миң сомду; Токойду коргоо жана сактоо станциясында 257 кг – 38,6 миң сомду; Өзгөн токой чарбасында 24 кг – 2,4 миң сомду; Үч-Коргон токой чарбасында 885 кг – 123,7 миң сомду).

Аудит белгилей кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Агенттиктин 2012-жылдын жыйынтыгын текшерүү корутундусунда белгиленгендей, токой чарбаларында көмөкчү чарбалардын натыйжалуу иштеши, аарычылык чарбасында 110 %дык өсүштү камсыздоону, атайын каражаттын эсебинен чыгымсыз таза киреше алуу, рентабелдүүлүктү көтөрүү максатында, Агенттиктин коллегиясынын чечими менен, 2014-жылдын 30-июлунда кабыл алынган №108-К буйругу жана Токой экосистемалары жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары департаментинин 2014-жылдын 1-декабрындагы телефонограммасы аймактык башкармалыктарга жеткирилген.

Аталган документтерде чарбаларга:

- малды жана аарычылыкты ижарага берүү боюнча типтүү келишим;
- аарычылыкты кармоодо кирешелер жана чыгымдар, ижарачыларга бал тапшыруу боюнча берилген пландын 10 килограммдан аткарылышы, аары уюгунун өсүшүн 10 %дан кем эмес камсыздоо;
- мал жана аарычылык кармоодо кеткен чыгым, түшкөн таза киреше;
- аарычылык чарбасы боюнча дебитордук карыздарды жоюу маселелери камтылган.

Бирок, токой чарбалары бүгүнкү күнгө чейин Агенттиктин көрсөтмөсүн аткарбай келет. Ижарачылар менен келишим түзүүдө бал тапшыруу планы 6-7 килограммдан каралат, кабыл алуу баасы болсо ар-түрдүү 85 сомдон 110 сомго чейин. Бул параметрлер да толук аткарылбай, бал тапшыруу боюнча карыздар өсүп келет.

Бир да токой чарбада аары уюгунун 10%дан кем эмес өсүшүн камсыздоо аткарылган эмес. Ал эми бал аарыларын ижарага берүүдө ижарачылар менен

10 кг. ордуна 6-8 кг.дан келишим түзүлгөндүктөн, 2017-жылдын гана жыйынтыгы боюнча шарттуу түрдө эсептегенде республикалык бюджеттин орто эсеп менен шарттуу жоготуусу **2066,0 миң сомду** түздү:

- Кызыл-Үңкүр токой чарбасы боюнча - 959,2 миң сом;
- Ачы токой чарбасы боюнча - 272,8 миң сом;
- Арстанбап-Ата токой чарбасы боюнча - 248,0 миң сом;
- Ала-Бука токой чарбасы боюнча - 81,0 миң сом;
- Авлетим токойчулук чарбасы - 116,4 миң сом;
- Урумбаш токой чарбасы - 60,6 миң сом;
- Орток токой чарбасы - 257,0 миң сом;
- Кара-Алма токой чарбасы - 71,0 миң сом.

Бал челекти ижарага алган ижарачылар менен түзүлгөн келишимдин 4-пунктунда, ижарачы өзүнө берилген бал челектерден 10 %га өсүшүнө жана аары уюгунан (рой) бөлүп алуусу менен ишке ашырат деп ижарачыны милдеттендирген, бирок иш жүзүндө аткарылган эмес. Орток токой чарбасында **59,5** бал челекке, Авлетим токой чарбасында **39** бал челекке, Кара-Алма токой чарбасында **35,5** бал челекке өсүү болгон эмес.

## Токой чарбаларынын республикалык бюджет менен эсептешүүсүн талдоо

Жыйынтык теңдеминин Ф-4 «Атайын каражаттардын кирешелер жана чыгымдарынын сметасынын аткарылышынын отчету» боюнча, аудит мезгилинде токой чарбаларынын атайын эсебине 141,4 млн. сом келип түшкөн. Кирешенин түзүмү: Мамлекеттик токой фондусунун жерлерин ижарага берүүдөн - 36,0 млн. сом; мал жаюудан – 14,7 млн. сом; көчөт сатуудан – 35,4 млн. сом; өсүмдүктөргө келтирилген зыяндан – 2,3 млн. сом; лабораториянын кызматы – 0,6 млн. сом; Мамлекеттик токой фондуна кирген жана кирбеген токой участоктору, токой чарба өндүрүшүнүн зыяндарынын жана жоготууларынын ордун толтуруу – 29,9 млн. сом; көмөкчү чарбадан – 6,1 млн. сом; мамлекеттик токой фондунун жерлеринин объектилерине баруу – 0,6 млн. сом; Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунан каржылоо – 4,3 млн. сом; башка кирешелер – 2,0 млн. сом. Аудит мезгилде республикалык бюджетке чегерүү - 59,3 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 19-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 “Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө” токтомун бузуу менен, республиканын токой чарбалары тарабынан атайын каражаттардан **25842,3 миң сом** республикалык бюджетке өз убагында чегерилбей, чарбалык чыгымдарга жумшалып кеткендиги аныкталды, анын ичинен:

- Чүй аймактык башкармалыгы боюнча 427,9 миң сом *(Чүй-95,9 миң сом, Фрунзе-120,3 миң сом, Жайыл-27,2 миң сом, Ысык-Ата-184,5 миң сом);*

- Нарын аймактык башкармалыгы боюнча 1280,8 миң сом *(Ак-Талаа-143,4 миң сом, Ат-Башы-127,1 миң сом, Жумгал-1003,4 миң сом, Кочкор-6,9 миң сом);*

- Ысык-Көл аймактык башкармалыгы боюнча 3583,8 миң сом *(Балыкчы-1546,0 миң сом, Ысык-Көл-220,3 миң сом, Түп-127,4 миң сом, Каракол-829,8 миң сом, Тоң-541,5 миң сом, Жети-Өгүз токой чарбасы-297,8 миң сом, Каракол жаратылыш паркы-21,0 миң сом (21,0 миң сом өндүрүлдү);*

- Жалал-Абад аймактык башкармалыгы боюнча 12115,4 миң сом *(Авлетим-279,3 миң сом, Аксы-134,9 миң сом, Аркыт-395,8 миң сом, Алабука-983,5 миң сом, Арстанбап-Ата-380,0 миң сом, Ачы-114,3 миң сом, Каба-35,7 миң сом, Кызылүңкүр-707,2 миң сом, Көкалама-63,6 миң сом, Жайтерек-346,4 миң сом, Каралама-1026,8 миң сом, Орток-1695,0 миң сом, Урумбаш-531,7 миң сом, Чаткал-540,0 миң сом, Каракөл-270,9 миң сом, Тоскоол-Ата-2012,3 миң сом, Кочкората-2076,3 миң сом, Токтогул-94,6 миң сом, Тогузторо-353,3 миң сом, Станция-5,8 миң сом, Беш-Арал жаратылыш паркы- 32,0 миң сом, Сары-Челек жаратылыш паркы- 36,0 миң сом (36,0 миң сом өндүрүлдү);*

- Ош аймактык башкармалыгы боюнча 7076,8 миң сом *(Алай-156,6 миң сом, Алайкуу-49,5 миң сом, Кара-Кулжа-5,2 миң сом, Ош-134,1 миң сом, Өзгөн-1687,3 миң сом, Чоң-Алай-5044,1 миң сом);*

- Баткен аймактык башкармалыгы боюнча 1357,6 миң сом *(Арка-500,8 миң сом, Баткен-243,4 миң сом, Лейлек-349,9 миң сом, Үч-Коргон-263,5 миң сом)*.

Белгилеп кетүүчү нерсе, Мамагенттиктин Токой экосистемаларын өнүктүрүү департаментинин 2019-жылдын 12-мартындагы № 4-1-10/357 катынын негизинде, 25842,3 миң сомдук атайын каражаттардын республикалык бюджетке чегерилбей калган сумманын ичинен 25574,3 миң сому республикалык бюджетке которулуп берилген. Мындан тышкары, Каракол жаратылыш паркы боюнча 21,0 миң сом, Сары-Челек жаратылыш паркы боюнча 36,0 миң сом атайын каражаттары аудит мезгилинде республикалык бюджетке которулган. Которулбай калган калдыгы 211,0 миң сомду түзөт.

**Дебитордук карыздар боюнча**

Мамагенттиктин Токой экосистемаларын өнүктүрүү департаментинин 2017-жылдын жыйынтык теңдеми боюнча атайын каражаттардан 2017-жылдын 1-январына карата дебитордук карыздар 27102,0 миң сомду түзүп, 31-декабрына карата дебитордук карыздар 39173,1 миң сомду түзгөн, же токой чарбаларынын отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча дебитордук карыздары.

2017-жылдын 1-январына карата мамлекеттик токой фондусунун ижара акысы боюнча дебитордук карыздар 19527,5 миң сомду түзсө, 31-декабрына карата дебитордук карыздар 34698,6 миң сомду түзгөн, же токой чарбаларынын отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча дебитордук карыздары **15171,1 миң сомго** өсүүсүнө жол берилген.

Эң көп дебитордук карыздар: Жалал-Абад областы боюнча 17272,6 миң сом, же жалпы дебитордук карыздардын 49,7 %ын түзөт *(Чаткал токой чарбасында - 3312,1 миң сом, Кызыл-Үңкүр токой чарбасында - 2491,9 миң сом, Жайтерек токойчулугунда - 1414,6 миң сом, Кара-Алма токой чарбасында - 1402,4 миң сом, Тоскоол-Ата токой чарбасында - 1300,8 миң сом)*, Ысык-Көл областы боюнча 16630,5 миң сом, же жалпы дебитордук карыздардын 47,9 %ын түзөт *(Балыкчы токой чарбасында - 14028,0 миң сом, Ыссык-Көл токой*

*чарбасында - 2107,4 миң сом),* Чүй областы боюнча дебитордук карыздар 40,5 миң сом, же 0,1 %, Талас областы боюнча дебитордук карыздар 413,0 миң сом, же 1,2 %, Нарын областы боюнча дебитордук карыздар 41,0 миң сом, же 0,1 %, Баткен областы боюнча дебитордук карыздар 300,7 миң сом, же 0,9 %.

## Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду

Республикалык фонддун Башкармалыгынын 2017-жылдын 10-мартындагы № 1 чечиминин 1 жана 2-тиркемеси боюнча Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн, келип түшүүчү төлөмдөрдүн планы 55000,0 миң сомго, жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн төлөмдөр 5000,0 миң сомго, 7 аймактык башкармалыктарга чарба субъекттерден курчап турган чөйрөнү булгаганы үчүн, ченемдик төлөмдөрдүн планы 213600,0 миң сомго, андан тышкары “КОК” ЖАКына 21400,0 миң сомго, баардыгы болуп 295000,0 миң сомго чогултуу планы коюлган.

Жыл ичинде эсептелген ченемдик төлөмдөр 255756,8 миң сом болсо, анын ичинен өндүрүлгөнү 224599,8 миң сом болгон.

Агенттиктин маалыматы боюнча 2017-жылдын ичинде болгону 4785 субъект айлана-чөйрөнүн булгагандыгы үчүн, ченемдик төлөмдөрдү төлөп келүүдө.

Ошол эле учурда, 2014-жылдын 22-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба боюнча мамлекеттик агенттиги менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын ортосундагы түзүлгөн келишимдин негизинде, эки тарап бири-бирине маалымат жана бирдиктүү иш алып барууга кол коюшкан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын 2017-жылдын 1-январына карата берилген маалыматы боюнча Кыргыз Республикасында 535831 субъект бар.

Мамагенттиктин 2017-жылдын 30-январындагы №15-к буйругунун негизинде, “айлана-чөйрөнүн булгагандыгы үчүн ченемдик төлөмдөрдү алуу” функциясы Республикалык фондунун карамагынан Агенттиктин аймактык башкармалыктарына өткөрүлүп берилген.

2017-жылы 294 413, 8 миң сомго план жеткирилип аткарылганы 99,8 %ды түзгөн, анын ичинен, Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондуна 69 814,0 миң сом акча каражаты түшкөн, анын ичинен: Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөр - 68 170,900 миң сом, жаратылыш ресурстарын пайдалануу үчүн (өсүмдүктөр дүйнөсүнөн) - 1 643,0 миң сом акча каражаты түшкөн.

Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөсүнүн абалына тийүүчү техногендик жана башка терс таасирди төмөндөтүү максатында, “Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө”, “Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө” Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу тартиби аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-декабрындагы № 675 токтому менен бекитилген убактылуу Жобого ылайык, Кыргыз Республикасына кирген мотоциклден - 500 сом, жеңил машиналардан - 1000 сом, автобустар, жүк ташуучу жана отургучтуу сүйрөгүч машиналардан - 2500 сомдон төлөм алынышы каралган.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын берилген маалыматка ылайык, Тажикстан, Өзбекстан, Кытай өлкөлөрүнөн 20483 жеңил машина, 32181 жүк ташуучу машиналар чек арадан өткөн. Ушул машиналардан түшүүчү төлөмдөр болжолдуу **100935,5 миң сомду** түзмөк.

Ал эми 2017-жылы Тажикстан, Өзбекстан, Кытай мамлекеттеринен келип Кыргызстанга кирген автотранспорт каражаттарынан түшкөн төлөмдөрдүн жалпы суммасы **68 170,9 миң сомду** түзгөн.

Ортодогу 32764,6 миң сомдук түшпөй калган төлөмдөрдү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Бажы кызматы 2018-жылдын 28-февралындагы №25-04-11/1519 каты менен төмөндөгүдөй түшүндүрүшкөн: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-декабрындагы № 675 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 8-пунктуна ылайык, табигый кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин алдын алууга жана жоюуга арналган гуманитардык жардам, грант катары келүүчү товарларды; товарларды ташып келүүчү жүк ташуучу унаа каражаттары төлөмдөн бошотулган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министринин гуманитардык жардам боюнча сектор башчысы Э. Конурбаевдин ооз эки түшүндүрмөсүндө, Кыргыз Республикасынын аймагына келген гуманитардык жардамдардын жалпы саны гана белгиленип, кайсы чек арада кандай автотранспорт менен өткөнү эч жерде көрсөтүлбөгөнүн түшүндүрөт.

Демек, болжолдуу түшпөй калган каражаттын суммасы **32764,6 миң сомду** түзөт (100935,5-68 170,9).

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 8-июнундагы №347 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 19-ноябрындагы №556 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек-арасында эл аралык автомобилдик, аба жана темир жол катнашы үчүн арналган өткөрүү пункттарынын жана Кыргыз Республикасынын автомобиль жолдорундагы ички стационардык посттордун иштерин тартипке салуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоо

киргизүү тууралуу" токтомунун негизинде, кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасында: "Маданият-автожолу", "Кара-Суу - автожолу", "Баймак - автожолу", кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасында: "Кулунду-автожолу" өткөрүү пункттарында бажылык контролдоо жүргүзүлбөйт деп түшүндүрүшкөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-декабрындагы № 675 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 5-пунктунда Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттарынын кирүүсү үчүн төлөм, төлөм терминалдарынын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуучу шарттар болбогон учурда, *Кыргыз-Казак чек арасында* төлөмдү алуу - кириштөө кассалык ордерин пайдалануу менен, экологиялык посттордун кызматкерлери тарабынан ишке ашырылат деп көрсөтүлгөн.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-октябрындагы № 702 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттигинин экологиялык посттору жөнүндө" Жобонун 3-пунктусуна ылайык – Экологиялык посттор Токой агенттигинин Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунун жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү боюнча жергиликтүү фонддорунун түзүмдүк бөлүмдөрү болуп саналышат жана чет мамлекеттердин транспорт каражаттарынын Кыргыз Республикасынын аймагына киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү ыйгарым укуктуу финансы-кредиттик мекемелердин төлөм терминалдары аркылуу алууну камсыз кылуу милдеттендирилген.

Бирок кыргыз-казак чек арасында экологиялык постторду ачуу жана айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу уюштурулган эмес.

Кыргыз-казак мамлекеттик чек-арасында бажы постторун жойгондон кийин, айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын аймагына киргенде чет мамлекеттердин транспорт каражаттарынан 2015-жылдын август айынан тартып азыркы күнгө чейин төлөмдөрдү алуу жүргүзүлгөн эмес.

Жогоруда белгиленген келишимдин күчүнө киришине чейин, төлөмдөрдү алуу бажы органдары менен жүргүзүлгөн. «Айыл Банк» ААКсы менен бажы органдарынын ортосундагы мурдагы келишимдин негизинде белгиленген өткөрмө пункттарында айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу бажы терминалдары орнотулган. Азыркы учурда бажы посттору жок болгондуктан, белгиленген терминалдар иштебейт, экологиялык посттордун штаттык курамы менен байланышкан маселелер чечилбегендиктен, ишти баштоо мүмкүн эмес.

Фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын чет мамлекеттердин автотранспорт каражаттарынын, кыргыз-казак чек арасы аркылуу Кыргыз Республикасына кирген санынын маалыматынын негизинде талдоо жүргүзүлгөндө, 2017-жылы болжолдуу төлөмдөр **202 103,0 миң сомду** түзмөк.

Белгилеп кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-январындагы № 19 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-октябрындагы № 702 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин экологиялык посттору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомунун 3-пункту, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-декабрындагы № 675 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу тартиби жөнүндө убактылуу жобо" күчүн жоготту. Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-октябрындагы № 702 токтому менен бекитилген **"**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин экологиялык посттору жөнүндө жобого" ылайык Экологиялык посттор Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде ыйгарым укуктуу финансы-кредиттик мекеменин акы төлөө терминалдары аркылуу курчап турган чөйрөнү булгагандыгы үчүн акынын төлөнүшүнө контролду жүргүзүү боюнча негизги милдеттери күчүндө калтырылган.

Республикалык фонддун Башкармалыгынын отурумунда 298 жаратылышты коргоо иш-чараларын каржылоо долбоорлору каралып, анын ичинен 149 долбооруна оң чечим кабыл алынып, 117 долбоор каржыланган. Жаратылышты коргоо иш-чараларына **95 494,1 миң сом** бөлүнгөн.

2017-жылы 2016-жылга салыштырмалуу жаратылышты коргоо иш-чараларына 179 млн 811 миң сомго аз бөлүнгөн, же болбосо 65 %га азайган.

2017-жылы бюджетке түшкөн 294 413,8 миң сом жаратылышты пайдалануу үчүн акы төлөмдөрдүн ичинен 95 494,1 миң сом жаратылышты коргоо иш-чараларын каржылоого кеткен, ал эми жаратылышты коргоо иш-чаралары 198 919, 7 миң сомго каржылынбай калган, же болбосо, түшкөн төлөмдөрдүн 33 %ы гана жаратылышты коргоо иш-чараларын каржылоого кеткен.

***Республикалык жана жергиликтүү фонддор тарабынан 2017-жылдагы жаратылышты коргоо иш-чаралары үчүн бөлүнгөн каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышы боюнча***

Республикалык фонддун 2017-жылдын 31-декабрына дебитордук карыздын ичинде Панфилов районундагы Ортоев айыл өкмөтүнүн 200,0 миң сому көрсөтүлгөн.

Республикалык фонддун 2018-жылдын 10-октябрындагы № 02-2-44/8 буйругунун негизинде, башкы адис Н. Мамыралиева, жетектөөчү адис Т. Завазиев 2015-жылдын 14-апрелиндеги Республикалык фонддун Башкармалыгынын №5 чечими менен, Панфилов районундагы Ортоев айыл өкмөтүнө жашылдандыруу максатында 200,0 миң сом бөлүнгөн каражатты текшергенде, 200,0 миң сом жашылдандыруунун ордуна кичи футбол талаасынын курчалышына, 6 даана отургуч жана контейнер алууга

пайдаланылгандыгы аныкташкан. Демек, бөлүнгөн **200,0 миң сом максаттуу багытта** пайдаланылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2015-жылдын 24-июнундагы № 183-б буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттигинин ыкчам башкаруусуна 22 даана 20 тонналык, 26 даана 40 тонналык контейнерлер өткөрүлүп берилген.

Анын ичинен, 2016-жылдын 15-сентябрында №10 коштомо кагаздын негизинде Осмон у. Жоомарт аркылуу "Хан Теңири" мамлекеттик жаратылыш паркына 40 тонналык контейнерден 6 даана, 20 тонналык 1 даана, жалпы баасы 353,7 миң сомдук баардыгы болуп 7 даана контейнерлер берилген.

Республикалык фонддун 2019-жылдын 25-январындагы № 02-44/1 буйругунун негизинде, Республикалык фонддун аткаруучу директорунун орун басары К. Дабаев, "Хан-Теңири" мамлекеттик жаратылыш паркына берилген 7 даана контейнерлерди өз жеринде караганда, аталган контейнерлер "Хан-Теңири" мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына кардон-үй катары коюлууга тийиш болсо, алардын ичинен 4 даанасы Каракол шаарында ар кайсы жерлерде, 1 даанасы Жети-Өгүз айылындагы жаңы конушта, 1 даанасы Челпек айылында турганын, ал эми 1 даана контейнердин дайыны жоктугун белгилеген. Каракол шаарындагы Кыдыр аке көчөсүндө турган 1 даана контейнер вулканизация катары пайдаланууда.

2017-жылдын 27-декабрында "Хан-Теңири" мамлекеттик жаратылыш паркы борт жүк ташуучу автомашинасын сатып алуу боюнча конкурс жарыялап, анда "Компания Досой" ЖЧКсы жеңүүчү деп табылып, 740,0 миң сомго УАЗ-фермер автомашинасын саткан. Бирок, 2019-жылдын 29-январына чейин аталган машина мамлекеттик каттодон өткөн эмес.

Аталган кемчиликтер "Хан-Теңири" мамлекеттик жаратылыш паркынын директору К. Бекбоевдин, башкы бухгалтер Н. Шабдановдун өз милдеттерин так жана өз убагында аткарбагандыгынан улам келип чыккан.

***Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча***

2017-жылдын 1-январына атайын эсеп боюнча дебитордук карыздын суммасы 39963,2 миң сом болсо 2017-жылдын 31-декабрына 36963,7 миң сомду түзгөн.

Анын ичинде 2000-жылдан бери келе жаткан 4424,7 миң сомдук дебитордук карыз чет мамлекеттик аңчылар үчүн, аңчылыкты колдонуучулардан пайда болгон жапайы жаныбарлардын трофейлеринин төлөмү;

- 2002-жылы пайда болгон Эколог пансионатынын карызы - 497,1 миң сом;
- 2013-жылдагы Биосферанын 10% которуусунан пайда болгон – 1266,8 миң сом;
- 2014-жылдагы "Грин Зон" ЖЧКсы - 80,9 миң сом;
- 2015-жылдагы "Sguire Media Group» - 97,6 миң сом;
- 2015-жылдагы "Миллениум сервис" – 246,0 миң сом;
- 2015-жылдагы "Сварол Стелл" ЖЧКсы – 486,5 миң сом;

- 2016-жылдагы мамлекеттик агенттигинин курчап турган чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөдө мамлекеттик жөнгө салуу борбору (Центр) – 868,0 миң сом;

- 2015-жылдагы Ортоев айыл өкмөтү – 200,0 миң сом;

- 2016-жылдагы жергиликтүү фонддордун 25% карызы – 23495,8 миң сом;

- 2016-жылдагы пайда болгон дебитордук карыздар – 5228,8 миң сом.

- 2018-жылы отчет бергендигине байланыштуу, чарба субъектилеринин карызы 27679.8 миң сомго азайган.

Бюджеттик эсеп боюнча 2017-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз – 5927,9 миң сомду түзөт. Бул карыздар 2017-жылы пайда болгон жана 2018-жылдын 1-кварталында отчеттор берилип, дебитор 5925,1 миң сомго азайган.

2017-жылдын 1-январындагы жана 2017-жылдын 31-декабрындагы абалына карата кредитордук карызы жок.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токойчулугу мамлекеттик агенттигинин Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылыш коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду (ЖК жана ТТӨЧБТЖФ)

Кыргызстан Профсоюздарынын Федерациясынын «Ысык-Ата» санаториясынын тазалоочу жабдууларын реконструкциялоого Республикалык Фонддун башкармалыгынын 2017-жылдын 10-мартындагы №15 чечимине ылайык, 17536,5 миң сом бекитилген. Аудит мезгилинде реконструкциялоонун долбоордук-сметалык документтерин түзүүгө ЖК жана ТТӨЧБТЖФ тарабынан **892,7 миң сом** сарпталган. Азыркы аудит учуруна карата аталган долбоор боюнча, КР Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан сметасы өзгөргөндүгүнө байланыштуу, кийинки каржылануу жүргүзүлбөй, жумуштар аткарылбай, жыйынтыгында, Фонддун каражаттарынын натыйжалуусуз пайдаланышына алып келгендиги аныкталды.

Бюджет, Социалдык фонд жана отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн абалына жүргүзүлгөн аудитте, Бюджет жана Социалдык фонд менен туура жана өз учурунда эсептешүүлөргө тандалма аудит учурунда төмөнкүлөр аныкталды:

2017-жылдын 1-январына карата бюджетке төлөмдөр киреше салыгы боюнча өз ара эсептешүүнүн салыштыруу актысына ылайык, ашыкча төлөмдөрдүн көлөмү 67,3 миң сом. Жыл ичинде киреше салыгы боюнча 254,5 миң сом эсептелип, бюджетке 199,9 миң сом которулган, 2018-жылдын 1-январына карата киреше салыгы боюнча 12,7 миң сом Фонддун эсебине дебитордук карыз тактальп турат, бирок көрсөтүлгөн сумма балансга дебитордук карыз болуп көрсөтүлгөн эмес.

Негизги каражаттар жана башка материалдык баалуулуктардын эсебин жүргүзүү боюнча аудит, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык

отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, чарбалык материалдардан жана кеңсе буюмдардын **96,2 миң сомдук** ченемден ашыкча запастары аныкталды.

Аудит мезгилинде "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 1-пунктунун талаптары сакталбастан, сатып алууларды ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликти өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине (сатып алуулар бөлүмү) жүктөгөн эмес.

Сатып алууларды жүргүзүүдө «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 4-пунктунун талаптары сакталбастан, сатып алынуучу товарларга, жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө карата пландоо этабында, сатып алуулар планын түзүүдө жана келишимди тикелей түзүү усулу боюнча сатып алууда бааларга мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Кара-Суу мэриясына трактор сатып алуу боюнча порталга 2017-жылдын 22-сентябрында жарыя берилген. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, конкурстук комиссия 2017-жылдын 21-сентябрындагы №04-24/54 буйругунун негизинде түзүлгөн. Сатып алууга пландаштырган сумма 2000,0 миң сомду түзүп, конкурска катышууга 3 талапкер тарабынан сунуштама берилген. Конкурстун жыйынтыгы боюнча эң төмөн бааны сунуштаган "АльянсСпецТехника" ЖЧКсынын (1860,0 миң сом) конкурстук табыштамада көрсөтүлгөн "кепилдик камсыз кылуунун суммасы" депозиттик эсепке түшпөгөндүгүнө байланыштуу, 1990,0 миң сомго сунуштама берген «Автомаш-Радиатор» ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган жана 2017-жылдын 16-октябрында №17092271445741 келишими түзүлгөн. Аталган "Беларус-82.1" трактору 2017-жылдын 4-октябрында №302 коштомо кагазы боюнча келип түшкөн. Конкурстун жыйынтыгында 10,0 миң сомго үнөмдөө болгон. Сатып алуучу тарабынан "АльянсСпецТехника" ЖЧКсынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 3-пунктунун 2-бөлүмүнүн талаптары сакталган эмес, же подрядчы өзүнүн конкурстук табыштамасына карата жалган маалыматтарды бергендиги боюнча, ишенимсиз жана ак ниет эмес берүүчүлөрдүн мамлекеттик сатып алууларга катышуудан четтетүүнүн жана маалыматтар базасына киргизүү боюнча иш аракеттер көрүлгөн эмес.

Ушундай эле жол менен Фонддун 2017-жылдын 11-сентябрындагы №04-24/47 буйругу менен өткөрүлгөн конкурстагы жеңүүчү деп табылган "Нур-Ата Трейд" ЖЧКсынын келишимден баш тарткан өтүнүч каты боюнча, сатып алуучу тарабынан "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталган эмес, же подрядчы өзүнүн конкурстук табыштамасына карата жалган маалыматтарды бергендиги боюнча, ишенимсиз жана ак ниет эмес берүүчүлөрдүн мамлекеттик сатып алууларга катышуудан четтетүүнүн жана маалыматтар базасына киргизүү боюнча иш-аракеттер көрүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш Башкармасынын алдындагы №1 Мамлекеттик резиденциясына жашылдандырууга берилген (3296,6 миң сом) көчөттөр боюнча мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Аудит мезгилинде жаратылышты коргоо иш-чараларына 52672,0 миң сом чыгымдалган, анын ичинен, айлананы жашылдандыруу максатында түзүлгөн үч тараптуу (ЖК жана ТТӨЧБТЖФ, айыл аймактар жана токой чарбалары) келишимдердин негизинде, ЖК жана ТТӨЧБТЖФ тарабынан 8804,4 миң сомго каржылануу болгон. Келишимдин 4.1.5-пунктуна ылайык, берилген көчөттөрдүн өнүмдүүлүгүнүн 80%ы камсыз кылынбаса, айыл аймактар ЖК жана ТТӨЧБТЖФнын эсебине көчөттөрдүн баасындагы сумманы калыбына келтирет, деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токойчулугу мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 28-майындагы №01-9/153 буйругунун негизинде, ЖК жана ТТӨЧБТЖФнын адистери тарабынан Чүй-Бишкек аймактык башкармалыгынын адистери менен биргеликте 77 объект боюнча акт түзүлгөн. ЖК жана ТТӨЧБТЖФнын 2018-жылдын 5-сентябрындагы чыг.№04-02/120 катынын негизинде, штаттык бирдиктердин жетишпегендигине байланыштуу, дагы 130 объектинин мониторинги боюнча кошумча убакыт суранып кайрылган. Берилген маалыматка караганда, азыркы убакта аткарылган жумуштар боюнча отчеттор даярдалып жатат.

***Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча***

Баланстын №6 тиркемесине ылайык, 2018-жылдын 1-январына карата Фондун бюджеттик жана атайын каражаттарынан аласа суммасы 38262,8 миң сом, анын ичинен:

- Жайыл токой чарбасы – 490,0 миң сом, бул каражат Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунун Башкармалыгынын 2011-жылдын 25-ноябрындагы №4 чечимине ылайык, Жайыл токой чарбасына кордондорду курууга 490,0 миң сом акча каражаты 2011-жылдын 20-декабрындагы №37 төлөм кагазынын негизинде которулган. Бирок которулган каражат максатсыз пайдаланылганына же болбосо кордондун ордуна Кара-Балта шаарынан бир бөлмөлүү батир сатып алынгандыгына байланыштуу (Жайыл токой чарбасынын №93 30.10.2015-ж. каты) Агенттиктин 2018-жылдын 6-февралындагы №01-9/29 (ч) буйругунун негизинде, Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармактарын өнүктүрүү фондуна максатсыз пайдаланылган 490,0 миң сом кайтарылып берилсин деген чечимине карабастан, бүгүнкү күнгө чейин Агенттиктин буйругу аткарылбай келүүдө;

- “Энеркомп” ЖЧКсы – 5095,0 миң сом, бул көрсөтүлгөн каражат төмөнкүдөй түшүндүрүлөт: “Калктуу конуштардагы таштандыларды өз убагында тазалоо” долбоору боюнча каржылоо иштери мамлекеттик агенттиктин 2016-жылдын 19-апрелиндеги №01-9/90 буйругунун жана Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунун Башкармалыгынын 2016-жылдын 12-апрелиндеги №4 чечимине

ылайык, ошондой эле 2016-жылдын 29-декабрында өткөрүлгөн тендердин негизинде, 5 даана таштандыларды тазалоо үчүн атайын техникаларды сатып алуу үчүн 2016-жылдын 29-декабрында Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондусу менен “Энеркомп” ЖЧКнун ортосунда 9650,0 миң сомго №16120730721357 келишим түзүлгөн. Түзүлгөн келишимдин негизинде, Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонддусу тарабынан баары болуп 8955,0 миң сом “Энеркомп” ЖЧКнын эсебине төлөө тапшырмасынын негизинде, алдын ала төлөө иретинде которулуп берилген.

Белгилей кете турган нерсе, түзүлгөн келишимде атайын техникаларды алып келип тапшыруу мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес же болбосо келишим “Энеркомп” ЖЧКнын эсебине көбүрөөк түзүлгөнү, ошондой эле бюджеттик каражат жеке менчик ишканасынын жүгүртүүсүндө бүгүнкү күнгө чейин негизсиз жүргөндүгү байкалып турат.

“Энеркомп” ЖЧКсы 2017-2018-жыл ичинде 5790,0 миң сомдук 3 даана атайын техниканы алып келип, коштомо кагаздын жана кабыл алуу-тапшыруу актысынын негизинде өткөрүп берген.

2018-жылдын 20-декабрына карата “Энеркомп” ЖЧКсы Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондусуна 2 даана 3860,0 миң сомдук атайын техниканы бере элек, же болбосо түзүлгөн келишим бүгүнкү күнгө чейин аткарылган жок. “Энеркомп” ЖЧКсы боюнча материал укук коргоо органдарынын кароосуна өткөрүлүп берилген.

- “Бишкекасфальтсервис” Муниципалдык ишканасы – 7115,2 миң сом, көрсөтүлгөн каражат Бишкек шаарындагы сугат каналдарын кайрадан калыбына келтирүү долбooруна 2015-2016-жыл ичинде 60000,0 миң сомго каржыланган, 2017-жылдын 1-январына карата Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондусунун эсебинде дебитордук карыз 36790,4 миң сом болгон, 2017-жыл ичинде 29675,2 миң сомго аткарылган иштер боюнча актысы берилип, 2018-жылдын 1-январына карата 7115,2 миң сом дебитордук карыз калган, 2018-жылдын март, май айларына 1636,2 миң сомго аткарылган иштер боюнча актысы берилген, калган 5479,0 миң сомдук дебитордук карыз боюнча бүгүнкү күнгө чейин эч кандай отчет берилген эмес.

2017-жылы Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду тарабынан “Бишкек шаарынын ирригациялык лотокторун, арык тармактарын жана суу берүүчү каналдарын реконструкциялоо” боюнча “Бишкекасфальтсервис” Муниципалдык ишканасы менен 21.07.2015-жылы түзүлгөн №01-09/188 келишимге ылайык, 60 000,0 миң сомго толук каржыланган.

Келишимдин 3 жана 4-пункттарында каржылоо жана отчет жүргүзүү тартиби каралган. “Бишкекасфальтсервис” Муниципалдык ишканасы ар айдын 15-числосунда аткарылган жумуштардын актыларын тапшырылуусу келишимдин 3.3-пунктчасында каралгандыгына карабастан, өз убагында отчетторун тапшырышкан эмес. Ошол эле мезгилде Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду тарабынан келишимдин 4.2-пунктчасында көрсөтүлгөндөй, эгерде келишимдин

ушул шарттары бузулса, бир тараптуу келишимди жокко чыгаруу жана бөлүнгөн акча каражатын кайтарып алуу укугун пайдаланган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө “Бишкекасфальтсервис” Муниципалдык ишканасынын тиешелүү адистери менен биргеликте, реконструкция жасалган объектилерде өлчөп тактоо жумуштарын жүргүзүүдө төмөнкүлөр аныкталды:

- Ч. Айтматов проспектисинин Ахунбаева көчөсүнөн Рысмендиева көчөсүнө чейинки аралыктагы реконструкция жасоо объектисиндеги кээ бир участкаларында орнотулган Л-3-2 суу лотокторунун бетон катмарлары бузулган (аба ырайынын ылайыктуу мезгилине жараша бузула баштаган суу лотокторун алмаштыруу сунуш кылынды);
- аткарылган жумуштардын актыларында негизсиз жогорулатылган көлөмү, жогорулатылган баа бирдигин колдонгондон жана пайдаланылбаган механизм, ресурстардын эсебинен келип чыккан жумуштардын жогорулатылган баасы 121,1 миң сомду түзгөн.

Аудит мезгилинде жумуштардын жогорулатылган көлөмү боюнча 121,1 миң сомго Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондусу менен салыштыруу актысы түзүлүп, “Бишкекасфальтсервис” Муниципалдык ишканасынын аткарылган жумуштар актысынан алынып салынды.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду тарабынан 2017-жылдын 1-январынан тартып 2017-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында “Бишкекасфальтсервис” Муниципалдык ишканасына бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланышына жана аткарылган жумуштардын көлөмүнүн тууралыгына чыгымдалган каражаттарга аудит жүргүзүүнү жыйынтыктап төмөнкүлөр белгиленет:

- “Бишкекасфальтсервис” Муниципалдык ишканасы ар айдын 15-числосунда аткарылган жумуштардын актыларын тапшырылуусу келишимдин 3.3-пунктчасында каралгандыгына карабастан, өз убагында отчетторун тапшырышкан эмес;
- Чүй- Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду тарабынан келишимдин 4.2-пунктчасында көрсөтүлгөндөй, эгерде келишимдин ушул шарттары бузулса, бир тараптуу келишимди жокко чыгаруу жана бөлүнгөн акча каражатын кайтарып алуу укугун пайдаланган эмес;
- Реконструкция жүргүзүү боюнча керектүү материалдарды (“ЛР-60” жана “Л-3-2” арык лотокторун) сатып алуу боюнча конкурстук талаптарда жана келишимдерде коюлуучу материалдарга кепилдик мөөнөттөрү каралган эмес;
- Жумуштарды жүргүзүү боюнча журналдар түзүлгөн эмес;
- Билинбеген иштердин актыларын аудит мезгилинде көрсөтө алышкан жок.

## Ош-Баткен жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду боюнча

Фонд тарабынан мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыздарды өндүрүү жана кредитордук карыздарды жоюу боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн эмес. Ошол себептен, 2005-жылдын бери 742,8 миң сомдук дебитордук карыз өндүрүлбөй, ал эми 1052,5 миң сомдук кредитордук карыз жоюлбай келет.

## Жалал-Абад жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунун аудити

Жалал-Абад токой коргоо жана сактоо станциясынын материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн бир долбоорду каржылоо иштери мамлекеттик агенттиктин 201-жылдын 14-сентябрындагы №01-9/207 буйругунун жана республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондусунун Башкармалыгынын 12.09.2017-жылдагы №3 чечиминин негизинде каржыланган. Ушул долбоорду ишке ашыруу үчүн, Жалал-Абад жергиликтүү фондунун 11.03.2017-жылдагы № 69 төлөө тапшырмасынын негизинде, Жалал-Абад токой коргоо жана сактоо станциясынын алыш-бериш эсебине 530,1 миң сом которулуп берилген, бирок которулган сумма бүгүнкү күнгө чейин иштетилбей дебитордук карыз бойдон сакталып келүүдө жана аткарылган иштер боюнча эч кандай маалымат токой коргоо жана сактоо станциясы тарабынан берилген эмес, ошондой эле жергиликтүү Фонд тараптан мониторинг жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды.

Аудит мезгил аралыгында Жалал-Абад токой коргоо жана сактоо станциясынын 2018-жылдын 15-октябрындагы № 01-03/189 берген маалыматы боюнча, каржыланган акча каражаты жалпысынан 471,0 миң сом, төмөнкү иштерге жушалгандыгы аныкталды, анын ичинен: 32,5 миң сомдук 780 литр АИ-92 маркасындагы бензин; 208,0 миң сомдук 5200 литр дизелдик күйүүчү май; 43,3 миң сомдук унаа тетиктери; 187,2 миң сомдук биопрепарат (липидоцид) сатып алынган. Жыйынтыгында **59,1 миң сом** үнөмдөлгөндүгү аныкталды, үнөмдөлгөн акча каражаты Жалал-Абад жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондусуна кайтарылышы керек.

## Ысык-Көл-Нарын жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду боюнча

Мамагенттиктин 2017-жылдын 30-январындагы №15-к буйругу менен, жаратылышты коргоо иш чараларын иш жүзүнө ашыруу милдети, анын ичинен, айлана чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү аныктоо, төлөмдөрдү төлөөчү субъектилердин эсебин алуу, төлөмдөрдүн эсептелиши жана өндүрүлүшү боюнча функциялары Мамагенттиктин аймактык башкармалыктарына өткөрүлүп берилген.

Бирок, бул буйрукту аткарууда Ысык-Көл-Нарын жергиликтүү фонду менен Мамагенттиктин Ысык-Көл аймактык башкармалыгынын ортосунда 2017-жылдын башында төлөмдөрдү төлөөчү субъектилердин тизмеси,

төлөмдөрдүн эсептелиши жана дебитордук/кредитордук карыздары боюнча бухгалтердик жана башка иш кагаздары боюнча өткөрүп берүү-кабыл алуу актылары түзүлгөн эмес. Ысык-Көл областынын аймагындагы чарбалык субъектилерди жана жеке ишкерлерди инвентаризациялоо жүргүзүлгөн эмес.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаменти

Жаратылыш ресурстарын сактоонун негизги маселелери болуп, аларды сактоо иш-чаралары жана жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузууга бөгөт коюу болуп эсептелинет.

2017-жылдын 1-январына карата аңчылык эрежелерин бузуу боюнча түзүлгөн протоколдордун аткарылбай калган саны 69 - айып суммасы 110,4 миң сом, келтирилген доонун саны 54 - суммасы 1668,1 миң сом болгон, өндүрүлбөй калган сумма баары болуп 1778,5 миң сомду түзгөн. Аудит ичинде прокуратура тарабынан 5 иш, айып суммасы 13,5 миң сом, келтирилген доо 3, иш суммасы 63,9 миң сом өндүрүлгөн жана аймактык кызматкерлер тарабынан 15 иш айып суммасы 7,9 миң сом, келтирилген доо 16 иш суммасы 98,9 миң сом өндүрүлгөн. 2018-жылдын 1-январына карата өткөн жылдан калдык айып 49 иш суммасы 90,6 миң сом, келтирилген доо 35 иш суммасы 1505,32 миң сом өндүрүлбөй келүүдө.

2017-жылдын 12 ай ичинде Департаменттин аймактык кызматкерлери тарабынан аңчылык эрежелерин бузуу боюнча 381 фактысы аныкталып, 3 245,65 миң сомго браконьерлер тарабынан жаратылышка зыян келтирилген. Анын ичинен жаныбарларга зыян келтирүү 239 иш боюнча 2 323,2 миң сомго, өсүмдүктөргө 110 иш боюнча 770,3 мин сомго жана башка мыйзам бузуулар боюнча 152,1 миң сом өлчөмүндө 32 ишке протоколдор түзүлгөн. 337 иш өндүрүлгөн суммасы 2 749,1 миң сом (84,7 %).

Коргоо мыйзамдарын бузулган фактылар боюнча браконьерлерге 505,2 миң сомго айып салынып, анын ичинен, 433,6 миң сом өндүрүлгөн, доо акылары боюнча 2 740,3 миң сом коюлуп, анын ичинен 2 315,5 миң сом өндүрүлгөн. Жылдан-жылга түзүлгөн протоколдордун аткарылбай калган саны, келтирилген доонун суммасы өз учурунда бюджетке өндүрүлбөгөндүгү байкалууда, башкача айтканда, 2016-жылдан 72 иш суммасы 1778,5 миң сом, 2017-жылдан 44 иш суммасы 496,5 миң сом, баары болуп 116 иш аткарылбай 2275,0 миң сом бюджетке өндүрүлбөй келүүдө.

### *Биотехникалык иштерди пландаштыруу, уюштуруу жана жүргүзүү боюнча*

2018-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын аймагында турган аңчылык пайдалануучулардын саны 48ди түзгөн, анын ичинде: Жалал-Абад областында – 3, Ысык-Көл областында – 17, Нарын областында – 19, Ош областында – 2, Талас областында – 2, Чүй областында – 5.

“Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, аңчылык

жаныбарларын атайын пайдалануу, акы төлөнүүчү негизде жүзөгө ашырылат. Аңчылык жаныбарларын атайын пайдалангандыгы үчүн акы төлөө, ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-октябрындагы № 715 "Кыргыз Республикасында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн ставкаларын жана аларды алуу жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык белгиленет жана алынат. Белгиленген төлөм аңчылык жаныбарларын атайын пайдаланууга уруксат алууда, толук көлөмдө төлөнөт жана кайра кайтарылууга жатпайт.

Аңчылык жаныбарларын атайын пайдалануу үчүн төлөмдүн суммасы төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

- 25 пайызы - жаныбардын олжолонгон жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджеттерине;
- 35 пайызы - аңчылык жана мергенчилик чарбасы чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аңчылык ресурстарынын мониторинги, кайтаруу жана көбөйтүү, чарбалар аралык аңчылыкты уюштуруу боюнча иштерди жүргүзүүгө, аңчылык жана мергенчилик чарбасы чөйрөсүндөгү жөнгө салуучу, координациялоочу жана башка иш-милдеттерди жүзөгө ашырууга;
- 40 пайызы – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылган пландардын негизинде жаратылыш ресурстарын сактоо жана кайра өндүрүү боюнча иштерди кошо каржылоо максатында аңчылыкты пайдалануучуларга.

2017-жыл ичинде Департамент депозиттик эсептен аңчылыкты пайдалануучулардын эсебине баардыгы болуп 33914,7 миң сом которгон. Анын ичинен: 2017-жылдын 1-январына калдык суммадан – 13752,8 миң сом, 2017-жыл ичинде чегерилген суммадан – 20161,9 миң сом.

Аңчылык жаныбарларын атайын пайдалануу үчүн төлөмдүн суммасынан жогоруда айтылган Мыйзамдын негизинде, 40 пайызы - жаратылыш ресурстарын пландарга ылайык сактоо жана көбөйтүү боюнча иштерди кошумча каржылоо максатында, аңчылыкты пайдалануучуларга ыйгарым укуктуу орган тарабынан которулуп берилген.

Мергенчилик чарбаларында жүргүзүлүп жаткан маанилүү биотехникалык иш-чара болуп, жапайы жаныбарларды күн мурунтан даярдалган тоюттар менен азыктандыруу саналат, ал төмөнкүдөй максаттарды көздөйт:

- жапайы куштар үчүн оор мезгилдерде алардын негизги запастарын сактоо;
- жаныбарларды кайтарууну камсыз кылуу жеңил болгон жерлердин айрым участокторунда топтоо.

"Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, аңчылыкты пайдалануучулар жыл сайын биотехникалык, кайтаруу жана калыбына келтирүү иштери боюнча пландарын ыйгарым укуктуу орган менен макулдашат. 2017-жылга төмөнкү план макулдашылып, жылдын жыйынтыгы менен аткарылган иш-чаралардын отчеттору кабыл алынган.

2017-жылга Департаменттин жана аңчылыкты пайдалануучулардын мергенчилик жерлерине төмөнкүдөй биотехникалык иш-чаралар пландаштырылган. Бирок, пландаштырылган каражаттар Департамент

тарабынан жаратылыш ресурстарын сактоо жана көбөйтүү боюнча иштерди кошумча каржылоо (40%) максатында, которулган сумма менен аңчылыкты пайдалануучулардын өзүнүн эсебинен жумшалуучу каражаттар бөлүнбөстөн кошо түзүлгөн.

Биотехникалык, коргоо жана калыбына келтирүү иш-чаралары боюнча белгиленген планга ылайык, 32637,2 миң сом суммасына жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү пландалган. Иш жүзүндө 34403,1 миң сом суммасына иш-чаралар аткарылган же план 105 %га аткарылган.

Ошондой эле, талдоо көрсөткөндөй, дан калдыктарын, тузду, чөптү, тамыр тоют камдоого 1623,2 миң сом (4,7 %), шалаштарды, аншлагдарды, аштоолорду жасоого жана орнотууга - 401,8 миң сом (1,6 %) чыгымдалган, кошумча тоютту чыгарууга, булактын көзүн тазалоого, себүүгө - 1311,7 миң сом (3,8 %) чыгымдалган, зыяндуу жырткычтарды жок кылууга - 880,7 миң сом (2,56 %) чыгымдалган. Чыгымдардын негизги үлүшү коргоого жана мергенчилик чарба иш-чараларына, анын ичинде кайтарууга - 11935,1 миң сом (34,7 %), мингич аттарды сатып алууга - 3003,0 миң сом (8,2 %), мингич аттарды кармоого чыгым - 2040,9 миң сом (5,9 %), кардонду оңдоого - 3199,1 миң сом (9,3 %), көмүр сатып алууга - 1199,6 миң сом (3,5 %), техникаларды сатып алууга жана оңдоого - 3095,3 миң сом (9,0 %), ички чарбалык жайгаштыруу иштерине-1380,0 миң сом (4,0 %),ок-дары, дүрбү, GPS сатып алууга, жаныбарлардын илдеттерин алдын алуу иштерине жана башка чыгымдарга - 4332,9 миң сом (12,6 %) чыгымдалган.

2017-жылга чейин аңчылык сезону август айынан кийинки жылдын мартына чейин болгон. Аңчылыкты пайдалануучулар 2017-жылга чейин чет элдик аңчылык боюнча отчетторун март айынын аягына чейин тапшырышкан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 19-июнундагы №383 токтомуна ылайык, “Аңылык эрежелери”, аңчылык сезону туяктуу жаныбарларга август айынын экинчи ишенбисинен декабрь айынын биринчи жекшембисине чейин кыскартылган.

Мамагенттиктин алдындагы Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаментинде биотехникалык иштерди жүргүзүү боюнча баштапкы документтерди карап чыкканда **896,0 миң сомго** жасалган иштер боюнча документтер жок болуп чыкты, анын ичинен: “Юг-Эко-Хант” Жоопкерчилиги чектелген коомунан – 422,0 миң сомго, “Арпа-Марка-Поло” ЖЧКсынан – 438,0 миң сомго, “Карасай-Сырт” ЖЧКасында – 20,0 миң сомго, “КАБО” ЖЧКасынан – 16,0 миң сомго.

Аңчылыкты пайдалануучулар тапшырган 2017-жылдык отчетторду талдоодо төмөнкүлөр белгиленди:

- “Арпа-Марка-Поло” ЖЧКсы – 656,0 миң сомго пландаштырган, кошумча каржылоо (40 %) – 376,0 миң сом которулган, берилген отчету боюнча аткарганы – 493,0 миң сом, анын ичинен, өз каражатынан – 110,0 миң сом, кошумча каржылоо (40 %) эсебинен – 383,0 миң сом же болбосо пландаштырылгандан 163,0 миң сомго биотехникалык иштер жүргүзүлгөн эмес. Мындан тышкары, берилген отчеттун баштапкы документтерин карап чыкканда төмөнкү сатып алынган товарлардын документтери жок болуп чыкты. Жем 3 тонна - 30,0 миң сомго, жемди жеткирүүгө – 15,0 миң сомго, эгүүгө сарпталган каражат – 20,0 миң

сомго, егерлердин айлык маянасы – 24,0 миң сомго, аттарды кармоого каражат – 70,0 миң сомго, автоунаа чыгымына – 20,0 миң сомго, ички чарбалык чыгымдарга – 90,0 миң сомго, жана ар кандай чыгымдарга – 169,0 миң сомго, баары болуп, 438,0 миң сомго сатып алынган товарлардын баштапкы документтери жок болуп чыкты.

- “Карасай-Сырт” ЖЧКсы – 738,6 миң сомго пландаштырган, кошумча каржылоо (40 %) – 630,6 миң сом которулган, берилген отчету боюнча аткарганы – 443,6 миң сом. Өз каражатынан бир сом да иштетилген эмес, баарысы кошумча каржылоо (40 %) эсебинен болгон. Пландаштырылгандан 295,0 миң сомго биотехникалык иштер жүргүзүлгөн эмес, жана кошумча каржылоодон (40 %) которулган каражаттан 186,4 миң сом иштетилген эмес. Мындан тышкары, берилген отчеттун баштапкы документтерин карап чыкканда 20,0 миң сомго сатып алынган көмүрдүн документти жок болуп чыкты.

- “КАБО” ЖЧКсы – 817,0 миң сомго пландаштырган, кошумча каржылоо (40 %) – 736,0 миң сом которулган, берилген отчету боюнча аткарганы – 514,0 миң сом. Өз каражатынан бир сом да пландаштырылып иштетилген эмес, отчетто көрсөтүлгөн сумма кошумча каржылоо (40 %) эсебинен болгон. Пландаштырылганга салыштырмалуу, 303,0 миң сомго биотехникалык иштер жүргүзүлгөн эмес, жана кошумча каржылоодон (40 %) которулган каражаттан 222,0 миң сом (736,0 миң сом-514,0 миң сом) иштетилген эмес. Мындан тышкары, берилген отчеттун баштапкы документтерин карап чыкканда авто унаа оңдоого сарпталган 16,0 миң сомдун баштапкы документти жок болуп чыкты.

- “Юг-Эко-Хант” ЖЧКсы – 808,7 миң сомго пландаштырган, кошумча каржылоо (40 %) – 523,0 миң сом которулган, берилген отчету боюнча аткарганы – 808,7 миң сом, анын ичинен, өз каражатынан – 285,7 миң сом, кошумча каржылоо (40 %) эсебинен – 523,0 миң сом. Берилген отчеттун баштапкы документтерин карап чыкканда 422,0 миң сомго сатып алынган товарлардын баштапкы документти жок болуп чыкты, анын ичинен: кордонду оңдоого сарпталган - 180,0 миң сом, 6 тонна көмүргө – 30,0 мин сом, авто унааны оңдоого – 140,0 миң сом, жана күйүүчү майга сарпталган – 72,0 миң сом.

Баары болуп 1657,0 миң сом которулган суммадан иштетилген эмес, анын ичинен: которулган суммадан 761,0 миң сомго биотехникалык иштер жүргүзүлгөн эмес жана 896,0 миң сомго алынган товарлардын баштапкы документти жок болуп чыкты.

Жаратылыш ресурстар департаментинин 2017-жылдын 28-октябрындагы буйругунун негизинде, Кыргыз Республикасынын аңчылыкты пайдалануучулары Алдыдагы отчеттук мезгилде биотехникалык, кайтаруу жана мергенчилик чарба иш-чараларынын жана өткөн отчеттук мезгил үчүн отчетту тапшыруунун пландарын 2018-жылдын 15-январына чейин бекитүүгө тийиш. Бүгүнкү күнгө карата отчетторду 20 аңчылыкты пайдалануучу тапшырган, 23 аңчылыкты пайдалануучу келишимдик милдеттенмелерди кечиктирип аткарышкан.

Кыргыз Республикасында мергенчилик кылуучу жерлердин аянты 14,77 млн. гектарды түзөт.

2017-жылы КЧКТЧМАнын 2017-жылдын 28-июнундагы № 01-9/143 буйругунун жана мергенчилик чарбаларында биотехникалык иш-чараларды жүргүзүү Жаратылыш ресурстары департаментинин 2014-жылдын 26-декабрындагы № 01-7/109 буйругу менен бекитилген сунуштаманын (нускама) негизинде, Ысык-Көл жана Нарын областтарынын аңчылыкты пайдалануучуларынын кайтаруу, мергенчи чарба жана биотехникалык иш-чараларын текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн. Текшерүүлөрдү жүргүзүү учурунда аңчылыкты пайдалануучулардын көпчүлүгү кайтаруу, мергенчилик чарба жана биотехникалык иш-чараларын өз учурунда аткарбай тургандыгы, бекитилип берилген аймактарда ички чарбалык мергенчиликти ыңгайлаштыруу жүргүзбөгөндүгү белгиленген. Мисалга алганда;

"Ысык-Көл Интур" ЖЧКда, "Тур-Хан-Тенгри" ЖСКда, "Центрально-Азиатский-Сафари-Клуб" ЖЧКда, "Булат-М" ЖЧКда, "Ала-Тоо-Эдвинче-Тур" ЖЧКда, "МК-Тревл" ЖЧКда, "Фортуна-Трэвел" ЖЧКда, "Карасай-Сырт" ЖЧКда, "Бетеге" ЖЧКда, "Арстан" ЖЧКда, "Кол-Тетри" ЖЧКда, "Арпа-Марко-Поло" ЖЧКда, "Аргали" ЖЧКда, "Айбекс" ЖЧКда, "Чатыр-Таш" ЖЧКда, "ТОО-Чолпонбек" ЖЧКда, "Муфлон" ЖЧКда, "Нарын областык балыкчылар жана мергенчилер" коомунда, Мамлекеттик мергенчилик ырастамасынын "Б" категориясы алынган эмес, укук бузууларга айкындоо жана бөгөт коюу иштери боюнча 2017-жылга планы бекитилген эмес, тынч аймактардын чектөөсү киризилген эмес, жана ошондой эле базага керектүү документтери жок экендиги белгиленген.

"Калкан и Ко" ЖЧКда, "Диана-Тревел" ЖЧКда, КР Президентинин алдындагы иш-кагаздар Башкармалыгынын "Борколдой" коомунда, "Эльган" ЖЧКда, жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтерден тышкары, аңчылык чарбанын жерлеринин айыл аймактарына бөлүнгөндүгү боюнча картасы чийилген эмес, стратегиялык жана биотехникалык иш чаралардын аткарылышы боюнча отчеттор берилген эмес, ички чарбалык аңчылык жайгаштыруу иштери жүргүзүлгөн эмес, егердик күндөлүк журналы жүргүзүлгөн эмес, жапайы жаныбарлардын эсепке алуу журналы жүргүзүлгөн эмес, курал сактоочу сейфи жок.

Мындан тышкары, "Ашуу-Төр и Ко" ЖЧКнын, "Аргели" ЖЧКнын, "Севиан" ЖЧКнын, "Феликис" ЖЧКнын,"Хан-Тенгри-Груп" ЖЧКнын, "КАБО" ЖЧКнын өкүлү болбогондуктан маалымат алынбагандыгы көрсөтүлгөн.

Текшерүүнүн натыйжалары боюнча аңчылыкты пайдалануучуларга бир айлык мөөнөт менен кепилдиктерди жоюу үчүн, милдеттендирүү каттары жана мергенчилик чарбаларында биотехникалык иш-чараларды жүргүзүү боюнча сунуштамалар берилген.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен жана санак иштерин жүргүзбөгөндүгү, өз убагында отчет берилбегендиги үчүн 7 аңчылык чарбаларына ("Айбекс" ЖЧК, "Хан-Тенгри-Групп", "Эльхан", "Ысык-Көл ОБМК", "Фелис", "Ашуу-Төр", "ЦАОК") квота бөлүүдөн баш тартылган.

2017-жылдын жыйынтыгында, "Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин

14-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, Нарын областы боюнча "Айбекс", "Хан-Тенгри-Групп", "Эльхан" жана Ысык-Көл областы боюнча «Борборазиялык мергенчи клубу» "Жоопкерчилиги чектелген коому менен мергенчилик чарбасын жүргүзүү жөнүндө" Жаратылыш ресурстарынын коргоо жана пайдалануу департаменти менен эки тараптуу түзүлгөн келишимдердин аракети бир тараптуу жокко чыгарылган.

***Аңчылыкты пайдалануучулар жайыт ресурстарын пайдаланылышына төлөнүүчү ижара акысы боюнча***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрдагы №515 токтому менен бекитилген, жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндөгү типтүү жобонун негизинде, аңчылыкты пайдалануучулар, бөлүнүп берилген аңчылык жерлерине база орнотуу үчүн жана жапайы жаныбарларга тынч зона түзүү максатында, жайыт комитеттери менен жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү жөнүндөгү типтүү келишим түзүшкөн.

***Ысык-Көл областы боюнча:***

- "Ала-Тоо Эдвенче Тур" ЖЧКсы ижарага алынган жайыт үчүн, Кызыл - Суу жайыт комитетине 250га жер үчүн жылына - 21200 сом, Барскоон жайыт комитетине 296 га жер үчүн жылына - 19920 сом, Саруу жайыт комитетине 180 га жер үчүн жылына – 14000 сом акча каражатын төлөгөн.

- "Диана-Тревл" ЖЧКсы ижарага алган 0,15 га жер үчүн, Оргочор жайыт комитетине жылына - 2500 сом акча каражатын төлөөдө.

-"МК-Тревл" ЖЧКсы ижарага алган 1249 га жайыт үчүн, Ак-Дөбө жайыт комитетине жылына - 24800 сом, Липенка жайыт комитетине 3800 га жер үчүн жылына - 29260 сом, Светлая Поляна жайыт комитетине 1500 га жер үчүн жылына - 11500 сом акча каражатын төлөөдө.

- "Карасай Сырт" ЖЧКсы ижарага алган 0,10 га жер үчүн, Дархан жайыт комитетине жылына – 5000 сом акча каражатын төлөөдө.

- "ОЛСО" Коомдук бирикмеси ижарага алган жер үчүн, Тамчы жайыт комитетине жылына – 5000 сом акча каражатын төлөөдө.

- "ЦАСК" ЖЧКсы ижара жер үчүн Ак-Булуң айыл өкмөтүнө 2014-жылдан бери - 12468 сом акча каражатын төлөгөн.

- "СЕВИАН" ЖЧКсы ижарага алган жер үчүн, Жети-Өгүз районуна жылына – 27101 сом, Тоң районуна жылына – 1500 сом акча каражатын которуп берүүдө.

- "Тур-Хан-Тенгри" ЖЧКсы ижара алган жер үчүн, Отрадный жайыт комитетине жылына 5000 сом акча каражатын которууда.

- "Фортуна-Тревел" ЖЧКсы ижарага алган жер үчүн, Ак-Дөбө жайыт комитетине 0,05 га жылына – 15000 сом акча каражатын которууда.

- "Иссык-Куль Интур" ЖЧКсы ижара алган 400 га жер үчүн, Ак-Чий жайыт комитетине жылына – 30040 сом акча каражат которуп берген.

- "Булат-М" ЖЧКсы ижарага алган жер үчүн, Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө 0,15 га база үчүн жылына 3900 сом, жайыт үчүн 190000 сом төлөп келүүдө.

- "Калкан и Ко" ЖЧКсы ижарага алган 0,04 га жер үчүн Жаргылчак айыл

өкмөтүнө жылына 3800 сом акча каражатын төлөөдө.

- “УДП КГОХ” Шалба айыл өкмөтүнө 0,08 га жер үчүн 4000 сом төлөгөн.

- “Фортуна-Тревел” ЖЧКсы ижарага алган 0,05 га жер үчүн, Ак-Дөбө жайыт комитетине жылына – 15000 сом акча каражатын которууда.

- “Ашуу-Төр” ЖЧКсы мурунку ээси иштетпегенине байланыштуу, азыркы ээси жайыт комитети менен келишим түзө элек (мергенчилик тур өткөзө элек).

Ысык-Көл областы боюнча “Фелис”, “КГОХ УДПП КР” жайыт комитети менен түзгөн келишимдерин алып келген жок.

***Нарын областы боюнча:***

- “МК-Тревл” ЖЧКсы ижара алган жер үчүн, Ат-Башы салык кызматына 9000 сом акча каражатын төлөп берген.

- “Кабо” ЖЧКсы ижарага алган жер үчүн, Тоголок Молдо айыл өкмөтүнө – 10000 сом акча каражатын төлөгөн.

- “Таамай” ЖЧКсы ижарага алган 0,11 га жер үчүн, Ат-Башы районуна - 10000 сом төлөп берген.

- “Муфлон” ЖЧКсы ижарага алган 0,10 га жер үчүн, Ат-Башы жайыт комитетине жылына – 10410 сом, Ат-Башы токой чарбасына жылына – 3950 сом акча каражатын төлөөдө.

- “Бетеге” ЖЧКсы ижарага алган 0,40 га жер үчүн, Чет-Нура жайыт комитетине жылына – 3000 сом акча каражатын төлөөдө.

- “Мүнүшкөр” ЖЧКсы ижарага алган 0,75 га жер үчүн, Ак-Моюн жайыт комитетине жылына - 7500 сом акча каражатын төлөөдө.

- “Көл-Тетири” ЖЧКсы ижара алган жер үчүн, Калинин жайыт комитетине жылына – 5000 сом төлөөдө.

- “Байгелди” ЖЧКсы ижара алган жер үчүн, Ак-Моюн жайыт комитетине – 3000 сом которгон.

- “Тоо-Чолпонбек” ЖЧКсы Жерге-Тал жайыт комитети менен жаңы келишим түзүүдө (база быйыл салынды, буга чейин вагондор болучу).

- “Профи-Хант” ЖЧКсы ижарага алган 0,15 га жер үчүн, Ак-Жар айыл өкмөтүнө ижара акысы төлөгөн, бирок төлөнгөндүгү боюнча баштапкы документтерди Департаментке бере алган жок.

- “Арпа Марко Поло” ЖЧКсы ижарага алган жер үчүн Кара-Бүргөн айыл-өкмөтүнө жылына - 10000 сом акча каражатын төлөөдө.

- “Арстан” ЖЧКсы Ак-Жар айыл өкмөтүнүн жеринде турган тамды ижарага алып колдонууда (ижара акысын тамдын ээсине төлөөдө).

- “Аргали” ЖЧКсы базасы эки көчмө вагондон тургандыктан ижара акысын төлөбөйт.

Нарын областы боюнча “Джура”, “Чатыр-Таш” ЖЧКалар жайыт комитети менен түзгөн келишимдерин алып келген жок.

***Башка областтар боюнча:***

- “Юг Эко-Хант” ЖЧКсы ижара алган жер үчүн Кызыл-Жар айыл өкмөтүнө жылына – 5000 сом, Алайкуу айыл өкмөтүнө жылына – 5000 сом акча каражатын которууда.

- “Маунтайн-Тур Талас” ЖЧКсы ижара алган жер үчүн 1га Бакай-Ата токой чарбасына база үчүн жылына - 24000 сом, жайыт үчүн жылына – 11000

сом, Шадыкмат айыл өкмөтүнө жылына – 7500 сом акча каражаты которулууда.

- Чүй-Бишкек мергенчилер жана балыкчылар коомунун 9 кардонунун тең кызыл китеби бар.

- Талас областынын Мергенчилер жана балыкчылар коому Талас районунун Кууганды а/ө 0,03 га үчүн жылына - 500 сом, Айдаралиев а/ө 0,05 га үчүн-жылына - 1000 сом, Кок-Ой а/ө 1,0 га үчүн жылына - 1000 сом, Бакай-Ата районунун Боо-Терек а/ө 0,10 га үчүн жылына – 1000 сом, Кара-Бура а/ө 0,05 га үчүн жылына - 1000 сом акча каражатын которууда.

Областтардагы мергенчилер жана балыкчылар коомдору жайыт комитеттери менен түзгөн келишимдерин алып келген жок.

**Аудиттин жыйынтыктары боюнча жалпысы болуп 35095,1 миң сомдук** каржы бузуулары аныкталды, анын ичинен:

- **263,6 миң сом суммасында акча каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги** (алардын ичинен 93,8 миң сом ордуна коюлду), анын ичинен: Кара-Алма токой чарбасында 117,2 миң сомго негизги каражаттардын жетишпестиги (ордуна коюлган жок), Тоскоол-Ата токой чарбасында 90,0 миң сомго акча каражаттардын жетишпестиги (ордуна коюлду), Алай токойчулугунда 51,5 миң сомго негизги каражаттардын жетишпестиги (ордуна коюлган жок), Ноокат токой чарбасында 3,8 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги (ордуна коюлду), жана Баткен токой чарбасында 1,1 миң сомго акча каражаттардын жетишпестиги (ордуна коюлган жок) аныкталды.
- **8673,4 миң сомго каражаттарды чыгымдоодо бузуулар жана кемчилдиктер** аныкталды, анын ичинен:

  **- эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр 1509,7 миң сомго**, атап айтканда: Кара-Алма токой чарбасында - 61,5 миң сомго (61,5 миң сом ордуна коюлушу керек, бирок ордуна коюлган жок); Тоскоол-Ата токой чарбасында - 828,4 миң сомго; Кочкор-Ата токой чарбасында – 54,7 миң сомго; Ысык-Көл биосфералык аймагынын дирекциясында - 63,8 миң сомго (анын ичинен 2,5 миң сом ордуна коюлушу керек, бирок ордуна коюлган жок); “Ысык-Көл” Мамлекеттик коругунда - 10,2 миң сомго; Алай токойчулугунда - 49,5 миң сомго; “Кыргыз-Ата” Мамлекеттик жаратылыш паркында - 29,2 миң сомго; Ак-Талаа токой чарбасында - 273,2 миң сомго; Ат-Башы токой чарбасында - 12,6 миң сомго; “Салкын Төр” Мамлекеттик жаратылыш паркында - 101,8 миң сомго; Чүй токой чарбасында - 24,8 миң сомго (24,8 миң сом ордуна коюлушу керек, бирок ордуна коюлган жок).

  - **материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруулар 1228,8 миң сомго,** анын ичинен: Кара-Алма токой чарбасында – 21,8 миң сомго (ордуна коюлган жок); Кочкор-Ата токой чарбасында – 17,9 миң сомго (ордуна коюлган жок); Орток токой чарбасында – 6,2 миң сомго (ордуна коюлган жок); Авлетим токой чарбасында – 122,8 миң сомго (ордуна коюлган жок); Урумбаш токойчулугунда – 7,2 миң сомго (ордуна коюлган жок); Тоскоол-Ата токой чарбасында – 15,5 миң сомго (ордуна коюлган жок); Кызыл-Ункур токой чарбасында – 5,9 миң сомго (ордуна коюлган жок); Арстанбап-Ата токой

чарбасында – 3,7 миң сомго (ордуна коюлган жок); Ала-Бука токой чарбасында – 4,8 миң сомго (ордуна коюлган жок); Мамагенттиктин алдындагы Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаментинде - 896,0 миң сомго жасалган иштер боюнча документтер жок болуп чыкты, анын ичинен: "Юг-Эко-Хант" ЖЧКсында – 422,0 миң сомго, "Арпа-Марка-Поло" ЖЧКсында – 438,0 миң сомго, "Карасай-Сырт" ЖЧКсында – 20,0 миң сомго, "КАБО" ЖЧКсында – 16,0 миң сомго (ордуна коюлган жок); Жалал-Абад аймактык башкармалыгында – 6,9 миң сомго (ордуна коюлду); Ысык-Көл аймактык башкармалыгында – 1,6 миң сомго (ордуна коюлган жок); Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунда – 10,7 миң сом (ордуна коюлган жок); Аксы токой чарбасында – 7,8 миң сомго (ордуна коюлууга тийиш 7,8 миң сом, ордуна коюлганы 2,5 миң сом, калганы 5,3 миң сом); Баткен аймактык башкармалыгында – 18,7 миң сомго (ордуна коюлган жок); Өзгөн токой чарбасында – 5,4 миң сомго (ордуна коюлган жок); Алайкуу токой чарбасында – 14,5 миң сомго (анын ичинен 12,0 миң сом ордуна коюлуп, калган 2,5 миң сом ордуна коюлган жок); Лейлек токой чарбасында – 6,2 миң сомго (ордуна коюлду); Үч-Коргон токой чарбасында – 2,9 миң сомго (ордуна коюлду); Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркында - 5,4 миң сомго (ордуна коюлду); Кулун-Ата мамлекеттик коругунда – 1,6 миң сомго (ордуна коюлду); Балыкчы токой чарбасында – 13,6 миң сомго (ордуна коюлган жок); Чүй токой чарбасында – 31,7 миң сомго (анын ичинен 9,2 миң сом ордуна коюлду, калган 22,5 миң сом ордуна коюлган жок).

**Анын ичинен: иш сапар чыгымдары боюнча ашыкча төлөөлөр – 285,9 миң сомго** аныкталган (*өндүрүлгөнү 23,9 миң сом).* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан туруп, 285,9 миң сом ашыкча төлөнгөн ***(Өзгөн токой чарбасында - 5,4 миң сомго; Алайкуу токой чарбасында - 2,5 миң сомго; Лейлек токой чарбасында - 6,2 миң сомго (ордуна коюлду); Үч-Коргон токой чарбасында - 2,9 миң сомго (ордуна коюлду); Аксы токой чарбасында - 2,5 миң сомго (ордуна коюлду), Балыкчы токой чарбасында - 13,6 миң сомго, Жалал-Абад аймактык башкармалыгында - 6,9 миң сомго (ордуна коюлду), Кара-Алма токой чарбасында - 21,8 миң сомго, Беш-Арал жаратылыш паркында - 10,7 миң сомго, Баткен аймактык башкармалыгында - 18,7 миң сомго, Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркында - 5,4 миң сомго, Авлетим токой чарбасында кызматкерлерге иш сапары үчүн чыгымдалган 117,2 миң сомго отчеттор аудитке көрсөтүлгөн жок).***

Белгилеп кетүүчү нерсе, 285,9 миң сомдун ичинен, Мамагенттиктин Жалал-Абад аймактык башкармалыгынын буйругу менен, аудит мезгилинде башкармалыктын адистерине иш сапарга чыкканда, токой чарбаларынын атайын эсептериндеги каражаттарынын эсебинен, иш сапар чыгымдарын төлөө жүктөлгөн жана негизсиз 72,1 миң сом төлөнгөн, анын ичинен: *Арстанбап-Ата токой чарбасында - 3,7 миң сом; Кызыл-Үңкүр токой чарбасында - 5,9 миң сом; Кочкор-Ата токой чарбасында - 17,9 миң сом; Авлетим токой чарбасында - 5,6 миң сом; Урумбаш токойчулугунда - 7,2 миң сом; Орток токой чарбасында - 6,2*

*миң сом; Тоскоол-Ата токой чарбасында - 15,5 миң сом; Ала-Бука токой чарбасында - 4,8 миң сом, Аксы токой чарбасында - 5,3 миң сом.*

**- казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар 1968,5 миң сомго**, анын ичинен: Кочкор-Ата токой чарбасында – 1205,9 миң сомго (ордуна коюлган жок); Орток токой чарбасында – 11,9 миң сомго (ордуна коюлган жок); Тоскоол-Ата токой чарбасында – 741,5 миң сомго (ордуна коюлган жок); Баткен токой чарбасында – 3,0 миң сомго (ордуна коюлган жок); Үч-Коргон токой чарбасында – 6,2 миң сомго (ордуна коюлган жок).

**- курулуш-куроо иштеринин көлөмүн негизсиз көбөйтүүлөр 494,6 миң сомго,** анын ичинен: Кочкор-Ата токой чарбасында – 373,5 миң сомго (ордуна коюлган жок); "Бишкекасфальтсервис" муниципалдык ишканасында – 121,1 миң сомго (ордуна коюлду).

**- мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу 222,7 миң сомго,** анын ичинен: Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда - 200,0 миң сомго (ордуна коюлган жок); Лейлек токой чарбасында – 22,7 миң сомго (ордуна коюлган жок).

**- дебитордук карыздарды эсептен жашыруулар 3249,1 миң сомго,** анын ичинен: Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу мамлекеттик мекемесинде 586,3 миң сомго (ордуна коюлган жок); Кара-Алма токой чарбасында – 621,3 миң сомго (ордуна коюлган жок); Авлетим токой чарбасында – 182,2 миң сомго (ордуна коюлган жок); Урумбаш токой чарбасында – 50,5 миң сомго (ордуна коюлган жок); Токтогул токой чарбасында – 31,4 миң сомго (ордуна коюлган жок); Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылыш коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда - 12,7 миң сомго (ордуна коюлган жок); Ысык-Көл биосфералык аймагынын дирекциясында – 56,7 миң сомго (ордуна коюлду); Ак-Суу токойчулугунда – 134,0 миң сомго (ордуна коюлду); Жети-Өгүз токой чарбасында – 149,2 миң сомго (ордуна коюлган жок); Ош аймактык токой чарба башкармалыгында – 25,9 миң сомго (ордуна коюлду); Ноокат токой чарбасында – 10,9 миң сомго (ордуна коюлду); Баткен токой чарбасында – 66,3 миң сомго (ордуна коюлду); Балыкчы токой чарбасында – 331,9 миң сомго (ордуна коюлду); Фрунзе токой чарбасында – 678,0 миң сомго (ордуна коюлган жок); Чон-Кемин мамлекеттик улуттук жаратылыш паркында – 311,8 миң сомго (ордуна коюлган жок).

- **Бюджетке кошумча кошуп эсептелген кирешелер 25975,0 миң сомду** түздү, анын ичинен: Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 19-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, республиканын токой чарбалары тарабынан атайын каражаттардан **25842,3 миң**

**сом** республикалык бюджетке өз убагында чегерилбей, чарбалык чыгымдарга жумшалып кеткендиги аныкталды, анын ичинен:

- Чүй аймактык башкармалыгы боюнча 427,9 миң сом *(Чүй-95,9 миң сом, Фрунзе-120,3 миң сом, Жайыл-27,2 миң сом, Ысык-Ата-184,5 миң сом);*

- Нарын аймактык башкармалыгы боюнча 1280,8 миң сом *(Ак-Талаа-143,4 миң сом, Ат-Башы-127,1 миң сом, Жумгал-1003,4 миң сом, Кочкор-6,9 миң сом);*

- Ысык-Көл аймактык башкармалыгы боюнча 3583,8 миң сом *(Балыкчы-1546,0 миң сом, Ысык-Көл-220,3 миң сом, Түп-127,4 миң сом, Каракол-829,8 миң сом, Тоң-541,5 миң сом, Жети-Өгүз токой чарбасы-297,8 миң сом, Каракол жаратылыш паркы-21,0 миң сом (21,0 миң сом өндүрүлдү);*

- Жалал-Абад аймактык башкармалыгы боюнча 12115,4 миң сом *(Авлетим-279,3 миң сом, Аксы-134,9 миң сом, Аркыт-395,8 миң сом, Алабука-983,5 миң сом, Арстанбап-Ата-380,0 миң сом, Ачы-114,3 миң сом, Каба-35,7 миң сом, Кызылүңкүр-707,2 миң сом, Көкалама-63,6 миң сом, Жайтерек-346,4 миң сом, Каралама-1026,8 миң сом, Орток-1695,0 миң сом, Урумбаш-531,7 миң сом, Чаткал-540,0 миң сом, Каракөл-270,9 миң сом, Тоскоолата-2012,3 миң сом, Кочкората-2076,3 миң сом, Токтогул-94,6 миң сом, Тогузторо-353,3 миң сом, Станция-5,8 миң сом, Беш-Арал жаратылыш паркы- 32,0 миң сом, Сары-Челек жаратылыш паркы- 36,0 миң сом (36,0 миң сом өндүрүлдү).*

- Ош аймактык башкармалыгы боюнча 7076,8 миң сом *(Алай-156,6 миң сом, Алайкуу-49,5 миң сом, Кара-Кулжа-5,2 миң сом, Ош-134,1 миң сом, Өзгөн-1687,3 миң сом, Чоң-Алай-5044,1 миң сом);*

- Баткен аймактык башкармалыгы боюнча 1357,6 миң сом *(Арка-500,8 миң сом, Баткен-243,4 миң сом, Лейлек-349,9 миң сом, Үч-Коргон-263,5 миң сом).*

Белгилеп кетүүчү нерсе, Мамагенттиктин Токой экосистемаларын өнүктүрүү департаментинин 2019-жылдын 12-мартындагы № 4-1-10/357 катынын негизинде, 25842,3 миң сомдук атайын каражаттардын республикалык бюджетке чегерилбей калган суммасынын ичинен 25574,3 миң сому республикалык бюджетке которулуп берилген. Мындан тышкары, Каракол жаратылыш паркы боюнча 21,0 миң сом, Сары-Челек жаратылыш паркы боюнча 36,0 миң сом атайын каражаттары аудит мезгилинде республикалык бюджетке которулган. Которулбай калган калдык - 211,0 миң сомду түзөт.

Ошондой эле, кызматкерлердин эмгек акысынан киреше салыгынын кармалбай, бюджетке которулбай калган суммасы **132,7 миң сомго**, анын ичинен: Кара-Алма токой чарбасында – 83,2 миң сомго, Авлетим токой чарбасында – 35,6 миң сомго, Ош токой чарбасында – 3,3 миң сомго, Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркында – 3,0 миң сомго; Фрунзе токой чарбасында – 7,6 миң сомго аныкталды.

- **Социалдык фондунун бюджетине кошумча кошуп эсептелген кирешелер 183,1 миң сомду** түздү, анын ичинен: Кара-Алма токой чарбасында – 154,6 миң сомго (ордуна коюлган жок); Авлетим токой чарбасында – 25,5 миң сомго (ордуна коюлган жок); Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркында – 3,0 миң сомго (ордуна коюлган жок).

- **260212,8 миң сом** суммасында **бюджеттик резервдер жана жоготуулар** аныкталды, анын ичинен:

  - **товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдалышы 197,9 миң сомго**, анын ичинен: Баткен аймактык токой чарба башкармалыгында – 123,8 миң сомго, атап айтканда, кызматтык автоунаага чектелген ченемден ашыкча 6,6 миң сомдук 170 литр күйүүчү май ашыкча чыгымдалган, электр энергиясы белгиленген лимиттен 117,2 миң сомдук 66,7 миң Квт./саатка ашыкча пайдаланылган; Нарын мамлекеттик коругу – 37,1 миң сомго кызматтык автоунаага 1124 литр күйүүчү май ченемден ашыкча чыгымдалган; "Салкын Төр" Мамлекеттик жаратылыш паркы – 15,2 миң сомго кызматтык автоунаага 430 литр күйүүчү май ченемден ашыкча чыгымдалган; Фрунзе токой чарбасында – 21,8 миң сомго электр энергиясы бекитилген ченемден 8,7 миң кВт/саатка ашыкча пайдаланылган;

  - **сметадан ашыкча каржыланган сумма 417,8 миң сомго**, анын ичинен: Жумгал токой чарбасында – 304,0 миң сомго; "Ысык-Көл" Мамлекеттик коругунда - 63,1 миң сомго; Лейлек токой чарбасында – 50,7 миң сомго;

  - **эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар 508,9 миң сомго,** анын ичинен: Авлетим токой чарбасында – 70,9 миң сомго; Тоскоол-Ата токой чарбасында – 25,6 миң сомго; Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунда – 209,8 миң сомго; Ак-Суу токой чарбасында – 92,8 миң сомго; "Кара-Шоро" Мамлекеттик жаратылыш паркында – 25,0 миң сомго (ордуна коюлду); Фрунзе токой чарбасында – 84,8 миң сомго;

  - **башка бюджеттик резервдер жана жоготуулар 259088,2 миң сомго,** анын ичинен: Мамагенттиктин борбордук аппаратында – 2123,5 миң сомго (2123,5 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок); Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда – 234867,6 миң сомго; Кара-Алма токой чарбасында – 2283,6 миң сомго (анын ичинен 276,4 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок); Орток токой чарбасында – 3647,8 миң сомго; Авлетим токой чарбасында – 1065,0 миң сомго; Урумбаш токой чарбасында – 186,5 миң сомго; Токоол-Ата токой чарбасында – 154,5 миң сомго; Кызыл-Үңкүр токой чарбасында – 959,2 миң сомго; Ачы токой чарбасында – 441,5 миң сомго (анын ичинен 168,7 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок); Арстанбап-Ата токой чарбасында – 248,0 миң сомго; Ала-Бука токой чарбасында – 81,0 миң сомго; Жалал-Абад жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда – 59,1 миң сомго (59,1 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок); Жалал-Абад аймактык башкармалыгында – 10476,5 миң сомго; "Беш-Арал" Мамлекеттик жаратылыш коругунда – 605,1 миң сомго; Аксы токой чарбасында – 540,9 миң сомго (анын ичинен 18,4 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлдү); Аркыт токой чарбасында – 889,9 миң сомго (анын ичинен 21,4 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлдү); Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунда – 35,5 миң сомго (35,5 миң сом

өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлдү); Ысык-Көл токой чарбасында – 106,9 миң сомго (106,9 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, анын ичинен 46,9 миң сом өндүрүлдү, өндүрүлбөй калганы 60,0 миң сом); Ак-Суу токой чарбасында – 23,2 миң сомго (23,2 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок); Жай-Терек токойчулугунда – 205,0 миң сомго (205,0 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок); Ош токой чарбасында – 6,7 миң сомго (6,7 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок); Ак-Талаа токой чарбасында – 69,0 миң сомго (69,0 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок); Ат-Башы токой чарбасында – 12,2 миң сомго (12,2 миң сом өндүрүлүүгө тийиш, өндүрүлгөн жок).

- **Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар 9600,1 миң сомду** түздү, анын ичинен:
  **- максатына жетпестен, ыксыз жөнү жок иштетилген каражаттар - 892,7 миң сомду;**
  **- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана каражаттардын калдыктары 8707,4 миң сомду**, анын ичинен:
  - товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору - 8545,4 миң сомду, анын ичинен:
    - отун менен камсыз кылуу боюнча ченемден ашыкча - 298,4 миң сомду;
    - запастык бөлүктөр боюнча ченемден ашыкча - 154,4 миң сомду;
    - күйүүчү майлар боюнча ченемден ашыкча – 21,3 миң сомду;
    - чарбалык материалдардын жана канцелярдык товарлардын запастары ченемден ашыкча - 8071,3 миң сомду;
  - дебитордук карыздардын кредитордук карыздардан ашырылышы - 162,0 миң сомду түздү.

## Жогорудагыдан сырткары, Мамагенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүндө аныкталган кемчиликтер

### Мамагенттиктин борбордук аппараты

Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы № 530 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын аткаруу бийлигинин бир катар мамлекеттик органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомунун негизинде, башкы эсепчи жана башка жооптуу кызматтык адамдар алмашканда комиссия түзүлүп, алардын ишин өткөрүп берүү-кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 29-июнундагы № 97 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча Жобонун” талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек.

Белгилей кетүүчү нерсе, Жобонун 4-параграфынын 11-19-пункттарына ылайык, башкы бухгалтер жана башка жооптуу кызматтык адамдар алмашканда комиссия түзүлүп, алардын ишин өткөрүп берүү-кабыл алуу уюштурулган эмес.

Аудиттин жыйынтыгында, дагы бир өзгөчө белгилей кетүүчү маселе, Мамагенттиктин борбордук аппаратында, ведомстволук мекемелеринде, же

баардык тармактарында бухгалтердик эсеп жана отчеттуулукту автоматташтырылган негизде “1-С: Бухгалтерия” программасынын версиясын киргизүү, 2014-жылдан бери иш жүргүзүлүп келет. 2015-жылда региондор боюнча окуу-семинарлары да уюштурулган.

Бирок, ведомстводо бухгалтердик эсепти сапаттуу камсыз кылуу максаты толук ишке ашкан эмес. Мамлекеттик агенттикте 2015 жылдан бери “1-С: Бухгалтерия” программасын киргизүүгө бюджеттик жана долбоорлордун каражатынын (бюджеттик, атайын эсептен, республикалык жана жергиликтүү жаратылышты коргоо фондунун каражаттарынан жана техникалык-гуманитардык жардамдын) эсебинен, материалдык-техникалык база менен чыңдоо же компьютердик жана башка техникаларды алууга, программалар менен камсыздоого, кадрларды даярдоо жана окутууга, ж.б. кеткен каражаттар боюнча эч кандай маалымат жок. Азыркы текшерүүдө сурамжылоо аркылуу 2017-жылда Мамагенттиктин 24 чарба субъектилери “1-С: Бухгалтерия” программасы боюнча консультация берүү, камсыз кылуу, коштоо боюнча 5 ЖЧК менен 1332,8 миң сомго келишим түзүшүп, 2018-жылы 33 чарбалык субъектилери менен 1284,8 миң сомго, 5 ЖЧК менен 1876,2 миң сомго келишим түзүшүп, 1593,0 миң сом төлөнгөн. Бул маселе боюнча чыгымдалган бюджеттик каражаттар максатсыз пайдалануу катары эсептелет. Себеби, азыркы мезгилдин талабы ар бир башкы адис (башкы бухгалтер) функционалдык милдети боюнча “1-С: Бухгалтерия” программасынын акыркы версиясын билиши керек.

**Тоскоол-Ата токой чарбасы**

Токой чарбада мамлекеттик токой фондунун ижарачыларын каттоо китеби 2016-жылдан баштап ачылган жана 2011-2016-жылдардагы түзүлгөн келишимдер катталган. Бирок, китептеги маалыматтар ижарачылар боюнча толук маалымат бере албайт, карыздар, төлөмдөр, келишим шарттары жана башка аналитикага керектүү маалыматтар жетиштүү эмес.

Токой чарбасынын 2018 жылдын 25-сентябрындагы № 01-2/43 буйругунун негизинде, өткөрүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча негизги каражаттардан 63,5 миң сом кем чыккан, ордуна коюла элек *(Казан-Мазар токой бөлүмүнүн бөлүм башчысы К. Омоевдин жоопкерчилигиндеги 43,4 миң сомдук 1 баш миңгич ат; мурдагы башкы токойчусу Н. Нурбаевдин жоопкерчилигиндеги 20,1 миң сомдук ноутбук).*

Башкы бухгалтерлер алмашканда, бухгалтердик эсептин талаптарына ылайык, тийиштүү түрдө буйрук менен Комиссия түзүлүп, толук инвентаризация өткөрүү менен бухгалтердик документтер, эсеп регистрлери тизме боюнча өткөрүлүп берилген эмес.

Башкы бухгалтер тарабынан атайын каражаттар боюнча эмгек акы эсептөө китебин таап бере алган жок. Ал эми бюджеттик каражаттар боюнча эмгек акы эсептөө китебинин жүргүзүлүшү, бухгалтердик талапка жооп бербейт, тагыраак айтканда:

- айдын башына жана аягына дебитордук же кредитордук калдыктар көрсөтүлбөйт;
- эмгек акы жана башка төлөмдөр графалары, жалпы эсептелген сумманын жыйынтыгы чыгарылбайт;

- эмгек акыдан кармоолор боюнча маалымдаректер толугу менен толтурулуп, кассадан берилген суммалар, жалпы кармалган суммалардын жыйынтыгы чыгарылбайт.

**Кочкор-Ата токой чарбасы**

Бухгалтердик баланс боюнча чийки жана материалдардын корлору 2017-жылдын башына калганы 86226,0 миң сомду түзүп, жыл ичинде 335,7 миң сомдук кириштелген, жыл ичинде 2997,4 миң сомдук эскилиги жеткен материалдык баалулуктардын чыгышталган жана жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун жыйынтыгы менен, 80931,9 миң сом чыгышталган, ал эми 2017-жылдын 31-декабрына карата 2632,4 миң сомдук калдык калган. Корлордон 2017-жылдын башына калган 86226,0 миң сомдун ичинен 80931,9 миң сому бухгалтердик балanska туура эмес кириштелген (жаңылыш) жана негизсиз чыгышталган.

**Кара-Алма токой чарбасы**

Токой чарбасынын балансында Сузак районунун жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо бирдиктүү мамлекеттик реестринде 2015-жылдын 31-марттында № 4615-4616,4617-4618 менен катталган, Кара-Алма токой чарбасынан мөөнөтсүз пайдаланууга берилгендигин аныктаган мамлекеттик актысына негиз 30831,5 га аянты бар.

Аудиттин жүрүшүндө, Сузак районунун жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгынын 2018-жылдын 11-декабрындагы №01-17/221 жер балансынын отчетунун көчүрмөсүнө ылайык, мурдагы берилген мамлекеттик актысы менен **1235,5 га** айырмачылыгы бар.

Кириштөө жана чыгыштоо кассалык ордерлерин, кириштөө жана чыгыштоо кассалык документтерди (КО-3 форма) каттоо журналында кассир тарабынан катталуусу буйрукта көрсөтүлгөнү аткарылган эмес. Андан сырткары, токой чарбасынын кызматкерлерди жумушка кабыл алуу, жумуштан бошотуу боюнча жана өндүрүштүк буйруктарды каттоо журналдарын аудитке көрсөтө алган жок.

**Аркыт токой чарбасы**

Эскерте кетүүчү нерсе, 2011-жылы токой чарбанын балансына жемиш кургатуучу 1 даана аппарат баасы **450,0 миң сомго** кириштелген. Бирок, азыркы учурда иштетилбей турат. Бул болсо, өз максатына жетпегендигин далилдейт.

**Ак-Талаа токой чарбасы**

Токой чарбасынын балансындагы 2013-жылкы 1 бирдик МТЗ-82 трактору тиешелүү мамлекеттик органда катталган эмес.

**Ат-Башы токой чарбасы**

Аудит камтыган мезгилде кордон үйлөрүнө капиталдык оңдоо иштери 591,1 миң сомго жүргүзүлгөн, ошону менен бирге, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, бул суммага токой чарбасынын балансы жогорулатылган эмес. Аудиттин жүрүшүндө, тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, токой чарбасынын балансы 591,1 миң сомго жогорулатылган.

**Нарын токой чарбасы**

Аудит камтыган мезгилде курулмаларга капиталдык оңдоо 991,1 миң сомго жүргүзүлгөн, ошону менен бирге, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз

Республикасынын Мыйзамына ылайык, бул суммага токой чарбасынын балансы жогорулатылган эмес. Аудиттин жүрүшүндө, тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, токой чарбасынын балансы 991,1 миң сомго жогорулатылды.

**“Ысык-Көл” биосфералык аймагынын дирекциясы**

Каттоонун жыйынтыгында негизги каражаттардан баланстык баасы 85,5 миң сомдук 1 даана кайыктын чиркегичи ашыкча болгону аныкталган. Аудит учурунда ашыкча чыккан кайыктын чиркегичи бухгалтердик эсеп боюнча кириштелди.

**Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругу**

Баркырак коругунун чек арасынан божомол менен 25-30 чакырым жерде жайгашкан. Ушунча аралыкты басып, андан ары узундугу 6875 метр жол салынганын коруктун бир да кызматкери бул жасалган иштерди көргөн эмес.

Биринчи кезекте Баркырак коругунун егерлери Б. Баймырзаев менен Э. Бекешевдердин өз жумуштарын так аткарбаганы байкалат. 2017-жылдын 19-январындагы Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунун №1 буйругу менен бекитилген кызматтык нускама так аткарылбай келген.

Ал эми “Мурас-Синтез” Жоопкерчилиги чектелген коом тарабынан “Өзгөчө коргоолуучу жаратылыш аймактар” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгү, 13-берененин 4-бөлүгү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2014-жылдын 12-мартындагы № 01-9/102 буйругу менен бекитилген, “Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунун” Жобосунун 3-графасынын 1-бөлүгү одоно бузулган.

Беш-Арал өзгөчө коргоолуучу жаратылыш коругунун жооптуу кызматкерлери тарабынан Кыргыз Республикасынын Административдик кодексинин 547-1-беренесинин негизинде, “Мурас-Синтез” Жоопкерчилиги чектелген коомуна Баркырак корук бөлүмүндө эски жолдон сырткары жол салуудан жана дарак өсүмдүктөрүнүн өсүүсүн токтоткон деңгээлге чейин жерди сүрүп келтирген зыяны үчүн, 2018-жылдын 11-апрелинде протокол түзүлүп, келтирилген зыян 605,1 миң сомду түзгөн.

Протокол түзүлсө да, ага күнөөлүү жак кол коюп 1 нускасы берилген эмес, толтурулган протокол эч бир күчкө ээ болбой, Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунун имаратында кала берип, келтирилген 605,1 миң сомдук зыян өндүрүлгөн эмес. Ошондой эле, Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунун жетекчилери тарабынан бул материал укук-коргоо органдарына берилген эмес.

**“Чоң-Кемин” мамлекеттик жаратылыш паркында** аныкталган “Элит-Нур” ЖЧКсынан 736,5 миң сомдук ижара акысы 2015-жылдан бери өндүрүлбөй келе жатат.

**Кызыл-Үңкүр токой чарбасында** башкы бухгалтерлер алмашканда бухгалтердик эсептин талаптарына ылайык тийиштүү түрдө буйрук менен Комиссия түзүлүп, толук инвентаризация өткөрүү менен бухгалтердик документтер, эсеп регистрлери тизме боюнча өткөрүлүп берилген эмес.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10, 11, 12-беренелеринин талаптарын бузуу менен, Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылыш коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда, Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунда; Нарын мамлекеттик коругунда; “Кара-Шоро” мамлекеттик жаратылыш паркында; Тоскоол Ата, Ала-Бука, Авлетим, Орток, Кочкор-Ата, Кара-Алма, Ак-Талаа, Ноокат, Фрунзе, Кара-Кулжа, Ош, Алай, Үч-Коргон токой чарбаларында, Урумбаш жана Чоң-Алай токойчулуктарында мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлгөн. Атап айтканда, сатып алууларды ишке ашыруу үчүн өзүнчө бөлүм түзүлүп, жоопкерчилик жүктөлгөн эмес; кезектеги финансылык жылга мамлекеттик сатып алуулардын натуралай жана акчалай көрсөтүлгөн планы иштеп чыгылып, мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылган эмес; сатып алуулардын планында мамлекеттик сатып алуулардын предмети, анын саны жана сатып алууларды жүргүзүүнүн болжолдуу баалары жана мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтар камтылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 4-октябрындагы №718 “Кыргыз Республикасынын экономикасында накта акчалай эмес эсептешүүгө өтүү боюнча чараларды күчөтүү жөнүндөгү” токтомунун талаптары сакталбастан, жалпы 3733,7 миң сом накталай акча чарбалардын кассасына кириштелип, тиешелүү чыгымдарга сарпталган, анын ичинен: Урумбаш токойчулугунда - 486,6 миң сом, Орток токой чарбасында - 1987,3 миң сом, Кара-Алма токой чарбасында - 1259,8 миң сом.

Бухгалтерия тарабынан GIZ долбоору аркылуу 2016-2017-жылдары берилген товардык-материалдык баалуулуктар иш жүзүндө баланска алынып, тийиштүү жоопкерчиликтүү кызматкерлерге буйрук менен, алардын жоопкерчилигине жүктөлгөн эмес. Баланска кабыл алынбаган товардык-материалдык баалуулуктардын суммасы 488,4 миң сомду, анын ичинен: Кызыл-Үңкүр токой чарбасында 297,1 миң сомду, Арстанбап-Ата токой чарбасында 19,0 миң сомду, Каба токой чарбасында 172,3 миң сомду түзгөндүгү аныкталды. Текшерүүнүн жүрүшүндө бул товардык-материалдык баалуулуктар иш жүзүндө, бар экендиги аныкталып бухгалтердик баланска кириш кылуу менен катар, ар бир кызматкердин жеке материалдык жоопкерчилигине өткөрүлдү.

## Корутунду

**1.** 2016-жылдын 1-январынан тартып 2016-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметаларынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2018-жылдын 4-декабрындагы № 01-23/200 жазма буйругундагы 25 пунктунун ичинен 19 пункт аткарылган, 6 пункт (2, 4, 12, 15, 22, 23-пункттары) жарым-жартылай аткарылган.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 18-январындагы № 01-9/15 буйругунун негизинде, токой чарбаларында өндүрүштүк милдеттенмелер берилген.

Департамент тарабынан берилген маалыматка ылайык, аудит мезгилинде, кээ бир токой чарбалар боюнча берилген план аткарылбай калган: Араван токойчулугу боюнча көчөт материалдарын өстүрүү план боюнча 200 миң даана болсо, аткарылганы 75,6 миң даана же 37,8 %; Жай-Терек токойчулугунда план 80 миң даана болсо, аткарылганы 69,72 миң даана же 87 %, Кара-Көл токойчулугунда план 60 миң даана, аткарылганы 54,1 миң даана же 90 %; Тогуз-Торо токой чарбасында план 220 миң даана болсо, аткарылганы 53 миң даана же 24 %.

Үрөн даярдоо боюнча Жай-Терек токойчулугунда план боюнча 1000 кг, аткарылганы 312 кг же 31 %; Көк-Алма токойчулугунда план боюнча 1000 кг, аткарылганы 585 кг же 58,5 %.

**3.** Жаңгак-мөмө токойлорун жакшыртуу, мол түшүм алууга багытталган жаңгак плантацияларын түзүү, жергиликтүү базардын керектөөсүн камсыз кылуу, жаңгактарды кайра иштетүү жана атаандаштыкка кудуреттүү, экологиялык таза продукцияны экспорттоо, азык-түлүк коопсуздугун чыңдоого көмөк берүү жана өлкөнүн калкынын турмуш деңгээлин жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 293 токтому менен бекитилген, “2025-жылга чейин Кыргыз Республикасында жаңгак-мөмө өсүмдүктөрүн өнүктүрүү боюнча программанын”, 2017-жылга бекитилген иш-чаралардын планы Жалал-Абад, Ош жана Баткен аймактык башкармалыктарында аткарылышы төмөнкүдөй:

- Жаңгак плантациясын отургузуу, га - план 190га. факт 293 га аткарылганы 154 %;
- Сорттуу (кыйыштырылган) жаңгак көчөттөрүн өстүрүү, миң даана - план 9, факт 8, аткарылганы 88,8 %;
- Өсүп жаткан жаңгак экме токойлорун жакшыртуу, га – план 700, факт 700, аткарылганы 100 %;
- Мисте плантациясын отургузуу, га - план 143, факт 110, аткарылганы 76,9 %;
- Сорттуу мисте көчөттөрүн өстүрүү, миң даана - план 30, факт 4,6, аткарылганы 15,3 %;
- Өсүп жаткан бадам экме токойлорун жакшыртуу, га - план 150, факт 147, аткарылганы 98 %.

**4.** 2017-жыл ичинде, Мамлекеттик токой коргоо кызматкерлери тарабынан түзүлгөн протоколдордун негизинде, 798 токой мыйзам бузуу фактылары катталып, жалпы мамлекетке келтирилген зыяндын өлчөмү 5468,6 миң сомду түздү.

Булардын ичинен укук коргоо органдарына 1367,5 миң сомдук зыян келтирилген 28 материал боюнча иш кагаздары жөнөтүлгөн.

Жалпы мамлекетке келтирилген зыяндын ичинен 2011,4 миң сом өндүрүлгөн. Республика боюнча өндүрүмдүүлүктүн көрсөткүчү 36,8 % түзөт.

Өткөн жылдардан бери каралбай жана өндүрүлбөй келе жаткан калдыктын жалпысы 66 материал, суммасы 7578,5 миң сом, анын ичинен укук коргоо жана сот органдарында 44 иш, суммасы 7126,6 миң сом. Токой чарбаларында 22 иш, суммасы 451,9 миң сом.

**5.** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинде белгилүү болгондой, 2016-жылга чейин токой чарбалардын жана өз алдынча токойчулуктардын берген маалыматы боюнча мамлекеттик токой фондусунун аймагында мыйзамсыз салынган курулуштардын саны 690 деп белгиленген. Ошол эле учурда “Токой аңчылык жайгаштыруу” Мамлекеттик мекемесинин маалыматы боюнча мыйзамсыз салынган курулуштардын саны 3038ди түзөт. Бүгүнкү күндө, 4 областта (Чүй, Нарын, Ош, Баткен) мамлекеттик токой фондунун жерлеринде мыйзамсыз курулуш иштери боюнча иш чаралары «Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу» Мамлекеттик мекемеси тарабынан жүргүзүлүп, жалпысынан 1581 даана курулуштардын саны аныкталып, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешине маалымат жөнөтүлгөн.

Тактап айтканда, 2017-2018-жылдар аралыгында мамлекеттик токой фондусундагы жерлерге салынган мыйзамсыз курулуштарды кайрадан тактоо иштери жүргүзүлгөн жана бул маселенин келип чыгышы талданып, жооптуу жактардын жоопкерчилигин кароо боюнча алгылыктуу иш-чаралар жүргүзүлө электиги аныкталды.

**6.** Мамлекеттик экологиялык экспертиза жана жаратылышты пайдалануу башкармалыгында жаратылышты рационалдуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнүн сапатын жөнгө салуу максатында, Башкармалык жана аймактык башкармалыктар тарабынан баардыгы болуп 3637 уруксат кагаздары, лицензия, чечим жана эксперттик корутундулар берилген.

Мындан тышкары, Мамлекеттик токой фондунун жеринен сырткары жайгашкан бак-дарактарды кыюуга 1149 актылар макулдашылган.

Мамагенттиктин Башкармалыгы тарабынан экологиялык экспертиза өткөрүүгө, Агенттиктин 2016-жылдын 19-августундагы № 01-9/229 жана 2017-жылдын 26-октябрындагы № 01-9/242 буйруктары менен комиссиянын курамы 7 адамдан түзүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө “Экологиялык экспертиза жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-берениси жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы № 248 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 12-13-пункттары аткарылган эмес. Тагыраак айтканда, комиссиянын курамына штаттан тышкаркы эксперттер, коомчулуктун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү киргизилүүсү көрсөтүлгөнү менен, комиссиянын курамына киргизилген эмес, ошондой эле анын аймактык органдары мамлекеттик экологиялык экспертизанын ар бир конкреттүү объектиси боюнча мамлекеттик экологиялык экспертизанын эксперттик комиссияларын түзүлүүсү көрсөтүлгөнү менен, аткарылган эмес.

Ошондой эле жогорудагы түзүлгөн комиссиянын курамындагы 7 мүчөнүн ордуна, негизинен комиссиянын 3 мүчөсүнүн катышуусу менен,

Мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусу боюнча 97 % чечим кабыл алынган.

**7.** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10, 11, 12-беренелеринин талаптарын бузуу менен Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылыш коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда, Сары-Челек мамлекеттик биосфералык коругунда; Нарын мамлекеттик коругунда; “Кара-Шоро” мамлекеттик жаратылыш паркында; Тоскоол Ата, Ала-Бука, Авлетим, Орток, Кочкор-Ата, Кара-Алма, Ак-Талаа, Ноокат, Фрунзе, Кара-Кулжа, Ош, Алай, Үч-Коргон токой чарбаларында, Урумбаш жана Чоң-Алай токойчулуктарында мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлгөн. Атап айтканда, сатып алууларды ишке ашыруу үчүн өзүнчө бөлүм түзүлүп, жоопкерчилик жүктөлгөн эмес; кезектеги финансылык жылга мамлекеттик сатып алуулардын натуралай жана акчалай көрсөтүлгөн планы иштеп чыгылып, мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылган эмес; сатып алуулардын планында мамлекеттик сатып алуулардын предмети, анын саны жана сатып алууларды жүргүзүүнүн болжолдуу баалары жана мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтар камтылган эмес.

**8.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 4-октябрындагы №718 “Кыргыз Республикасынын экономикасында накта акчалай эмес эсептешүүгө өтүү боюнча чараларды күчөтүү жөнүндөгү” токтомунун талаптары сакталбастан, жалпы 3733,7 миң сом накталай акча чарбалардын кассасына кириштелип, тиешелүү чыгымдарга сарпталган, анын ичинен: Урумбаш токойчулугунда - 486,6 миң сом, Орток токой чарбасында - 1987,3 миң сом, Кара-Алма токой чарбасында - 1259,8 миң сом.

**9.** Бухгалтерия тарабынан GIZ долбоору аркылуу 2016-2017-жылдары берилген товардык-материалдык баалуулуктар иш жүзүндө балanска алынып, тийиштүү жоопкерчиликтүү кызматкерлерге буйрук менен алардын жоопкерчилигине жүктөлгөн эмес. Балanска кабыл алынбаган товардык-материалдык баалуулуктардын суммасы 488,4 миң сом, анын ичинен: Кызыл-Үңкүр токой чарбасы - 297,1 миң сом, Арстанбап-Ата токой чарбасы - 19,0 миң сом, Каба токой чарбасы - 172,3 миң сом. Текшерүүнүн жүрүшүндө бул товардык-материалдык баалуулуктар иш жүзүндө бар экендиги аныкталып, бухгалтердик балanска кириш кылуу менен катар, ар бир кызматкердин жеке материалдык жоопкерчилигине өткөрүлдү.

**10. Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду**

**10.1.** 2017-жылы 2016-жылга салыштырмалуу жаратылышты коргоо иш-чараларына 179 млн. 811 миң сомго аз бөлүнгөн, же болбосо 65 %га азайган.

2017-жылы бюджетке түшкөн 294 413,8 миң сом жаратылышты пайдалануу үчүн акы төлөмдөрдүн ичинен 95 494,1 миң сому жаратылышты коргоо иш-чараларын каржылоого кеткен, ал эми жаратылышты коргоо иш-чаралары 198 919,7 миң сомго каржыланбай калган, же түшкөн төлөмдөрдүн 33 %га гана жаратылышты коргоо иш-чараларын каржылоого кеткен.

**10.2.** 2017-жылы Тажикстан, Өзбекстан, Кытай өлкөлөрүнөн 20483 жеңил машина, 32181 жүк ташуучу машиналар чек арадан өтүп, машиналардан

түшүүчү төлөмдөр болжолдуу 100935,5 миң сомду түзмөк, ал эми кирген автотранспорт каражаттарынан түшкөн төлөмдөрдүн жалпы суммасы 68 170,9 миң сомду түзгөн. Болжолдуу түшпөй калган каражаттын суммасы **32764,6 миң сомду түзөт.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 17-декабрындагы №675 "Кыргыз Республикасынын аймагына чет мамлекеттердин транспорт каражаттары киргенде айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу тартиби жөнүндө убактылуу" Жобо боюнча кыргыз-казак чек арасында экологиялык посттор ачылбай, чек арадан кирген автомашиналардан төлөмдөр алынбагандыктан, 2017-жылы республикалык бюджетке болжолдуу **202 103,0 миң сом** түшпөй калган.

**10.3.** Республикалык фонддун 2019-жылдын 25-январындагы № 02-44/1 буйругунун негизинде, Республикалык фонддун аткаруучу директорунун орун басары К. Дабаев "Хан-Теңири" Мамлекеттик жаратылыш паркына берилген 7 даана контейнерлерди өз жеринде караганда, аталган контейнерлер "Хан-Теңири" мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына кардон-үй катары коюлууга тийиш болсо, алардын ичинен 4 даанасы Каракол шаарында ар кайсы жерлерде, 1 даанасы Жети-Өгүз айылындагы жаңы конушта, 1 даанасы Челпек айылында турганы, ал эми 1 даана контейнердин дайыны жоктугу жана Каракол шаарындагы Кыдыр аке көчөсүндө турган 1 даана контейнер вулканизация катары пайдаланууда экендиги аныкталды.

**10.4.** 2017-жылдын 27-декабрында "Хан-Теңири" мамлекеттик жаратылыш паркы борт жүк ташуучу автомашинасын сатып алуу боюнча конкурс жарыялап, конкурстун жеңүүчүсү "Компания Досой" ЖЧКсынан 740,0 миң сомго УАЗ-фермер автомашинасын сатып алган, бирок, аталган машина мамлекеттик каттодон өткөн эмес.

**10.5.** 2017-жылдын Барскоон айыл өкмөтүнө алынып берилген Беларусь 82.1 трактору Барскоон айыл өкмөтүнүн балансына алынып, андан ары Барскоон айыл өкмөтүнүн буйругунун негизинде, "Таарылга Булак" коомдук уюмуна өткөрүлүп берилип, коомдук уюмдун иштерин жүргүзүп, максаттуу пайдаланылбагандыгы аныкталды.

**10.6.** 2017-жылдын 1-январына карата атайын эсеп боюнча дебитордук карыздын суммасы 39963,2 миң сом болсо 2017-жылдын 31-декабрына 36963,7 миң сомду түзгөн.

Бюджеттик эсеп боюнча 2017-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз – 5927,9 миң сомду түзөт. Бул карыздар 2017-жылы пайда болгон жана 2018-жылдын 1-кварталында отчеттор берилип, дебитор 5925,1 миң сомго азайган.

2017-жылдын 1-январындагы жана 2017-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча кредитордук карызы жок.

**10.7. Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылыш коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда** 2017-жылдын 31-декабрына дебитордук карыз 36963,7 миң сомду түзөт, анын ичинен эски жылдардан бери келе жаткан дебитордук карыз 7967,6 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш Башкармасынын алдындагы №1 Мамлекеттик резиденциясына жашылдандырууга берилген (3296,6 миң сом) көчөттөр боюнча мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Баланстын №6 тиркемесине ылайык, 2018-жылдын 1-январына карата Фонддун бюджеттик жана атайын каражаттарынан аласа суммасы 38262,8 миң сомду түзөт.

**10.8. Ош-Баткен жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда** 2005-жылдын бери 742,8 миң сомдук дебитордук карыз өндүрүлбөй, ал эми 1052,5 миң сомдук кредитордук карыз жоюлбай келет.

## 11. Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаменти

**11.1.** 2017-жылдын 1-январына карата аңчылык эрежелерин бузуу боюнча түзүлгөн протоколдордун аткарылбай калган саны 69 айып суммасы 110,4 миң сом, келтирилген доонун саны 54 суммасы 1668,1 миң сом болгон, өндүрүлбөй калган сумма баары болуп 1778,5 миң сомду түзгөн. Аудит ичинде прокуратура тарабынан 5 иш айып суммасы 13,5 миң сом, келтирилген доо 3 иш суммасы 63,9 миң сом өндүрүлгөн жана аймактык кызматкерлер тарабынан 15 иш айып суммасы 7,9 миң сом, келтирилген доо 16 иш суммасы 98,9 миң сом өндүрүлгөн. 2018-жылдын 1-январына карата өткөн жылдан калдык айып 49 иш суммасы 90,6 миң сом, келтирилген доо 35 иш суммасы 1505,32 миң сом өндүрүлбөй келүүдө.

2017-жылдын 12 ай ичинде Департаменттин аймактык кызматкерлери тарабынан аңчылык эрежелерин бузуу боюнча 381 фактысы аныкталып, 3 245,65 миң сомго браконьерлер тарабынан жаратылышка зыян келтирилген. Анын ичинен жаныбарларга зыян келтирүү 239 иш боюнча 2 323,2 миң сомго, өсүмдүктөргө 110 иш боюнча 770,3 мин сомго жана башка мыйзам бузуулар боюнча 152,1 миң сом өлчөмүндө 32 ишке протоколдор түзүлгөн. 337 иш өндүрүлгөн суммасы 2 749,1 миң сом (84,7 %).

Коргоо мыйзамдарын бузулган фактылар боюнча браконьерлерге 505,2 миң сомго айып коюлуп, анын ичинен 433,6 миң сом өндүрүлгөн, доо акылары боюнча 2 740,3 миң сом коюлуп, анын ичинен 2 315,5 миң сом өндүрүлгөн. Жылдан-жылга түзүлгөн протоколдордун аткарылбай калган саны, келтирилген доонун суммасы өз учурунда бюджетке өндүрүлбөгөндүгү байкалууда, башкача айтканда, 2016-жылдан 72 иш суммасы 1778,5 миң сом, 2017-жылдан 44 иш суммасы 496,5 миң сом, баардыгы болуп 116 иш аткарылбай 2275,0 миң сом бюджетке өндүрүлбөй келүүдө.

**11.2.** 2018-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын аймагында турган аңчылык пайдалануучулардын саны 48ди түзгөн, анын ичинде: Жалал-Абад областында – 3, Ысык-Көл областында – 17, Нарын областында – 19, Ош областында – 2, Талас областында – 2, Чүй областында – 5.

Мамагенттиктин алдындагы Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаментинде биотехникалык иштерди жүргүзүү боюнча баштапкы документтерди карап чыкканда, 896,0 миң сомго жасалган иштер боюнча документтер жок болуп чыкты, анын ичинен: “Юг-Эко-Хант”

ЖЧКсынан – 422,0 миң сомго, “Арпа-Марка-Поло” ЖЧКсынан – 438,0 миң сомго, “Карасай-Сырт” ЖЧКсында – 20,0 миң сомго, “КАБО” ЖЧКсынан – 16,0 миң сомго.

**12.** Мамагенттиктин Токой экосистемаларын өнүктүрүү департаментинин 2017-жылдын жыйынтык теңдеми боюнча атайын каражаттардан 2017-жылдын 1-январына карата дебитордук карыздар 27102,0 миң сомду түзүп, 31-декабрына карата дебитордук карыздар 39173,1 миң сомду түзгөн, же токой чарбаларынын отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча дебитордук карыздары.

2017-жылдын 1-январына карата мамлекеттик токой фондусунун ижара акысы боюнча дебитордук карыздар 19527,5 миң сомду түзсө, 31-декабрына карата дебитордук карыздар 34698,6 миң сомду түзгөн, же токой чарбаларынын отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча дебитордук карыздары 15171,1 миң сомго өсүүгө жол берилген.

Эң көп дебитордук карыздар: Жалал-Абад областы боюнча 17272,6 миң сом, же жалпы дебитордук карыздардын 49,7 %ын түзөт *(Чаткал токой чарбасында - 3312,1 миң сом, Кызыл-Үңкүр токой чарбасында - 2491,9 миң сом, Жайтерек токойчулугунда - 1414,6 миң сом, Кара-Алма токой чарбасында - 1402,4 миң сом, Тоскоол-Ата токой чарбасында - 1300,8 миң сом)*, Ыссык-Көл областы боюнча 16630,5 миң сом, же жалпы дебитордук карыздардын 47,9 %ын түзөт *(Балыкчы токой чарбасында - 14028,0 миң сом, Ыссык-Көл токой чарбасында - 2107,4 миң сом)*, Чүй областы боюнча дебитордук карыздар 40,5 миң сом, же 0,1 %, Талас областы боюнча дебитордук карыздар 413,0 миң сом, же 1,2 %, Нарын областы боюнча дебитордук карыздар 41,0 миң сом, же 0,1 %, Баткен областы боюнча дебитордук карыздар 300,7 миң сом, же 0,9 %.

**13. Аудиттин жыйынтыктары боюнча жалпысы болуп 35095,1 миң сомдук** каржы бузуулар аныкталды. Анын ичинен:

- **263,6 миң сом суммасында акча каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги** аныкталды.
- **8673,4 миң сомго каражаттарды чыгымдоодо бузуулар жана кемчилдиктер** аныкталды, анын ичинен:

- эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр - 1509,7 миң сомго,

- материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруулар - 1228,8 миң сомго, анын ичинен: иш сапар чыгымдары боюнча ашыкча төлөөлөр – 285,9 миң сомго аныкталган;

- казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар - 1968,5 миң сомго,

- курулуш-куроо иштеринин көлөмүн негизсиз көбөйтүүлөр - 494,6 миң сомго,

- мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануулар - 222,7 миң сомго,

- дебитордук карыздарды эсептен жашыруулар - 3249,1 миң сомго.

- **Бюджетке кошумча кошуп эсептелген кирешелер 25975,0 миң сомду** түздү.
- **Социалдык фондунун бюджетине кошумча кошуп эсептелген кирешелер 183,1 миң сомду** түздү.

- **260212,8 миң сом суммасында бюджеттик резервдер жана жоготуулар** аныкталды, анын ичинен:
  - товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдалышы - 197,9 миң сомго;
  - сметадан ашыкча каржыланган сумма - 417,8 мин сомго;
  - эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар - 508,9 миң сомго;
  - башка бюджеттик резервдер жана жоготуулар - 259088,2 миң сомго.
- **Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар 9600,1 миң сомду** түздү, анын ичинен:
  - максатына жетпестен, ыксыз жөнү жок иштетилген каражаттар - 892,7 миң сомду;
  - товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана каражаттардын калдыктары - 8707,4 миң сомду, анын ичинен:
  - товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору - 8545,4 миң сомду;
  - дебитордук карыздардын кредитордук карыздардан ашырылышы - 162,0 миң сомду түздү.

**14. Мамагенттиктин борбордук аппараты**

Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы № 530 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын аткаруу бийлигинин бир катар мамлекеттик органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомунун негизинде, башкы эсепчи жана башка жооптуу кызматтык адамдар алмашканда комиссия түзүлүп, алардын ишин өткөрүп берүү-кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 29-июнундагы № 97 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча Жобонун” талаптарына ылайык жүргүзүлүшү керек.

Белгилей кетүүчү нерсе, Жобонун 4-параграфынын 11-19-пункттарына ылайык, башкы бухгалтер жана башка жооптуу кызматтык адамдар алмашканда комиссия түзүлүп, алардын ишин өткөрүп берүү-кабыл алуу уюштурулган эмес.

Аудиттин жыйынтыгында дагы бир өзгөчө белгиленген маселе, Мамагенттиктин борбордук аппаратында, ведомстволук мекемемелеринде же баардык тармактарында бухгалтердик эсеп жана отчеттуулукту автоматташтырылган негизде “1-С: Бухгалтерия” программасын версиясын киргизүү боюнча 2014-жылдан бери иш жүргүзүлүп келет. 2015-жылда региондор боюнча окуу-семинарлары да уюштурулган.

Бирок, ведомстводо бухгалтердик эсепти сапаттуу камсыз кылуу максаты толук ишке ашкан эмес.  Мамлекеттик агенттикте 2015-жылдан бери “1-С: Бухгалтерия” программасын киргизүүгө бюджеттик жана долбоорлордун каражатынын (бюджеттик, атайын эсептен, республикалык жана жергиликтүү жаратылышты коргоо фондунун каражаттарынан жана техникалык-гуманитардык жардамдын) эсебинен, материалдык техникалык база менен чындоо же компьютердик жана башка техникаларды алууга, программалар менен камсыздоого, кадрларды даярдоо жана окутууга, ж.б. кеткен каражаттар

боюнча эч кандай маалымат жок. Азыркы текшерүүдө сурамжылоо аркылуу 2017-жылда Мамагенттиктин 24 чарбалык субъектилери “1-С: Бухгалтерия” программасы боюнча консультация берүү, камсыз кылуу, коштоо боюнча 5 ЖЧК менен 1332,8 миң сомго келишим түзүшүп, 1284,8 миң сом, 2018-жылы 33-чарбалык субъектилери 5-ЖЧК менен 1876,2 миң сомго келишим түзүшүп, 1593,0 миң сом төлөнгөн. Бул маселе боюнча чыгымдалган бюджеттик каражаттар максатка ылайыксыз пайдаланылган катары эсептелет. Себеби, азыркы мезгилдин талабы, ар бир башкы адис (башкы бухгалтер) функционалдык милдети боюнча “1-С: Бухгалтерия” программасынын акыркы версиясын билиши керек.

**15. Тоскоол-Ата токой чарбасы**

Токой чарбада мамлекеттик токой фондунун ижарачыларын каттоо китеби 2016-жылдан баштап ачылган жана 2011-2016-жылдардагы түзүлгөн келишимдер катталган. Бирок, китептеги маалыматтар ижарачылар боюнча толук маалымат бере албайт, карыздар, төлөмдөр, келишим шарттары жана башка аналитикага керектүү маалыматтар жетиштүү эмес.

Токой чарбасынын 2018 жылдын 25-сентябрындагы № 01-2/43 буйругунун негизинде, өткөрүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча негизги каражаттардан 63,5 миң сомдук жетишпестик чыккан, ордуна коюла элек *(Казан-Мазар токой бөлүмүнүн бөлүм башчысы К .Омоевдин жоопкерчилигиндеги 43,4 миң сомдук 1 баш миңгич ат; мурдагы башкы токойчусу Н. Нурбаевдин жоопкерчилигиндеги 20,1 миң сомдук ноутбук).*

Башкы бухгалтерлер алмашканда, бухгалтердик эсептин талаптарына ылайык тийиштүү түрдө буйрук менен Комиссия түзүлүп, толук инвентаризация өткөрүү менен бухгалтердик документтер, эсеп регистрлери тизме боюнча өткөрүлүп берилген эмес.

Башкы бухгалтер тарабынан атайын каражаттар боюнча эмгек акы эсептөө китебин таап бере алган жок. Ал эми бюджеттик каражаттар боюнча эмгек акы эсептөө китебинин жүргүзүлүшү бухгалтердик талапка жооп бербейт, тагыраак айтканда:

- айдын башына жана аягына дебитордук же кредитордук калдыктар көрсөтүлбөйт;
- эмгек акы жана башка төлөмдөр графалары, жалпы эсептелген сумманын жыйынтыгы чыгарылбайт;
- эмгек акыдан кармоолор боюнча маалым даректер толугу менен толтурулуп, кассадан берилген суммалар, жалпы кармалган суммалардын жыйынтыгы чыгарылбайт.

**16. Кочкор-Ата токой чарбасы**

Бухгалтердик баланс боюнча чийки жана материалдардын корлору 2017-жылдын башына калганы 86226,0 миң сомду түзүп, жыл ичинде 335,7 миң сомдук кириштелген, жыл ичинде 2997,4 миң сомдук эскилиги жеткен материалдык баалуулуктардын чыгышталган жана жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун жыйынтыгы менен 80931,9 миң сом чыгышталган, ал эми 2017-жылдын 31-декабрына карата 2632,4 миң сомдук калдык калган. Запастардан 2017-жылдын башына калган 86226,0 миң сомдун ичинен 80931,9

миң сому бухгалтердик балanска жаңылыш кириштелген жана негизсиз чыгышталган.

**17. Кара-Алма токой чарбасы**

Токой чарбасынын балансында Сузак районунун жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо бирдиктүү мамлекеттик реестринде 2015-жылдын 31-мартында № 4615-4616,4617-4618 менен катталган, Кара-Алма токой чарбасынан мөөнөтсүз пайдаланууга берилгендигин аныктаган мамлекеттик актысына негиз 30831,5 га аянты бар.

Аудиттин жүрүшүндө, Сузак районунун жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармасынын 2018-жылдын 11-декабрындагы №01-17/221 жер балансынын отчетунун көчүрмөсүнө ылайык, мурдагы берилген мамлекеттик актысы менен **1235,5 га** айырмачылыгы бар.

Кириштөө жана чыгыштоо кассалык ордерлерди, кириштөө жана чыгыштоо кассалык документтерди (КО-3 форма) каттоо журналында кассир тарабынан катталуусу буйрукта көрсөтүлгөнү аткарылган эмес. Андан сырткары, токой чарбасынын кызматкерлерди жумушка кабыл алуу, жумуштан бошотуу боюнча жана өндүрүштүк буйруктарды каттоо журналдарын аудитке көрсөтө алган жок.

**18. Аркыт токой чарбасы**

2011-жылы токой чарбанын балансына жемиш кургатуучу 1 даана аппарат баасы **450,0 миң сом** кириш болгон. Бирок, азыркы учурда эч кыймылсыз турат. Бул болсо өз максатына жетпегендигин далилдейт.

**19. Ак-Талаа токой чарбасы**

Токой чарбасынын балансындагы 2013-жылкы 1 бирдик МТЗ-82 трактору тиешелүү мамлекеттик органда катталган эмес.

**20. Ат-Башы токой чарбасы**

Аудит камтыган мезгилде кордон үйлөрүнө капиталдык оңдоо 591,1 миң сомго жүргүзүлгөн, ошону менен бирге, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, бул суммага токой чарбасынын балансы жогорулатылган эмес. Аудиттин жүрүшүндө, тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, токой чарбасынын балансы 591,1 миң сомго жогорулатылды.

**21. Нарын токой чарбасы**

Аудит камтыган мезгилде курулмаларга капиталдык оңдоо 991,1 миң сомго жүргүзүлгөн, ошону менен бирге, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, бул суммага токой чарбасынын балансы жогорулатылган эмес. Аудиттин жүрүшүндө, тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, токой чарбасынын балансы 991,1 миң сомго жогорулатылды.

**22. Ысык-Көл биосфералык аймагынын дирекциясы**

Каттоонун жыйынтыгында, негизги каражаттардан баланстык баасы 85,5 миң сомдук 1 даана кайыктын чиркегичи ашыкча болгону аныкталды. Аудит учурунда ашыкча чыккан кайыктын чиркегичи бухгалтердик эсеп боюнча кириштелди.

**23. Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругу**

Баркырак коругунун чек арасынан божомол менен 25-30 чакырым жерде жайгашкан. Ушунча аралыкты басып, андан ары узундугу 6875 метр жол салынганын коруктун бир да кызматкери бул жасалган иштерди көргөн эмес.

Биринчи кезекте Баркырак коругунун егерлери Б. Баймырзаев менен Э. Бекешевдердин өз жумуштарын так аткарбаганы байкалат. 2017-жылдын 19-январындагы Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунун №1 буйругу менен бекитилген кызматтык нускама так аткарылбай келген.

Ал эми “Мурас-Синтез” Жоопкерчилиги чектелген коом тарабынан “Өзгөчө коргоолуучу жаратылыш аймактар” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгү, 13-беренесинин 4-бөлүгү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2014-жылдын 12-мартындагы №01-9/102 буйругу менен бекитилген, “Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунун” Жобосунун 3- графасынын 1-бөлүгү одоно бузулган.

Беш-Арал өзгөчө коргоолуучу жаратылыш коругунун жооптуу кызматкерлери тарабынан Кыргыз Республикасынын Административдик кодексинин 547-1-беренесинин негизинде, “Мурас-Синтез” Жоопкерчилиги чектелген коомуна Баркырак корук бөлүмүндө эски жолдон сырткары жол салуудан жана дарак өсүмдүктөрүнүн өсүүсүн токтоткон деңгээлге чейин жерди сүрүп келтирген зыяны үчүн, 2018-жылдын 11-апрелинде протокол түзүлүп, келтирилген зыян 605,1 миң сомду түзгөн.

Протокол түзүлсө да ага күнөөлү жак кол коюп, 1 нускасы берилген эмес, толтурулган протокол эч бир күчкө ээ болбой, Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунун имаратында кала берип, келтирилген 605,1 миң сомдук зыян өндүрүлгөн эмес. Ошондой эле, Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругу жетекчилери тарабынан укук коргоо органдарына берилген эмес.

**24. Чоң-Кемин мамлекеттик жаратылыш паркында** аныкталган “Элит-Нур” ЖЧКсынан 736,5 миң сомдук ижара акысы 2015-жылдан бери өндүрүлбөй келе жатат.

**25. Кызыл-Үңкүр токой чарбасында** башкы бухгалтерлер алмашканда, бухгалтердик эсептин талаптарына ылайык, тийиштүү түрдө буйрук менен Комиссия түзүлүп, толук инвентаризация өткөрүү менен бухгалтердик документтер, эсеп регистрлери тизме боюнча өткөрүлүп берилген эмес.

## Сунуштар

**1.** Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары талкуулансын жана бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметаларынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышындагы аныкталган каржы бузууларга жана башка бузууларга жол бербөө боюнча чаралар көрүлсүн.

Бузууларга жана иштеги кемчиликтерге жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**2.** 2016-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун 2, 4, 12, 15, 22, 23-пункттарынын аткарылышы камсыздалсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 18-январындагы № 01-9/15 буйругунун негизинде берилген өндүрүштүк милдеттенмелерди аткарбаган токой чарбаларына: Араван, Жай-Терек Кара-Көл, Көк-Алма токойчулуктарына жана Тогуз-Торо токой чарбасына тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**4.** Жаңгак-мөмө токойлорун жакшыртуу, мол түшүм алууга багытталган жаңгак плантацияларын түзүү, жергиликтүү базардын керектөөсүн камсыз кылуу, жаңгактарды кайра иштетүү жана атаандаштыкка кудуреттүү, экологиялык таза продукцияны экспорттоо, азык-түлүк коопсуздугун чыңдоого көмөк берүү жана өлкөнүн калкынын турмуш деңгээлин жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 2-июнундагы № 293 “2025-жылга чейин Кыргыз Республикасында жаңгак-мөмө өсүмдүктөрүн өнүктүрүү боюнча программа жөнүндө” токтому менен бекитилген иш-чаралардын пландарынын аткарылышын камсыз кылуу, Жалал-Абад, Ош жана Баткен аймактык башкармалыктарына жүктөлсүн.

**5.** Мамлекеттик токой фондунун жерлерин пайдаланууда мамлекетке келтирилген 5468,6 миң сомдук зыянды өндүрүү боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**6.** Мамлекеттик токой фондусундагы жерлерге салынган мыйзамсыз курулуштарды талдап, жооптуу жактардын жоопкерчилигин кароо боюнча алгылыктуу иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**7.** Жаратылышты рационалдуу пайдаланууну жана айлана-чөйрөнүн сапатын жөнгө салуу максатында уруксат кагаздарды, лицензияларды, эксперттик корутундуларды берүүдө, “Экологиялык экспертиза жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы № 248 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобого ылайык иш жүргүзүлсүн.

**8.** Мамагенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүндө эмгек акылар, үстөк акылар жана кошумча төлөөлөр Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын негизинде жүргүзүлүшү көзөмөлгө алынсын.

**9.** Мамагенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүндө товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар боюнча “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын сакталышы көзөмөлгө алынсын.

**10.** Мамагенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүндө электр, жылуулук энергиялары, суу, байланыш кызматы жана башка кызмат көрсөтүүлөр боюнча ченемдер белгиленсин жана аларды пайдаланууда белгиленген ченемдердин сакталуусу көзөмөлгө алынсын.

**11.** Мамагенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүнө ар кандай уюмдардан гуманитардык жана башка жардам катары келип түшкөн товардык материалдык

баалуулуктар өз убагында бухгалтериялык балансқа кириштелүү жагы көзөмөлгө алынсын.

**12.** 169,8 миң сом суммасында акча каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиктери күнөөлүү адамдардан өндүрүлүп, ордуна коюлсун, анын ичинен: Кара-Алма токой чарбасында 117,2 миң сомдук негизги каражаттардын жетишпестиги, Алай токойчулугунда 51,5 миң сомдук негизги каражаттардын жетишпестиги, Баткен токой чарбасында 1,1 миң сомдук акча каражаттардын жетишпестиги.

**13.** 88,8 миң сом суммасындагы эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп, ордуна коюлсун, атап айтканда: Кара-Алма токой чарбасында - 61,5 миң сом; Ысык-Көл биосфералык аймагынын дирекциясында – 2,5 миң сом; Чүй токой чарбасында - 24,8 миң сом.

**14.** 920,1 миң сом суммасындагы материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруулар тиешелүү кызматкерлерден жана коомдордон өндүрүлүп, ордуна коюлсун, анын ичинен: Мамагенттиктин алдындагы Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаментинде - 896,0 миң сомго жасалган иштер боюнча документтер жок, анын ичинен: “Юг-Эко-Хант” ЖЧКсында – 422,0 миң сомго, “Арпа-Марка-Поло” ЖЧКсында – 438,0 миң сомго, “Карасай-Сырт” ЖЧКсында – 20,0 миң сомго, “КАБО” ЖЧКсынан – 16,0 миң сом; Ысык-Көл аймактык башкармалыгында – 1,6 миң сом; Чүй токой чарбасында – 22,5 миң сом.

**15.** 189,9 миң сом суммасындагы иш сапар чыгымдары боюнча ашыкча төлөөлөр тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп, ордуна коюлсун, анын ичинен: Өзгөн токой чарбасында – 5,4 миң сом; Алайкуу токой чарбасында – 2,5 миң сом; Балыкчы токой чарбасында – 13,6 миң сом; Кара-Алма токой чарбасында – 21,8 миң сом; Беш-Арал мамлекеттик жаратылыш коругунда – 10,7 миң сом; Баткен аймактык башкармалыгында – 18,7 миң сом; Авлетим токой чарбасында – 117,2 миң сом.

**16.** Мамагенттиктин Жалал-Абад аймактык башкармалыгынын буйругу менен, аудит мезгилинде башкармалыктын адистерине иш сапарга чыкканда, токой чарбаларынын атайын эсептеги каражаттарынын эсебинен, иш сапар чыгымдарын төлөө жүктөлүп жана 72,1 миң сом суммасындагы негизсиз төлөнгөн каражаттарды өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн, анын ичинен: Аксы токой чарбасында - 5,3 миң сом; Арстанбап-Ата токой чарбасында – 3,7 миң сом; Кызыл-Үңкүр токой чарбасында – 5,9 миң сом; Кочкор-Ата токой чарбасында – 17,9 миң сом; Авлетим токой чарбасында – 5,6 миң сом; Урумбаш токойчулугунда – 7,2 миң сом; Орток токой чарбасында – 6,2 миң сом; Тоскоол-Ата токой чарбасында – 15,5 миң сом; Ала-Бука токой чарбасында – 4,8 миң сом.

**17.** 373,5 миң сомдук курулуш-куроо иштеринин көлөмүн негизсиз көбөйтүүлөр өндүрүлсүн, анын ичинен: Кочкор-Ата токой чарбасы боюнча 373,5 миң сомдук, атап айтканда, курулуш-куроо иштерине кошумча сметасы же курулуш долбоору жок 373,5 миң сом ашыкча которулган акча каражаты “Уулбу” Жоопкерчиги чектелген коомунан өндүрүлүп алынсын.

**18.** 2623,4 миң сом суммасындагы эсептен жашырылган дебитордук карыздар бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилсин, анын ичинен:

Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу мамлекеттик мекемесинде - 586,3 миң сомго; Кара-Алма токой чарбасында – 621,3 миң сомго; Авлетим токой чарбасында – 182,2 миң сомго; Урумбаш токой чарбасында – 50,5 миң сомго; Токтогул токой чарбасында – 31,4 миң сомго; Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылыш коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда - 12,7 миң сомго; Жети-Өгүз токой чарбасында – 149,2 миң сомго; Фрунзе токой чарбасында – 678,0 миң сомго; Чоң-Кемин мамлекеттик улуттук жаратылыш паркында – 311,8 миң сомго. Мындан ары, дебитордук карыздарды бухгалтердик эсептен жашырууларга жол берилбесин.

**19.** 2017-жылы атайын каражаттардан республикалык бюджетке чегерилбей калган 25842,3 миң сом суммасынан 2018-жылы 25631,3 миң сому которулуп, которулбай калган 211,0 миң сомдук калдык республикалык бюджетке которулсун.

**20.** 132,7 миң сом өлчөмүндөгү токой чарбалардын жана жаратылыш паркынын кызматкерлеринин эмгек акысынан киреше салыгынын кармалбай, бюджетке которулбай калган суммасы чегерилип, республикалык бюджетке которулсун, анын ичинен: Кара-Алма токой чарбасы боюнча – 83,2 миң сом, Авлетим токой чарбасы боюнча – 35,6 миң сом, Ош токой чарбасы боюнча – 3,3 миң сом, Фрунзе токой чарбасы боюнча – 7,6 миң сом; жана Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркы боюнча – 3,0 миң сом.

**21.** 183,1 миң сом суммасындагы кошумча эсептелген камсыздандыруу төлөмдөрү Социалдык фонддун бюджетине которулсун, анын ичинен: Кара-Алма токой чарбасы боюнча – 154,6 миң сом; Авлетим токой чарбасы боюнча – 25,5 миң сом; Кара-Шоро мамлекеттик жаратылыш паркында – 3,0 миң сом.

**22.** Товардык-материалдык баалуулуктардан ченемден ашык сарпталган 58,9 миң сом өндүрүлүп, республикалык бюджетке которулсун, анын ичинен: Баткен аймактык токой чарба башкармалыгы боюнча кызматтык автоунаага чектелген ченемден ашыкча чыгымдалган 6,6 миң сомдук 170 литр күйүүчү май; Нарын мамлекеттик жаратылыш коругу боюнча кызматтык автоунаага ченемден ашыкча чыгымдалган 37,1 миң сомдук 1124 литр күйүүчү май; “Салкын Төр” Мамлекеттик жаратылыш паркы боюнча кызматтык автоунаага ченемден ашыкча чыгымдалган 15,2 миң сомдук 430 литр күйүүчү май.

**23.** Башка бюджеттик резервдерден жана жоготуулардан 3003,8 миң сом өндүрүлүп, республикалык бюджетке которулсун, анын ичинен: Мамагенттик тарабынан 2123,5 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик жоготууларды өндүрүү боюнча “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесине ылайык түздөн-түз укукка сыйбаган аракеттерди жасаган кызматчыларга кайтарма талаптарды коюу иштери жүргүзүлсүн; Ачы токой чарбасында – 168,7 миң сом; Жалал-Абад жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фондунда – 59,1 миң сом; Кара-Алма токой чарбасында – 276,4 миң сом; Ысык-Көл токой чарбасында – 60,0 миң сом; Ак-Суу токой чарбасында – 23,2 миң сом; Жай-Терек токойчулугунда – 205,0 миң сом; Ош токой чарбасында – 6,7 миң сом; Ак-Талаа токой чарбасында – 69,0 миң сом; Ат-Башы токой чарбасында – 12,2 миң сом жоготуулар өндүрүлсүн.

**24. Мамагенттиктин борбордук аппараты боюнча**

**24.1.** Мындан ары башкы бухгалтер жана башка жооптуу кызматтык адамдар алмашканда комиссия түзүлүп, алардын ишин өткөрүп берүү-кабыл алуу уюштурулсун.

**24.2.** Мамагенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрүндө “1-С: Бухгалтерия” программасын киргизүү боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**25. Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду боюнча**

**25.1.** “Хан Теңири” Мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына кардон-үй катары коюлууга тийиш болгон 7 даана контейнерлерди максаттуу пайдаланылышы камсыздалсын.

**25.2.** “Компания Досой” Жоопкерчилиги чектелген коомунан 740,0 миң сомго сатып алынган УАЗ-фермер автомашинасы мамлекеттик каттодон өткөрүлсүн.

**25.3.** Барскоон айыл өкмөтүнө тиешелүү Беларусь 82.1 трактору “Таарылга Булак” коомдук уюмуна эч негизсиз берилгендигине байланыштуу, кайра Барскоон айыл өкмөтүнө кайтарылсын.

**25.4.** 2017-жылдын 31-декабрына карата бюджеттик эсеп боюнча 5927,9 миң сомдук, атайын эсеп боюнча 36963,7 миң сомдук дебитордук карыздарды өндүрүү жагы камсыздалсын.

**25.5. Чүй-Бишкек-Талас жергиликтүү жаратылыш коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду боюнча** 2017-жылдын 31-декабрына карата 36963,7 миң сомдук дебитордук карыздарды, анын ичинен эски жылдардан бери келе жаткан 7967,6 миң сомдук дебитордук карыздарды өндүрүү жагы камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш Башкармасынын алдындагы №1 Мамлекеттик резиденциясына жашылдандырууга берилген (3296,6 миң сом) көчөттөр боюнча мониторинг жүргүзүлсүн.

**25.6. Ош-Баткен жергиликтүү жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду боюнча** 2005-жылдын бери келе жаткан 742,8 миң сомдук дебитордук карыз өндүрүлсүн, ал эми 1052,5 миң сомдук кредитордук карыз мыйзам чегинде жоюлсун.

**26. Жаратылыш ресурстарын коргоо жана пайдалануу департаменти боюнча**

**26.1.** Аңчылык эрежелерин бузуу боюнча түзүлгөн протоколдордун аткарылышы, салынган айып жана келтирилген доонун суммалары өндүрүлүп, республикалык бюджетке чегерүү жагы көзөмөлгө алынсын.

**27. Мамагенттиктин Токой экосистемаларын өнүктүрүү департаментинде** 2017-жылдын 31-декабрына карата 39173,1 миң сомдук дебитордук карыздар өндүрүлсүн.

**28. Тоскоол-Ата токой чарбасы боюнча**

**28.1.** Мамлекеттик токой фондунун ижарачыларын каттоо китеби талапка ылайыктуу жүргүзүлсүн.

**28.2.** Токой чарбасынын 2018-жылдын 25-сентябрындагы № 01-2/43 буйругунун негизинде, өткөрүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча негизги каражаттардан 63,5 миң сомдук аныкталган жетишпестик ордуна коюлсун, анын ичинен, Казан-Мазар токой бөлүмүнүн бөлүм башчысы К. Омоевдин жоопкерчилигиндеги 43,4 миң сомдук 1 баш миңгич ат; мурдагы башкы токойчусу Н. Нурбаевдин жоопкерчилигиндеги 20,1 миң сомдук ноутбук.

**28.3.** Мындан ары башкы бухгалтерлер алмашканда комиссия түзүлүп, алардын ишин өткөрүп берүү-кабыл алуу уюштурулсун.

**28.4.** Бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча эмгек акы эсептөө бухгалтердик китептери талапка ылайык жүргүзүлсүн.

**29. Кочкор-Ата токой чарбасы боюнча**

**29.1.** 2017-жылкы бухгалтердик балانстагы кетирилген катачылыктарды жоюп, мындан ары бухгалтердик баланстардын так жана туура түзүлүшү камсыздалсын.

**30. Кара-Алма токой чарбасы боюнча**

**30.1.** Токой чарбасынын жер балансындагы **1235,5 га** айырмачылыгы такталсын.

**30.2.** Кириштөө жана чыгыштоо кассалык ордерлери боюнча каттоо китепчеси жүргүзүлсүн.

**30.3.** Кызматкерлерди жумушка кабыл алуу, жумуштан бошотуу боюнча жана өндүрүштүк буйруктарды каттоо журналдары жүргүзүлсүн.

**31. Аркыт токой чарбасы боюнча**

**31.1.** 2011-жылы токой чарбанын балансына кириш болгон баасы 450,0 миң сомдук, азыркы учурда эч кыймылсыз турган, 1 даана жемиш кургатуучу аппаратты пайдалануу маселеси каралсын.

**32. Ат-Башы токой чарбасы боюнча**

**32.1.** Зыян шартта иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөрдү бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому жетекчиликке алынсын.

**32.2.** Токой чарбасынын балансын, кордон үйлөрүнө жүргүзүлгөн капиталдык оңдоо суммасына өз убагында жогорулатуу боюнча, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**33. Нарын токой чарбасы боюнча**

**33.1.** Токой чарбасынын балансын, кордон үйлөрүнө жүргүзүлгөн капиталдык оңдоо суммасына өз убагында жогорулатуу боюнча, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**34. “Чоң-Кемин” мамлекеттик жаратылыш паркы боюнча**

**34.1.** “Элит-Нур” Жоопкерчилиги чектелген коомунан 2015-жылдан бери өндүрүлбөй келе жаткан 736,5 миң сом суммасындагы ижара акысы боюнча карызды өндүрүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**35. Кызыл-Үңкүр токой чарбасы боюнча**

**35.1.** Мындан ары башкы бухгалтерлер алмашканда комиссия түзүлүп, алардын ишин өткөрүп берүү-кабыл алуу уюштурулсун.

**36. Чүй токой чарбасы боюнча**

**36.1.** Жараксыз абалда турган автотранспорт каражаттарын эсептен чыгаруу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна ылайык жүргүзүлсүн.

**37. Фрунзе токой чарбасы боюнча**

**37.1.** Штаттан ашыкча 1 бирдикти кармоонун негиздүүлүгү каралсын.

**38. Талас токой чарбасы боюнча**

**38.1.** Жараксыз абалда турган автотранспорт каражаттарын эсептен чыгаруу, Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 **"**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө**"** токтомуна ылайык жүргүзүлсүн.

**39. Ак-Талаа токой чарбасы боюнча**

**39.1.** Токой чарбасынын балансындагы МТЗ-82 тракторун тиешелүү мамлекеттик органга каттоо жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтү боюнча**

**1.** Экологиялык посттордун иштешин жана көчмө булактардан, анын ичинен, чет мамлекеттердин транспорт каражаттарынан булгоочу заттарды абага чыгаргандыгы үчүн төлөмдөрдү алуу маселесин карооо сунушталат.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги боюнча**

**1.** Каржылоодо төмөндөгүлөр республикалык бюджетке чегерилсин:

- **Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган атайын каражаттар 1968,5 миң сом суммасында,** анын ичинен: Кочкор-Ата токой чарбасы боюнча – 1205,9 миң сом; Орток токой чарбасы боюнча – 11,9 миң сом; Тоскоол-Ата токой чарбасы боюнча – 741,5 миң сом; Баткен токой чарбасы боюнча – 3,0 миң сом; Үч-Коргон токой чарбасы боюнча – 6,2 миң сом.
- **222,7 миң сом суммасындагы мамлекеттик каражаттардын максатсыз пайдаланылышы,** анын ичинен:
  - Лейлек токой чарбасы боюнча 22,7 миң сом, атап айтканда, ар түрдүү чыгымдарга каралган каражаттар көмүр сатып алуу үчүн максатсыз пайдаланылган;
  - Республикалык жаратылышты коргоо жана токой тармагын өнүктүрүү фонду боюнча 200,0 миң сом, атап айтканда, Панфилов районундагы Ортоев айыл өкмөтүнө жашылдандыруу максатына бөлүнгөн 200,0 миң

сом каражат жашылдандыруунун ордуна кичи футбол талаасынын курчалышына, 6 даана отургуч жана контейнер сатып алууга максатсыз жумшалган.

**2.** 2018-жылдагы өздөштүрүүгө жүргүзүлгөн талдоону эске алуу менен, 2017-жылдын жыйынтыгы менен аныкталган 8707,4 миң сом суммасындагы товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлорун жана эсептердеги каражаттардын калдыктарын республикалык бюджетке чегерүү жөнүндө маселе каралсын, анын ичинен:

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору - 8545,4 миң сомду, анын ичинен:

  - отун менен камсыз кылуу боюнча ченемден ашыкча - 298,4 миң сомду;
  - запастык бөлүктөр боюнча ченемден ашыкча - 154,4 миң сомду;
  - күйүүчү майлар боюнча ченемден ашыкча – 21,3 миң сомду;
  - чарбалык материалдардын жана канцелярдык товарлардын корлору боюнча ченемден ашыкча - 8071,3 миң сомду;

- дебитордук карыздардын кредитордук карыздардан ашырылганы - 162,0 миң сомду.

**3.** 2018-жылдагы өздөштүрүүгө жүргүзүлгөн талдоону эске алуу менен, 2017-жылга Социалдык фонд төлөмүнө бюджет эсебинен 417,8 миң сомго ашыкча каржыланган сумманы республикалык бюджетке чегерүү жөнүндө маселе каралсын, анын ичинен: Жумгал токой чарбасы боюнча - 304,0 миң сомго; “Ысык-Көл” Мамлекеттик коругу боюнча - 63,1 миң сомго; Лейлек токой чарбасы боюнча - 50,7 миң сомго.

Аудиттин жыйынтыктары боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин катчылыгына, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына – отчет;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө – отчет жана сунуштама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине – жазма буйрук жана сунуштама;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигине – отчет, жазма буйрук жана сунуштама жөнөтүлсүн;

- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына тиешелүү чараларды көрүү үчүн, аудиттин төмөндөгү материалдары берилсин:

- 2017-жылдын 1-январынан тартып 2017-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Тоскоол-Ата токой чарбасында бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметаларынын, атайын эсептин кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча;

- “Хан Теңири” Мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына кардон-үй катары коюлууга тийиш болгон 7 даана контейнерлердин максатсыз пайдаланылышы боюнча;

- “Экологиялык экспертиза жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренисинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 7-майындагы № 248 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 12-13-пункттарынын аткарылбагандыгы боюнча.